Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ ИНСТИТУТУ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

КАСАБОЛОТОВА Г. А.

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ

## ЛЕКЦИЯЛАР КУРСУ

НАРЫН – 2026

УДК 37.01(043.3)
К 72

*С. Нааматов атындагы институттун магистратура бөлүмү басып чыгарууга сунуштаган*

**Жооптуу редактор:**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
***Д. Ж. Арыпбекова***

**Рецензент:**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
***Ж. Ж. Таштанкулова***

**К 72** **Билим берүүнүн философиясы:** Лекциялар курсу / *Түзгөн: Касаболотова Г. А.* – Бишкек: 2026. – 120 бет.

Лекциялар курсу жогорку педагогикалык окуу жайлардын магистранттары, аспиранттары жана жогорку курстарынын студенттери үчүн билим берүүнүн философиясы боюнча лекциялардын кыскача курсун камтыйт. Лекциялар курсунун материалы билим берүүнүн философиясы, окутуунун теориясы жана методикасы жаатындагы адистер тарабынан пайдаланыла алат. Окуу куралы педагогикалык ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн курстук, дипломдук иштерин, рефераттарын даярдоодо теориялык материалдын булагы катары да колдонула, ошондой эле билим берүүнүн философиясы боюнча тандоо курстарын иштеп чыгуу үчүн негиз катары да кабыл алына алат.

4603000000-05 УДК 37.01(043.3)

## МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ........................................................................4
1-лекция. Философия. Билим берүү.
Билим берүүнүн философиясынын предмети....................6
2-лекция. Адам. Адам теориясы ........................................19
3-лекция. Адамдын дарамети теориясы ............................27
4-лекция. Ишмердүүлүк тутум катары. Ишмердүүлүктүн типологиясы. Педагогикалык ишмердүүлүк......................35
5-лекция. Билим берүү. Коом. Инсан.
Билим берүүнүн социалдык-саясий болмушу (элиталык, эгалитардык (демократиялык жеткиликтүү) билим берүү) ..........................................................................46
6-лекция. Жогорку билим берүү социалдык-когнитивдик комплекс катары...........................................58
7-лекция. Мугалим билим берүү тутумунда ......................69
8-лекция. Окуу предмети билим берүү тутумунда............75
9-лекция. Билим берүүнүн усулдары менен каражаттарынын философиялык негиздери ......................90
10-лекция. Эдукогенез .......................................................97
Адабияттар..........................................................................119

# КИРИШҮҮ

Аталышынын көрүнгөндөй жөнөкөйлүгүнө жана түшүнүктүүлүгүнө карабастан, философиянын өзүнүн да, билим берүү институтунун да, дисциплинанын да байыркылыгына карабастан, «Билим берүүнүн философиясы» окуу курсу түптөлүү стадиясында гана турат. Билим берүүнүн философиясы узак (узун) тагдырга, бирок кыска тарыхка ээ деп айтууга болот. Дүйнөдөгү билим берүү философиясынын негиз салуучусу формалдуу түрдө англиялык-америкалык философ Джон Дьюи (1859-1952) болуп эсептелет. Орус философтору да билим берүүнүн философиясынын маселелерине көңүл бурушкан. Алсак, Россияда «тарбиялоонун жана билим берүүнүн философиясы» термини XIX кылымдын аягында пайда болгон. Аны биринчилерден болуп В. В. Розанов колдонгон. Ал 1899-жылы мындай деп жазган: «Биз дидактикага жана бир катар дидактикаларга ээбиз, биз дегеле кайсы бир өнөрдүнбү, көркөм өнөрдүнбү теориясы катары педагогикага ээбиз… Бирок биз тарбиялоонун жана билим берүүнүн философиясы деп атоого боло турган нерсеге, б.а. калган маданий факторлордун катарында жана адамзат табиятынын түбөлүктүү белгилери менен тарыхтын туруктуу милдеттерине карата билим берүүнүн өзүн, тарбиялоонун өзүн талкуулоого ээ эмеспиз жана ээлик кылбайбыз» (Гагаев А. А., Гагаев П. А. боюнча). Философтордун, билим берүүнүн теоретиктеринин билим берүүнүн философиясынын проблемаларына көңүл буруусу бул тематика боюнча жетиштүү сандагы китептердин, илимий макалалардын жарык көрүүсүнө шарт түзгөн. Натыйжада, билим берүүнүн философиясынын проблематикасын ча-

гылдыруу көптөгөн булактарда чачкын орун алган, ал эми «Билим берүүнүн философиясы» деген бирдей эле аталыштагы китептер, эреже катары, чагылтылган маселелердин тизмеси, аларды чагылтуунун мүнөзү ж.б.у.с. боюнча бири биринен олуттуу айырмаланышкан. Ошондуктан, билим берүүнүн философиясы боюнча сунушталып жаткан чакан лекциялар курсу ушул дисциплинанын мазмундук варианттарынын бири болуп саналат. Билим берүүнүн философиясынын предметин мүнөздөө, сыпаттоо үчүн биз философияны да, билим берүүнү да андан ары кароого ыңгайлуу өңүттө көрсөтөбүз.

## 1-ЛЕКЦИЯ.
## ФИЛОСОФИЯ. БИЛИМ БЕРҮҮ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ПРЕДМЕТИ

**Планы:**

1. **Философия**
2. **Билим берүү**
3. **Билим берүүнүн философиясынын предмети (ББФП)**

**1. Философия.** Философияны бүтүндөй дүйнөгө жана адамдын ошол дүйнөгө болгон мамилесине карата билимдердин, көз караштардын тутуму катары аныкташат. Бул тутумду баштапкы талдоо анын “Адам” жана “Дүйнө” деген чектик элементтерин бөлүп көрсөтөт, албетте, алар өздөрү эң татаал тутумдар болуп саналышат. Бирок талдоо муну менен эле бүтпөйт, анткени адам менен дүйнө “ишмердүүлүк” категориясы кучагына алган эң татаал мамилелер менен байланышат (адам дем алат, тамактанат, кыймылдайт, окуйт, иштейт, достошот, коомдо жашайт, дүйнөнү таанып билет жана өзгөртүп түзөт ж.б.у.с.). Башкача айтканда, философиянын предмети “ишмердүүлүк” негизги мамилесине ээ “Адам – Дүйнө” тутуму болуп чыгат (элементтерден жана алардын ортосундагы мамилелерден турат). Философиянын предметин мындай тутумдуу элестетүү жетишерлик универсалдуу, анткени бул жерден биз иш жүзүндө ар кандай философиялык тутум үчүн орун табабыз. Билимдердин тутуму катары философия “Адам – Дүйнө” тутумун изилдөөчү илим катары чыгат. Көз караштардын тутуму катары философия өзүнүн дүйнө көрүмдүк кызма-

тын аткарат (проблематика: дүйнө деген эмне (актуалдуу жана дараметтүү болмуштун бардык формаларынын жыйындысы); адам деген эмне (толук баалуу биопсихикалык, табигый негизи бар социалдык жандык); «Адам – Дүйнө» тутумунун негизги байланышы жана негизги мамилеси: адам дүйнөгө кирет, анын бир бөлүгү (дүйнөнүн болмушунун тарыхый, актуалдуу формаларынын бири) болуп саналат жана бир эле учурда адам дүйнөгө каршы турат, анын аң-сезимге ээ болгон жана дүйнө менен жогорку өз ара аракеттешүүнү – ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган, жогорку, актуалдуу өнүгүү формасы катары андан бөлүнүп коюлган. Адамдын дүйнө менен мамилелеринин мазмунундагы, формаларындагы, деңгээлдериндеги бардык чексиздик, окшош эместик, бардык айырмачылык текшере келгенде алар адамды дүйнө менен байланыштырган жана бир эле учурда дүйнөдөгү адамды анын мамилесинин жогорку, актуалдуу формасы – ишмердүүлүгү катары бөлүп көрсөткөн ошол негизги, чектик, түптүү мамилесинин түрлөрү, типтери, кырлары, элементтери, деңгээлдери ж.б.у.с. болуп чыгышат. Материя жана аң-сезим жөнүндө, дүйнөнүн таанылуучулугу жөнүндө, таанып билүүнүн мыйзамдары жөнүндө ж.б.у.с. түбөлүктүү философиялык суроолор мына ушундан келип чыгышат. Философияны азыркы түшүнүү акырындап, илимий билимдердин топтолуусуна, адамдын дүйнөнү руханий өздөштүрүүсүнүн усулдары менен ыктарынын иштелип чыгуусуна жараша калыптанган. "Адам – Дүйнө" тутумунун глобалдуулугу, чектүүлүгү, максималдуулугу өзү аны изилдөөнүн, түшүнүүнүн, өздөштүрүүнүн ж.б.у.с. ар түрдүү ыктарын сөзсүз туудурган жана туудурат. Бул сөзсүз бири биринен философтонуунун негиздери, артыкчылыгы

катары эмне тандалып алынганы менен айырмаланган ар түрдүү философиялык тутумдарды туудурган жана туудурат: дүйнө, адам, объективдүү, субъективдүү, материалдуу, руханий, илимийдин, ишеничтүүнүн же баалуулуктуунун, аксиологиялыктын басымдуулук кылуусу ж.б.у.с. Антсе дагы, бардык философиялык тутумдарды изилдөөнүн жалпы предмети – "Адам - дүйнө" тутуму бириктирет. Кыскача айтканда, философия адам кайда, качан жана канчалык төмөнкү суроолорго 1) “Адам – Дүйнө” тутуму өзү менен эмнени берет (философия билимдердин тутуму катары) жана 2) дүйнө таанылабы жана аны таанып билүү кандайча болуп өтөт, адамдын дүйнөгө болгон мамилеси кандай, адам дүйнөгө эмне үчүн келген, анын арналышы кандай ж.б.у.с. (философия көз караштардын тутуму катары) жооп издеген жерде, ошондо жана ошончолук пайда болот ошол жерде пайда болот жана орун алат. Мындай мамиледе ар кандай философиялык тутум, демек, дегеле философия сөзсүз түрдө бир катар кызматтарды аткарат (же, ага белгилер таандык, анын кырларын, маанилерин ж.б.у.с. бөлүп көрсөтүүгө болот): гносеологиялык (грек. gnosis – билим, таанып билүү, logos – окуу), методологиялык (грек. metodos – жол, ык), аксиологиялык (грек. axia – баалуулук) жана праксиологиялык (грек. praxis – иш-аракет, тажрыйба, практика). Адамдын дүйнө жөнүндө билгенинин баары анын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Философиянын гносеологиялык кызматы таанып билүү теориясында ишке ашырылган.

Методологиялык кызматы деп философиянын кучагында өстүрүлгөн жана адамдын таанып билүү ишмердүүлүгүндө ишке ашырылган диалектикалык усул же усулдар

түшүнүлөт: эксперимент, экстраполяция, дедукция, индукция, синтез ж.б.у.с. Адам дүйнө жөнүндө, конкреттүү объект жөнүндө билимдердин тутумун курат. Объектиге багытталган билим – бул теория (объектинин), адамга багытталган билим – бул усул (ал теорияны кантип курган). Философиялык изилдөөнүн эң күчтүү усулдарынын бири – карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү мыйзамына (карама-каршылык мыйзамына) негизделген уюлдаштыруу (поляризация) усулу. Бул мыйзам ар бир объектинин касиеттеринин, тенденцияларынын, кызматтарынын, сапаттарынын, көрүнүүлөрүнүн, кырларынын уюлдуулугун каттоого алат. Уюлдаштыруу усулунан, принцибинен ар кандай объектини анын уюлдук белгилеринин чегинде кароо, талдоо керектиги келип чыгат (башкаруу: “автократия – охлократия” (анын ичинде, мисалы, класстагы); билим берүү тутуму: “инсан – коом», «илим – окуу предмети», «милдеттүү – тандоо» ж.б.).

Дүйнөнү таанып жатып адам сөзсүз түрдө ага карата өзүнүн мамилесин иштеп чыгат, аны баалайт. Бул жерде философиянын баалоочулук, аксиологиялык кызматы берилген.

Адам дүйнөнү таанып гана койбостон, аны сөзсүз түрдө өзгөртүп түзөт. Дүйнөнү өзгөртүп түзүүгө болгон мамиле (мүмкүнчүлүк, зарылдык, максатка ылайыктуулук, чек аралар ж.б.у.с.) философиянын праксиологиялык кызматын берет.

Адам дүйнөдө жеке адам катары гана эмес, адамзат (качандыр бир кезде жашаган, жашап жаткан жана келечекте жашай турган бардык адамдардын жыйындысы), адам тукуму (адамдын аны дүйнөдөн бөлүп турган тукумдук-түр-

дүк сапаттарынын тутуму), коом катары да жашайт. Бизди коом кызыктырат. Бирок, адегенде, адамдын тукумдук-түрдүк сапаттары жөнүндө бир нече сөз айталы. Алардын ичинен эки чектик, универсалдуу, маңыздуу сапаттарды – адамдын керектөөлөрүн (каалайм, мага керек) жана жөндөмдүүлүктөрүн (жасай алам, билем) бөлүп көрсөтүшөт. Адамдын бардык башка сапаттары, касиеттери, мүнөздөмөлөрү түпкү эсепте адамдын керектөөлөрү менен жөндөмдүүлүктөрүнүн түрлөрү, модустары, формалары болуп саналышат: эрк, күч, шамдагайлык, каалоо, самоо, тырышчаактык ж.б.у.с. Адам өзүнүн көптөгөн тукумдук-түрдүк сапаттары, баарыдан мурда жекече ишмердүүлүктө, андан кийин өнүгүү процесиснде жана жыйынды – коомдук ишмердүүлүктө (адамдын дүйнө менен максатка ылайыктуу өз ара аракеттешүүсүндө) интеграцияланган маңыздуу керектөөлөрү жана жөндөмдүүлүктөрү аркылуу өзүнүн айланасында жалпы эле дүйнөнүн бир бөлүгү болуп саналган бөтөнчөлүктүү, адам жасаган дүйнөнүн курат. Бул – техника, бакчалар, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жаңы породалары, илим, көркөм өнөр, философия ж.б.у.с. Коом деп биз адам жасаган дүйнө менен биримдикте алынган бардык адамзаттыкты (демос) атайбыз.

Коом адамзаттык, коомдук ишмердүүлүктүн натыйжасында пайда болот. Биргелешкен ишмердүүлүк процессинде адамдар белгилүү бир мамилелерге киришет, алар өздөрүнүн тарыхый өнүгүүсүндө эң ар түрдүү типтеги, түрдөгү, деңгээлдеги коомдук мамилелердин формасын алышат: социалдык, инсан аралык, үй-бүлөлүк, достук, өндүрүштүк, педагогикалык, билим берүүчүлүк ж.б.у.с. мамилелер. Башка жагынан, тарыхый өнүгүү процессинде социалдык инс-

титуттар (үй-бүлө, билим берүү, илим ж.б.у.с.) деп аталган коомдук ишмердүүлүктүн өзүнүн тарыхый калыптанган формалары пайда болушат, калыптанышат жана өнүгүшөт.

Ошентип, ишмердүүлүк коомдун өзөгү, тутум түзүүчү фактору катарычыгат, коомду ишмердүүлүк туудурат. Ишмердүүлүктүн өзү, бир жагынан, коомдук керектөөлөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн биримдиги (ишмердүүлүктүн негизи) катары чыгат, ал эми башка жагынан – сөзсүз түрдө ишмердүүлүктүк (коомдук, социалдык) мамилелерди жана ишмердүүлүктүк (коомдук, социалдык) институттарды (ишмердүүлүктүн үстүндөгү курулмасын) туудурат. Айтылганды схема түрүндө төмөнкүчө берүүгө болот:

КООМ

МАМИЛЕЛЕР --------------- ИНСТИТУТТАР

ИШМЕРДҮҮЛҮК

КЕРЕКТӨӨЛӨР ------------ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР

Коомдогу ишмердүүлүктү, керектөөлөрдү, жөндөмдүүлүктөрдү, мамилелерди жана институттарды коомдун негизги социалдык чөйрөлөрү же негизги социалдык константалары деп аташат.

Эгерде биз өзүбүздүн карообузда карапайым түз сызыктуулукка айлануучу сызыктуулуктан качууну кааласак, бул жерде биз үчүн, биринчиден, коомдун социалдык константаларынын өзүн, экинчиден, билим берүү тутумун социал-

дык институт катары типтештирүү үчүн негиздин болушун жана, акырында, үчүнчүдөн, логикалык кадамдардын минималдуу саны жүзөгө ашырылганын (эки: ишмердүүлүк эмнеге негизделет жана ал эмнени туудурат) жана түшүнүктөрдүн, социалдык константалардын минималдуу мүмкүн болуучу, жол берилген саны (беш) ажыратылганын бөлүп көрсөтүү маанилүү.

Адам толук баалуу табигый субстанциясы (негизи) бар коомдук жандык катары коомдун мыйзамдарына ылайык жашайт жана аракеттенет. Башкача айтканда, адам белгилүү бир этикалык, эстетикалык, саясий, өндүрүштүк, техникалык, илимий, экологиялык, экономикалык ж.бу.с. ченемдерди, стандарттарды, үрп-адаттарды, технологияларды, эрежелерди, мыйзамдарды, нускамаларды ж.б. эске алууга, аларды карманууга жана аларга баш ийүүгө аргасыз. Эң ар кыл түрдөгү, типтеги жана деңгээлдеги бардык ушул ченемдердин, стандарттардын, ишмердүүлүктүн, жүрүм-турумдун эталондорунун, технологияларынын, усулдарынын, методикаларынын, өндүрүш эрежелеринин ж.б.у.с. жыйындысын коомдун социалдык-маданий программалары (СМП) деп аташат. СМП тарыхый жактан өтмө экени түшүнүктүү.

Башка жагынан, адам социалдык-маданий программаларды сактап, эске алып жана өздөштүрүп, муну алардын негизинде ал максаттарды аныктаган жана койгон, аларга жетишүүнүн өзүмдүк траекториясын аныктаган өзүнүн генетикалык, психофизикалык, этнопсихологиялык мүмкүнчүлүктөрүн жана элестетүүлөрүн эске алып жана аларга ылайык жасайт, мунун натыйжасында анын өнүгүүсү болуп өтөт. Адамдын коомдогу жекече ишмердүүлүгүнүн ал койгон максаттарга жетишүү боюнча максатты болжоо ме-

ханизмдеринин, ыктарынын, усулдарынын, ыкмаларынын ж.б.у.с. жыйындысын адамдын инсанга багытталган программалары деп аташат. Инсанга багытталган программалар адамдын тырышчактык, көрөгөчтүк, сабаттуулук, жөндөмдүүлүк, мамилечилдик өңдүү айырмалуу сапаттары менен белгилеринин, анын көз караштары менен орнотмолорунун бүткүл гаммасын камтышары ачык-айкын.

**2. Билим берүү.** Педагогикада билим берүүнү мурунку муундар тарабынан кийинки муундарга социалдык маанилүү тажрыйбаны үзгүлтүксүз берүүнүн коом тарабынан уюштурулуучу жана ченемделүүчү, адамдын калыптануу (анын инсанга айлануу) процессин чагылдыруучу процесси катары карашат.

Биз үчүн билим берүүнүн философиялык маңызын бөлүп алуу маанилүү. Ушул максатта бул аныктаманы логиканын турумунан талдайбыз. Бул жерде табигый түрдө төмөнкү тутум түзүүчү түшүнүктөр көрүнүшөт жана бөлүнүшөт.

Трансляция (...өткөрүп берүү … процесси...).

Маданият (коомдун социалдык-маданий программаларынын бүткүл байлыгын камтыган ...социалдык маанилүү тажрыйба...). Бир нече түшүндүрмөлөрдү жасайлы. Маданият деп биз адам тукуму үчүн оң мааниге ээ болгон, коомдун жана адамдын объективдүү өнүгүү процесси көз карашынан баалуу болуп саналган коомдук тажрыйбанын мазмунун түшүнөбүз (маданият деген оң коомдук түзүлүштөрдүн тутуму). Маданияттан анын үч катмарын же үч түрүн бөлүп көрсөтүшөт: маалыматтык маданият (бардык типтердеги жана деңгээлдердеги билимдер, теориялар, божомолдор, элестетүүлөр, түшүнүктөр, аныктамалар ж.б-.у.с.: билем); операциялык маданият (бардык типтердеги

жана деңгээлдердеги эрежелер, ыкмалар, усулдар, технологиялар, ченемдер ж.б.у.с.: билем, кыла алам) жана мотивациялык маданият (бардык типтердеги жана деңгээлдердеги турумдар, мамилелер, багыт алуулар, ынанымдар, каалоолор, тартылуулар, максаттар, кызыкчылыктар ж.б-.у.с.: каалайм, ынанам). Жеке алсак, мотивациялык бөлүмдө Жакшылык, Акыйкаттык, Сулуулук, Адилеттик ж.б.у.с. жалпы адамзаттык баалуулуктар орун алышкан.

Коом, социум (...коом тарабынан уюштурулган...). Биз буга чейин коом жөнүндө айтканбыз. Ага коомдогу социалдыктын бардыгын киргизишкен социум түшүнүгү да көп учурайт. Социум – бул адам жасаган материалдык тутумдарсыз (технотутумдарсыз, экотутумдарсыз ж.б.у.с.) коом деп айтууга болот.

Билим берүү түшүнүгүнүн мазмунунда билим берүүнү, билим берүү ишмердүүлүгүн ченемдештирүү шайманы жабык түрдө катышат, ал коомдогу бийлик институту – мамлекет гана боло алат, мейли өзүнүн архаикалык, алгачкы адам коомундагы өнүкпөгөн формаларында болсо да.

Калыптануу түшүнүгү «Адам – Коом» оппозициясын (инсанга багытталган жана социалдык-маданий программаларды) жоюунун модустарынын (түрлөрүнүн) бирин берет да, ошондуктан туунду болуп саналат. Мындан ары биз инсандын калыптануусунун ордуна анын социалдашуусу (ага социалдык тажрыйбаны өткөрүп берүү жана анын аны өздөштүрүүсү жолу менен адамды социалдык мамилелерд н колдо бар тутумуна киргизүү) жөнүндө сөз кылабыз, бул түшүнүктү «Адам – Коом» оппозициясын жоюунун маңызын жана механизмдерин кыйла адекваттуу чагылдыруучу катары артык көрөбүз.

Жогоруда айтылгандар билим берүү тутумунун төмөнкүдөй философиялык түшүндүрмөсүн берүүгө жол ачат:

Билим берүү адамды социалдаштыруу максатында тарыхый шартталган, ченемделген коомдогу маданиятты өткөрүп берүүнү (трансляциялоону) берет.

**3. Билим берүүнүн философиясынын предмети (ББФП).** Билим берүү тутум катары, бүтүндүктүү объект катары билим берүүнүн теориясы – эдукология (лат. educo – тарбиялоо, билим берүү; грек. logos – сөз, окуу) тарабынан изилденет. «Билим берүүнүн» объектисинде, дегеле ар кандай башка объектидегидей эле, ушул объектинин предметтери деп аталган башка объектилер менен мамилелердин көптөгөн кырлары, кубулуштары, элементтери, ракурстары, кесилиштери ж.б.у.с. бар. Алсак, билим берүүнүн экономикалык кырын (предметин) билим берүүнүн экономикасы, тарбиялык кырын (предметин) – педагогика, окутуу теориясын (предметин) – дидактика, конкреттүү дисциплиналарды окутуунун теориясын жана методикасын (предметин) – жеке методикалар изилдешет ж.б. Билим берүүнүн философиясынын изилдөө объектиси объект катары, бирдиктүү тутум катары билим берүүнүн өзү болот. Бирок билим берүүнүн философиясы ушул объектини өз турумдарынан, билим берүүнүн өзүнө таандык кырын, өзүнө тийиштүү предметин изилдейт. Ал кайсыл?

Албетте, философиянын предметин жогоруда айтылган философиянын предметтерин жана билим берүүнүн маңызын катнаштыруу аркылуу аныктоого аракеттенүү. Эгерде кеп философия жөнүндө жүрүп жатса, анда предмет өзүнө элементтердин бири катары адамды камтыган кайсыл бир тутум катары чыгууга тийиш. Эки башка элементтер – бул

коомдун социалдык институту катары билим берүүнүн өзү жана коомдун өзү экендиги ачык-айкын. Акырында, билим берүүнүн социалдык институтка айлануусу жана анын кызмат кылуусу ченемдештирүү шаймандарынын булагы катары мамлекетсиз мүмкүн эмес. Анан калса бул жерде «Мамлекет» категориясы адам коомунун тарыхый калыптануусунун бардык этаптарында социалдык ченемдештирүүнүн бардык булактарын өзүнө камтыган кеңири тарыхый өлчөмдө каралат.

Ошентип, билим берүүнүн философиясынын предмети анын негизги элементтери Адам, Билим берүү, Коом, Мамлекет элементтери болгон тутум болуп саналат, аны төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

ББФП = {Адам, Билим берүү, Коом, Мамлекет}

Бул тутумдун элементтери так жазылган, ал эми негизги мамилеси маданиятты өткөрүп берүү болуп саналат, ал бул жерде келип чыккан мамилелердин бүткүл татаал гаммасын жана билим берүүнүн философиясынын проблематикасын берет: билим берүүнүн аныктагычтары, билим берүүнүн мазмунунун кыймылдаткыч күчтөрү жана булактары, билим берүү тутумундагы мугалимдин жана окуучунун ролу, адам жана коом үчүн билим берүү, билим берүү тутумундагы билим берүүнүн, ишмердүүлүктүн генезиси (окутуу, тарбиялоо, билим берүү технологиялары ж.б.) ж.б.у.с.

ББФП тутумдуу элестетүүнүн негизги мамилеси катары маданиятты өткөрүп берүү, албетте, экинчиликтүү, туунду мамилелердин сериясына ээ болот. Мисалы, коомдун, мамлекеттин жана адамдын ортосундагы билим берүүнүн мазмунун жана каржыланышын уюштуруунун, аныктоонун форматтары боюнча мамилелер. Экинчиликтүү мамиле-

лердин ортосундагы теңдем билим берүүнүн кызмат кылуусунун тарыхый, саясий жана социалдык-экономикалык шарттары менен аныкталат.

Бул – ББФП тутумдуу элестетүү. Башка жагынан ББФП башкача, мазмундуу элестетүүгө болот: билим берүүнүн философиясы билим берүүнүн кызмат кылуусунун маңызын, чектик, терең негиздерин жана аныктагычтарын бөлүп алат жана изилдейт. Бул төмөнкү суроолорго жоопторду издөө жана жоопторду өздөрү: билим берүү деген эмне (билим берүүнүн онтологиясы), адамга билим берүү эмне үчүн, эмнеликтен (билим берүүнүн аныктагычтары, кыймылдаткыч күчтөрү, максаттары жана кызматтары), эмнеге (билим берүүнүн мазмуну), ким (мугалим), кантип (билим берүүнүн логикасы жана методологиясы: билим берүүнүн каражаттары, усулдары, технологиялары), кайда, кандай формаларда (билим берүү мекемелери, билим берүүнүн деңгээлдери) болуп өтөт, жүргүзүлөт, агып өтөт, жүзөгө ашырылат ж.б.у.с. Башкача айтканда, билим берүүнүн философиясы адамдын калыптануусунун маңызын, маанисин, максаттарын, шарттарын, усулдарын жана формаларын караштырат. Бул контекстте билим берүү жөнүндө ой жүгүртүп, философия (билим берүү) адам жөнүндө ой жүгүртөт.

Контекстке жараша ББФП элестетүүнүн ар бир ыгы өзүнүн артыкчылыктарын көрсөтөт. Алсак, мисалы, тутумдуу элестетүү билим берүү менен катнаштырылган бардык мүмкүн болгон тутумчаларды көрүнүүчү кылат: "Адам – Билим берүү", "Билим берүү – Коом", "Билим берүү – Мамлекет", "Адам – Билим берүү – Коом", "Адам – Билим берүү – Мамлекет", «Билим берүү – Коом – Мамлекет». ББФП маз-

мундук элестетүү андагы экинчиликтүү мамилелерди ачык көрсөтөт.

Эгерде проблемага жана мамлекеттин ролуна байланышкан бардык суроолор саясат таануунун суроолору экенин эске алсак, анда билим берүүнүн философиясынын проблематикасын баштапкы баалоо эле эки негиз болжоочу проблеманы бөлүп көрсөтөт деген негиздүү тыянакты чыгарууга болот: биринчиси – билим берүүнүн адамдын жашоосундагы орду жана ролу; экинчиси – билим берүүнүн коомдун турмушундагы орду жана ролу. Баяндоо процессинде биз билим берүүнүн философиясынын проблематикасын өнүктүрөбүз, кеңейтебиз, тактайбыз жана конкреттештиребиз, бирок, түпкү эсепте бардык негизги "философиялык-билим берүүчүлүк" проблемалар жогоруда аталган экөөнүн чектерине такалышат, салынышат.

Кеңири маанидеги философиядагыдай эле, билим берүүнүн философиясынан биз гносеологиялык, методологиялык, аксиологиялык жана праксиологиялык кызматтарды бөлүп көрсөтөбүз.

Билим берүүнүн философиясынын гносеологиялык кызматы коомдогу билим берүү тутумун философиялык аңдап-түшүнүүдө ишке ашырылган: келип чыгуусун аныктагычтар, түзүмү, кыймылдаткыч күчтөрү ж.б.у.с.

Методологиялык кызматы билим берүүнүн теориясында, педагогикада ж.б.у.с. колдонулуучу изилдөөнүн усулдарынын, принциптеринин философиялык макамын ачып берет: тарбиялоонунун, окутуунун негиздерине байкоо жүргүзүү, педагогикалык эксперимент, философиялык талдоо ж.б.у.с.

Билим берүүнү таанып, философиялык жактан изилдеп, адам ага карата өзүнүн мамилесин сөзсүз түрдө калыптан-

дырат, аны баалайт, ар түрдүү билим берүү тутумдарын убакытта жана мейкиндикте салыштырат, билим берүүнүн баалуулуктарынын табиятын жана булактарын айкындайт, билим берүүнүн кайсы бир идеалын иштеп чыгат жана калыптандырат. Бул жерде билим берүүнүн философиясынын аксиологиялык кызматы берилген.

Адам билим берүүнү таанып гана койбостон, аны билим берүүнүн идеалына ылайык өзгөртүп түзүүгө (өзгөртүүгө, алмаштыруу ж.б.у.с.) да аракет кылат. Билим берүүнү өзгөртүп түзүүгө болгон мамиле (мүмкүнчүлүк, зарылдык, максатка ылайыктуулук, чек аралары ж.б.у.с.) билим берүүнүн философиясынын праксиологиялык кызматын берет (билим берүүнүн философиясынын праксиологиялык кызматынын көрүнүшү билим берүүнү реформалоо түшүнүгү болуп саналат).

## 2-ЛЕКЦИЯ. АДАМ. АДАМ ТЕОРИЯСЫ

**Планы:**

1. **Адам**
2. **Дараметтүү адам**
3. **Актуалдуу адам**

**1. Адам.** Адамга билим берүү, тарбиялоо жана окутуу адамдын табиятын түшүнүүдөн, анын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жана чек араларын билүүдөн көз каранды. Ошондуктан билим берүүнүн философиясынын жерпайында адам жөнүндө окуучу (тарбия링ануучу, окутулуучу: мектепке чейинки курактагы бала, мектеп окуучусу, студент) жана мугалим (тарбиячы, окутуучу: мектепке чейинки мекеменин

тарбиячысы, мектеп мугалими, университеттин профессору) катары билим жатат. Адамды түшүнүүнүн дүйнөлүк философияда берилген түшүнүктөрү, аныктамалары жана варианттары өтө ар түрдүү. Биз алардын бирөөнү кармана-быз.

**Адам** – бул изилдөөнүн универсалдуу объектиси, бардык ойго келүүчү теориялык жана практикалык проблемалардын чордону. Эгерде дүйнө өнүгүп жатса, анда адам дүйнөлүк процесстин абалынын эң жогорку формасы катары чыгат. Атактуу орус философу В. В. Ильин адамды дүйнөдө өзүн бекемдөөнүн чыгармачыл, мотивациялуу, рефлексиядан жогору ыгы бөлүп турарын баса көрсөтөт. Ал жаңы болмушту туудуруп, колдо бардын чегинен чыгууга умтулат, керектүү нерсеге умтулат. Адамдын белгиленген чектен чыгууга жөндөмдүүлүгү анын дүйнөдөгү “башкачалыгын” мүнөздөйт. Адам – өзү баалуулук жана өзү максат, органикалык да, коомдук да жаралгалардын эң жогорку сапаты, ролу.

Адамды ушундай түшүнүүдө өнүгүү идеясы камтылган: болмуштун жогорку формалары төмөнкүлөрүнө негизделген, аларды өзүндө алынган түрдө камтыйт. Болмуштун кыйла жогорку формаларын изилдеп жатып биз кыйла төмөнкү формалардын маңызын түшүнүүгө карай алга жылабыз. Демек, адамды, анын болмушунун бардык формаларын изилдөө менен биз Дүйнөнү изилдейбиз, анын терең маанисин түшүнөбүз.

Айтылганды кыскача болмуштун өнүгүүсүнүн негизги деңгээлдеринин онтогенетикалык схемасы түрүндө берүүгө болот:

| Болмуштун формалары<br><br>Параметри | 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|---|
| Түрдүк субстраты | Жансыз тутумдар | Жандуу тутумдар | Социалдык тутумдар |
| Жеке субстраты | Дене | Организм | Адам |
| Кызматы | Өз ара аракеттешүү | Жашоо ишмердүүлүгү | Ишмердүүлүк |
| Аныктоо | Мыйзамга ылайыктуулук | Генге ылайыктуулук | Максатка ылайыктуулук |

Дүйнөнүн өнүгүүсү адамдын пайда болуусуна алып келет. Коомдук тутумдардын пайда болуусу жана өнүгүүсү, бир жагынан, адамдын өнүгүүсүнүн натыйжасы, башка жагынан, анын өнүгүүсүнүн ыгы болуп чыгат. Бул сапатта коомдук тутумдардын тарыхый өнүгүүсү объективдүү түрдө адамдын өнүгүүсүнө багыт алган.

Мына ушундан мааниси эбегейсиз зор тыянак келип чыгат: адам коомдук прогрессти баалоонун универсалдуу чен-өлчөмү болуп чыгат.

Бул чен-өлчөм билим берүү тутумдарын баалоого да колдонулат, өзгөчө, эгерде кеп билим берүү тутумун жаңылоо, модернизациялоо, реформалоо жөнүндө жүрүп жатса: адамдын өнүгүүсүнө иштебегендин бардыгы ыргытып таштоого, анын өнүгүүсүнө түрткү болгондун бардыгы күчөтүүгө, жаңылоого, киргизүүгө жатат.

Мунун баарына карабастан, адам бүгүнкү күндө эң аз изилденген объект болуп саналат. В. В. Ильин «өзүнүн иштелгендиги, маанилүүлүгү, мааниси боюнча табият таануу

илимдеринин методологиясы менен салыштырууга болорлук ...гуманитардык илимдердин (биринчи кезекте философиялык антропологиянын) адистештирилген доктринасынын...» жоктугун көрсөтөт.

Адамды эң ар түрдүү илимдер: анатомия, психология, социология, медицина, педагогика, эстетика, саясат таануу ж.б.у.с. изилдешет. Бул сөзсүз адамдын илимий портретин бүтүндүгүнөн ажыратат, ал портретти үзүл-кесил кылат. Адамдын ажырагыс илимий портрети, адамдын теориясы азыркыга чейин жок, мындай теорияны түзүү түптөлүү стадиясында турат. Анан иштин жөнү мындай иштин зарылдыгы аңдалбай жаткандыгында эмес. Иштин жөнү – адамдын объекти катары өтө татаалдыгында. Бул татаалдык чексиз өсө берет, анткени адамды кайра эле адам изилдөөгө тийиш. Б.а. адамдын өзүн-өзү аңдоосу, адамдын рефлексиясы талап кылынат, адам жөнүндө илимий билимдер гана эмес, адамдын дүйнөдө пайда болуусун, анын дүйнө жана өзү менен болгон мамилесин баалоо дагы керек. Адамды мындай изилдөө философиянын алкагында гана мүмкүн болот. Б.а. адам теориясы – бул философиянын бир бөлүмү, философия илими. Учурда бир катар илимий адистиктерде бул илим философиялык антропология (грек. anthropos – адам) катары берилет. Адамдын теориясынын маселелерин Нижний Новгород шаарынын философтору жана баарыдан мурда профессор Л. А. Зеленов жана анын мектеби активдүү иштеп чыгып жатышат.

Ошентип, эгерде биз билим берүүнүн философиясын («Адам – Билим берүү – Коом – Мамлекет» тутумунун терең, чектик касиеттерин) изилдесек, анда индивид катары, адам тукумунун жеке өкүлү катары адамды философиялык

сүрөтүн, философиялык портретин берүүбүз абзел.

Адамды изилдөөгө карата философиялык мамиле аны «объект» деген кеңири түшүнүккө кошууну болжойт. Объектини талдоонун генетикалык (грек. genesis – келип чыгуу, калыптануу) принциби (болмуштун жоктугу – келип чыгуу – калыптануу – кыйроо) адамга карата колдонулганда анын жашоо жолу жөнүндө түшүнүккө алып келет: төрөлүү, калыптануу, өнүгүү, тагдыр, өлүм ж.б.у.с. Адам өзүнүн өмүр жолу боюнча алга жылып ар кандай өзгөрүүлөрдү, кубулууларды, метаморфозаларды баштан кечирет, бир абалдан экинчи абалга өтөт. Адамдын теориясында ири мерчемде адамдын эки абалы бөлүнүп көрсөтүлөт:

1. Дараметтүү адам.
2. Актуалдуу адам.

Адамдын аталган абалдарын бөлүп көрсөтүү билим берүүнүн философиясына түздөн-түз тиешелүү болот. Адамдын ар бир абалына кыскача философиялык мүнөздөмө берели.

**2. Дараметтүү адам.** Толук баалуу биопсихикалык субстраты бар коомдук жандык катары адам түшүнүгү эки түзүүчүгө, эки сапатка – биологиялык (тагыраак айтканда, биопсихикалык) жана социалдык сапатка ээ болот. Дараметтүү адам түшүнүгүнүн кош мерчемдүүлүгү мына ушундан: 1) адамдын биологиялыкка чейин – төрөлүү актысына чейин бар болуусу, ал адамдын ата-бабаларынын генетикалык программалары менен аныкталган жана 2) адамдын социалдыкка чейин бар болуусу – төрөлгөн адам гана адам болуп калууга тийиш, ал азырынча «адам болууга талапкер» гана. Билим берүү көз карашынан алганда, биз адамдын социалдык түзүүчүсүнө көңүлдү топтоштурабыз. Социалдык

түзүүчүнүн проблемасын ашыра баалоо кыйын. Анткени, анын таза адамдык, б.а. коомдук сапаттары генетикалык каналдар аркылуу өткөрүп берилбейт, алар калыптандырууга жатышат. Ал эми бул – билим берүүнүн эң башкы, негизги кызматы. Демек, ушул этаптан эле биз чыныгы билим берүүнүн көптөгөн проблемаларынын башатын табабыз: билим берүү мекемелеринин тармагын алардын бардык инфратүзүмү (кадрлык, каржылык, материалдык-техникалык камсыздоо ж.б.у.с.) менен, келечектеги билим берүүнүн мазмунун, педагогикалык кадрларды даярдоонун мазмунун жана тутумун узак мөөнөттүү мерчемдөө ж.б.у.с.

**3. Актуалдуу адам.** Социалдык мааниде адам тукумунун өкүлү катары адам социалдашуу процессинде – адамзат маданиятын, бүткүл коомдук тажрыйбаны өткөрүп берүү жана өздөштүрүү (сиңирүү, ыйгаруу) процессинде калыптанат. Билим берүү түшүнүгүнүн мазмунунун бүткүл толуктугу дал ушул жерде бар: билим берүү социалдаштыруунун негизги институттук (билим берүү=социалдык институт) формаларынын бири болуп чыгат.

Адамды социалдаштыруу анын бүткүл өмүрү ичинде, ар түрдүү – уюштурулган жана уюштурулбаган формаларда, ар түрдүү тереңдикте, мазмунда, ылдамдыкта ж.б.у.с. жүзөгө ашырылат. Бул учурда социалдаштыруу процесиснде сөзсүз анын этаптары бөлүнүшөт. Социалдаштыруу мезгилинин төмөнкү үч этабын ири мерчемде бөлүп көрсөтүү ыңгайлуу.

**Идентификация (индивид катары актуалдуу адам).** Бул этапта жаңы гана төрөлгөн адам бардык адамдарга, бүткүл адам тукумуна таандык жалпы нерсеге ээ болот (өзүн адам тукумуна окшоштурат): байланыштын негизги каналын жана ыгын – кепти өздөштүрөт, басканды үйрө-

нөт, коомдук турмуштун негизги эрежелерин жана жүрүм-турумдун ченемдерин (санитардык-гигиеналык, моралдык-этикалык ж.б.у.с.), дүйнөнү өздөштүрүү ыктарынын башталмаларын (көркөмдүк-элестик, логикалык-түшүнүктүк) ж.б.у.с. өздөштүрөт. Жалпы балага ар бир адамдын кайталангыстыгын, өзгөчөлүгүн генетикалык жактан берген биопсихикалык субстратта (дене түзүлүшү, бою, терисинин, көзүнүн, чачынын түсү, басыгы, үнү, дактилоскопиялык картасы, психикалык тиби ж.б.у.с.) берилет жана сиңирилет. Генетикалык жактан берилгендин жана адамдагы жалпынын биримдиги индивид түшүнүгү менен камтылат. Индивиддин калыптануусу идентификация процессинде болуп өтөт. Шарттуулуктун белгилүү бир үлүшү менен идентификация мезгилин мектепке чейинки курак (6-7 жашка чейин) менен чектөөгө болот.

**Жекечелештирүү (жекечелик катары актуалдуу адам).** Социалдаштыруунун биринчи этабында эле индивид социалдык сапаттарга ээ кылынат. Индивиддин сапаттарынын байлыгы андан аркы социалдаштыруу процессинде адамдын аны адам тукумунан бөлүп көрсөткөн социалдык жактан кайталангыс, оригиналдуу, бөтөнчө, өзгөчө сапаттарынын калыптануусу менен өнүгүүсү болуп өткөн ошол негиз болуп саналат: ой жүгүртүүнүн ылдамдыгы, ишмердүүлүктүн тигил же бул түрүнө шыктуулуктар, жөндөмдүүлүктөр, мүнөздүн касиеттери ж.б.у.с. Адамдын кайталангыстыгы, өзгөчөлүгү жекечелик түшүнүгү менен аныкталат. Кайра эле белгилүү бир шарттуулук менен жекечелештирүү (жекечеликтин калыптануу) мезгилин мектеп курагына (6-7 жана 16-17 жаштарга) таандык кылууга болот.

**Персоналдаштыруу (инсан катары актуалдуу адам).** Персоналдаштыруу бүтүндөй социалдаштыруу процессинин максаты болуп саналып, социалдаштыруунун үчүнчү – эң жогорку баскычын берет. Персоналдаштыруу этабында инсан – коомдук активдүү адам, адамзат тарыхынын субъектиси калыптанат. Инсан – адамзаттын жеке өкүлү катары адамдын чектик, жогорку абалы. Дал ушул персоналдаштыруу этабында адамдын өнүгүүсү өзүн өнүктүрүү формасын алат (билим берүү – өзү билим алуу, тарбиялоо – өзүн тарбиялоо, ишмердүүлүк – өздүк ишмердүүлүк ж.б.у.с.). Белгилүү бир даражада персоналдаштыруу адамдын өмүр жолунун бүткүл өздүк ишмердүүлүктүү, өз алдынча бөлүгү менен дал келет. Ал эми адамды социалдаштыруунун институттук формасы катары билим берүүгө келсек, анда персоналдаштыруу билим берүүнүн, өзгөчө жогорку билим берүүнүн кесиптик фазасына, демек, 17-18 жаштан 22-23 жашка чейинки куракка туура келет.

Жогоруда айтылгандарга төмөнкүлөрдү кошумчалоо керек: 1) актуалдуу адам теориясы “жалпы” (индивид), “жеке” (жекечелик), “өзгөчө” (инсан) философиялык категориялары менен берилген тутумдун чектеринде ачылат жана 2) билим берүү тутуму адамдын калыптануусунун эң маанилүү шаймандарынын бири.

## 3-ЛЕКЦИЯ. АДАМДЫН ДАРАМЕТИ ТЕОРИЯСЫ

**Планы:**

1. **Адамдын дараметы**
2. **Керектөө теориясы**
3. **Жөндөмдүүлүк теориясы**

**1. Адамдын дарамети.** Төрөлгөн бала али коомдук маанide адам болуп саналбайт («адамга талапкер»), ал социалдык адамдык сапаттарга ээ эмес. Бул сапаттар ата-энелерден, ата-бабалардан өткөрүп берилбейт, анан калса бала пайда болгон коомдон өткөрүлүп берилбейт. Бирок бала жаныбар дагы эмес! Бул жерде эки тыянак маанилүү:

1) коомдон тышкары бала эч качан адам болуп калбайт;

2) эч кандай жаныбарлар чөйрөсүндө бала эч качан жаныбарга айланбайт («Маугли синдромунун» мисалдары).

Башкача айтканда, бала али «адам» эмес, азырынча дараметтүү адам гана: ал социалдашуу процессинде гана таза адамга, социалдык маанидеги адамга айланат. Башка жагынан, ал баары бир "адам", анткени анда – ар кандай жаныбардан айырмаланып – адам болуу мүмкүнчүлүгү генетикалык жактан салынган.

Ошентип, калыптанып жаткан адамды баштапкы талдоо анда дараметтин барлыгын көрсөтөт. Биздин милдетибиз – адамдын дараметине философиялык талдоо жүргүзүү. Адамдын дарамети өзү туруктуу, катып калган нерсе эмес экени түшүнүктүү. Ал адамдын социалдашуусунун жүрүшүндө өнүгөт жана ишке ашырылат.

Адамдын дараметинин курамына сөзсүз өзүнүн биологиялык (денеси, колдору, буттары, башы, жүрөгү, сезүү ор-

гандары ж.б.у.с.) жана психикалык (ой жүгүртүү, кеп, эс тутум ж.б.у.с.) сапаттарынын бүтүндүгү катары ал өзү кирет. Адамдын биологиялык, физиологиялык, психикалык сапаттарынын биримдигин анын биопсихикалык субстраты деп аташат (лат. substratum – төшөлмө). Дал ушул адамдын биопсихикалык субстратында анын бардык кыйла жогорку даражадагы дараметтүү сапаттары, анын дарамети негизделген. Адамдык сапаттарды чексиз санаса болот. Бардык ошол сапаттардын ичинен негизги, чектик, тукумдук, маңыздуу сапаттарды бөлүп алуу максатка ылайыктуу. Адамдын мындай тукумдук, маңыздуу сапаттары анын керектөөлөрү менен жөндөмдүүлүктөрү болуп саналат. Адамдын касиеттерин жана сапаттарын (эрк, максатка умтулгандык, билимдер, орнотмолор ж.б.у.с.) кылдат талдоо алардын баары түпкүлүгүндө эң ар түрдүү деңгээлдеги адамдын керектөөлөрү менен жөндөмдүүлүктөрүнүн ар кандай иреттеги түрлөрү, модустары, айкалыштары болуп саналарын көрсөтөт. Бала үчүн керектөөлөр менен жөндөмдүүлүктөр биринчи этапта турмуштук керектөөлөр жана жашоо жөндөмдүүлүктөрү формасында чыгышат.

**2. Керектөө теориясы.** Керектөө – бул адамдын дараметин түзгөн анын эки тукумдук, маңыздуу күчтөрүнүн бири. Тукумдук – анткени ал бардык адамдарга таандык, маңыздуу – анткени ал адамдын өтө маанилүү, терең, башкы сапатын билдирет. Керектөө адамдын ишмердүүлүгүнүн кыймылдаткыч күчү, аракетке келтирүүчү механизми болуп саналат. Адамдын керектөөлөрүнүн прототиби тирүү организмдердин жашоого болгон керектөөсү болуп эсептелет. Адамдын керектөөсү өзүнө турмуштук керектөөлөрдү да камтыйт, бирок анда ал социалдаштырылган (та-

мак жасоо, табигый муктаждыктарын ишке ашыруу, адам тукумун улантуу ж.б.у.с.). Мындан керектөө – бул адамга, социалдык тутумдарга таандык социалдык түзүлүш экенин көрөбүз.

**Керектөө** – бул адамдын колдо бар, факт жүзүндөгү жана талап кылынган абалдарынын макулдашпагандыгы менен аныкталган объективдүү абалы.

Мындан бир катар түшүндүрмөлөр (лат. explicatio – түшүндүрүү, жайылтуу) келип чыгат:

1. Керектөө объективдүү, демек жеке адам тарабынан аңдалбашы да мүмкүн;

2. Керектөө – бул карама-каршылык;

3. Керектөө – бул адам болмушунун абалы, б.а.чени, демек убакыт менен байланышкан;

4. Эгерде керектөө убакыт менен байланышкан болсо, анда биз дараметтүү менен иш алып барабыз. Эгерде убакыттын өтүшү менен адамдын колдо бар абалы өзгөрүп, талап кылынган абалга өтсө, анда биз керектөө канааттандырылды деп айтабыз, адам болмушунун чеңеми өзгөрөт. Керектөөнүн социалдык маңызына жараша адамдын өнүгүүсү болуп өтөт же болуп өтпөйт, прогресс же регрессия болуп өтөт. Адамдын керектөөлөрүнүн мүнөзү, аларды канааттандыруунун ыктары – адамдын өнүгүүсүнүн, анын дараметинин өнүгүүсүнүн негизи.

5. Философиялык көз караштан алганда, адамда көп эмес, бир универсалдуу керектөө бар, анын негизинде ишмердүүлүк процессинде болмуштун ар түрдүү ыктары, адамдын бир универсалдуу керектөөсүнүн ар түрдүү метаморфозалары (грек. meta – кийин, артынан, morphe – форма) болуп саналышкан ар кандай керектөө тутумдары (фи-

зикалык, руханий, адеп-ахлактык, материалдык, билим берүүчүлүк ж.б.у.с.) айкындалышат, калыптанышат жана өнүгүшөт. Күнүмдүк турмушта бул метаморфозаларды адамдын ар кандай керектөөлөрү деп аташат.

«Адам – Дүйнө» тутумунун уюлу катары адамга болгон философиялык мамиле адамдын керектөөлөрүнүн тереңдеги негизин: адам менен аны курчап турган дүйнөнүн ортосундагы карама-каршылыкты көрсөтөт. Мындан маанилүү методологиялык тыянак келип чыгат: билим берүү тутуму адамдын белгилүү бир типтеги керектөөлөрүн – адамды социалдаштыруу максатында билим берүүчүлүк керектөөлөрүн канааттандыруучу институтуттук форма катары пайда болот.

Адамдын билим берүүчүлүк керектөөлөрү билим берүү чөйрөсүндөгү билим берүү ишмердүүлүгүндө канааттандырылат.

Адамдын керектөөлөрү, алардын өнүгүүсү жана аларды ишмердүүлүк аркылуу канааттандыруу зарылдыгы ишмердүүлүктүн натыйжасынын идеалдуу формасы катары ишмердүүлүктүн максатын калыптандырууну жана керектөөлөрдү канааттандырууну аныкташат. Бул жерде керектөөлөрдү канааттандырууну да схемасы болуп чыгуучу ишмердүүлүктүн схемасы айкындалат. Алдыга коюлган максат ишмердүүлүктүн чөйрөсү менен катнаштырылып, милдетке айланат. Милдетти чечүүнүн ыктары (этаптары, ырааттуулугу, убактысы, каражаттары ж.б.у.с.) ишмердүүлүктүн программасы түрүндө чыгышат. Андан кийин керектөөнү канааттандырууга багытталган ишмердүүлүктүн өзү жүзөгө ашырылат. Жыйынтыгында адамдын ишмердүүлүгүнүн төмөнкү, азырынча жөнөкөйлөштүрүлгөн схемасы же алгоритми пайда болот:

**керектөө – максат – милдет – программа – ишмердүүлүк**

Негизинен ар кандай ишмердүүлүк ушул схема боюнча жүрөт. Бул схеманын билим берүү үчүн методологиялык мааниси, бул схеманы ээрчүү билим берүү ишмердүүлүгүн майнаптуу кылганында жатат.

**3. Жөндөмдүүлүк теориясы.** Жөндөмдүүлүк – адамдын керектөө менен катар экинчи тукумдук күчү. Эгерде керектөө – ойготуучу, түрткү берүүчү күч болсо, анда жөндөмдүүлүк – ишмердүүлүктүү күч. Адамдын жөндөмдүүлүгүнүн генетикалык негизин тирүү организмдердин жашоого жөндөмдүүлүгү түзөт. Адамдын жөндөмдүүлүгү бул "социалдашкан" жашоого жөндөмдүүлүк. Жөндөмдүүлүк ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүк катары чыгат.

Жөндөмдүүлүк – адамдын биопсихикалык субстратында белгилүү бир ишмердүүлүк үчүн кызматтык тутумдарды түзүүнүн социалдык берилген мүмкүнчүлүгү.

Мындан бир катар түшүндүрмөлөр келип чыгат:

1. Жөндөмдүүлүк адамдагы биопсихикалыкка да, социалдыкка да барып такалбайт. Бул – биопсихикалык субстраттын социалдык өзгөрүүсү;

2. Биопсихикалык жөндөмдүүлүктөрдө адамдын ата-бабаларынын генетикалык программалары, анын генофонду (үнүнүн мүмкүнчүлүктөрү, психотиби ж.б.у.с.) менен берилген;

3. Социалдык жөндөмдүүлүктөрдө адамзаттын, коомдун берилген тарыхый мезгилдеги социалдык-маданий программалары, анын ичинде ошол программалардын жергиликтүү-этникалык сүрөттөлүштөрү (берилген аймактагы, өлкөдөгү, шаардагы, айылдагы берилген элдин үрп-адаты, адеп-ахлагы, берилген учурдагы социалдык-маданий мүм-

күнчүлүктөрү ж.б.у.с. Эгерде ал «социалдык жактан маданитясыз» болсо, эң толук баалуу биопсихикалык субстрат жөндөмдүүлүктөрдү көрсөтпөйт. Мисалы, экстремалдык кырдаалдардагы адамдардын психологиялык сыйышкычтыгы белгилүү бир тарыхый этапта ишмердүүлүктүн экстремалдуу түрлөрү (космонавтика, суу астындагы флот ж.б.у.с., шахматка жөндөмдүүлүк ж.б.у.с.) келип чыкканда пайда болот. Ошол эле учурда, берилген айылда вокалдык ырдоо мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу анын тургундарынын кайсы биринин дараметтүү жөндөмдүүлүктөрүн айкындабайт ж.б.у.с. Башка жагынан, керек десе абдан өнүккөн коомдук тажрыйба да биопсихикалык субстраттагы берилген ишмердүүлүктүн көз карашынан кемтиктүүгө жөндөмдүүлүктү түзбөйт (үнү жокпу – ырчы боло албайт);

4. Адамдын жөндөмдүүлүгү ишмердүүлүккө карата гана болот. Бул жөндөмдүүлүк: а) айкындаларын, б) калыптанарын жана в) ишмердүүлүктө өнүгөрүн билдирет. Бул тыянак билим берүү үчүн эбегейсиз методологиялык мааниге ээ болот: билим берүү ишмердүүлүгүн тиби, сапаты, деңгээли, уюштурулушу ж.б.у.с. көз карашынан туура уюштуруп гана жөндөмдүүлүктү айкындоого, калыптандырууга жана өнүктүрүүгө болот (ишмердүүлүктүн схемасын дагы караңыз);

5. Жөндөмдүүлүк адамдын биопсихикалык субстратында тигил же бул кызматтык тутумдарды түзүү мүмкүнчүлүгү катары чыгат. Кызматтык тутум белгилүү бир типтеги коомдук тажрыйба тарабынан уюштурулган адамдын тигил же бул биопсихикалык сапаттарынын композициясы катары каралат: музыкалык, техникалык (механик, инженер ж.б.у.с.). Эгерде ишмердүүлүк уюштурулбаса же көрсөтүлбөсө,

кызматтык тутум уюштурулбайт, ал эми ишмердүүлүктү жоготкондо мурда калыптанган кызматтык тутумдун бузулуусу болуп өтөт (табигый чарба жүргүзүү тутуму бузулса – элдик кол өнөрлөрүнө жөндөмдүүлүк калыптанбайт же жоголот; мектепке чейинки тарбиялоо тутуму бузулса – наристелер менен иштөөгө жөндөмдүү адамдардын саны азаят; айылдан музыка мугалими кетип калса – айылдын балдарынын музыкалык жөндөмдүүлүктөрүн айкындоонун негизи жоголот ж.б.у.с.);

6. Философиялык көз караштан алганда, адамда ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү үчүн кызматтык тутумдарды калыптандыруунун көп эмес, бир универсалдуу жөндөмдүүлүгү, бирок болмуштун ар түрдүү ыктары, адамдын бир универсалдуу жөндөмдүүлүгүнүн ар түрдүү метаморфозалары болуп саналган көптөгөн ушундай тутумдарды калыптандыруу жөндөмдүүлүгү болот. Күнүмдүк жашоодо бул метаморфозаларды адамдын ар кандай жөндөмдүүлүктөрү деп аташат. Бул тыянак билим берүү үчүн эбегейсиз зор методологиялык мааниге ээ болот: жөндөмсүз адамдар жок. Ар кандай жагдайлардан улам адамда белгилүү бир ишмердүүлүк үчүн кандайдыр бир кызматтык тутум айкындалбай же калыптандырылбай калышы мүмкүн.

Эгерде жөндөмдүүлүк ишмердүүлүктөн көрүнсө, анда ишмердүүлүк жөндөмдүүлүктүн болуу ыгы катары чыгат. Керектөө болсо ишмердүүлүккө түрткү берүүчү күч катары иштейт. Ишмердүүлүктө керектөө жана жөндөмдүүлүк жоюлат, ишмердүүлүктүн натыйжасында эски керектөө канааттандырылат, жаңы керектөөнүн келип чыгуусуна негиз пайда болот, адамдын жөндөмдүүлүгү өнүгөт, жөндөмдүүлүктүн жаңы сапаты келип чыгат, сапаттык жак-

тан башка жөндөмдүүлүктөрдүн келип чыгуусу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Адамдын өнүгүүсү болуп өтөт.

Жөндөмдүүлүктөрдүн бир нече деңгээлдерин, модустарын (лат. modus – ык, чен, ар түрдүүлүк, modus vivendi – жашоонун ыгы) айырмалашат:

1. Шыктуулуктар – кызматтык тутумдардын келип чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн өзүнө окшош жөндөмдүүлүктөрдүн төмөнкү деңгээли;

2. Идиректүүлүк – жөндөмдүүлүктөрдүн орточо деңгээли. Адам колунда барды өзгөртүүгө (талдоого, салыштырууга, тыянак чыгарууга ж.б.у.с.) жөндөмдүү;

3. Талант – жөндөмдүүлүктөрдүн жогорку деңгээли. Адам жаңыны түзүүгө, өндүрүүгө, жаратууга жөндөмдүү, бирок берилген алкактарда, чектерде, колдо бардын ченинин чек араларында;

4. Даанышмандык – бул принциптүү жаңыны түзүүгө жол берүүчү жөндөмдүүлүктөрдүн жогорку деңгээли. Талант мурдагы ченди бузат жана жаңысын жаратат.

Даанышмандыктын бир мисалы – Франц Петер Шуберт (1715-1771) – австриялык композитор. Салттуу симфониялар 4 бөлүктөн турса да, анын «Бүтпөгөн симфониясы» 2 бөлүктөн турат. Ар кандай композиторлордун симфонияны «бүтүрүү» аракеттеринен майнап чыккан эмес. Демек, иштин маңызы – бөлүктөрдүн санын механикалык кыскартууда эмес: Шуберт өзүнүн ойломун симфониянын эки бөлүгүндө ишке ашырган. Канон кайра каралган.

Жөндөмдүүлүктүн деңгээлдеринин методологиялык мааниси: биринчи эки деңгээл (шыктуулуктар, идиректүүлүк) – окутуунун репродуктивдүү деңгээлин; калган

экөө (талант жана даанышмандык) – окуунун өндүрүмдүү деңгээлин камсыздашат.

Калыптандырылган жөндөмдүүлүктү адамдын даярдыгы (ишмердүүлүккө) деп аташат. Даярдыктан эки блок, эки тегиздик көрүнөө бөлүнүшөт: маалыматтык даярдык (кандай аракет кылууну билем) жана операциялык даярдык (аракет кылууну билем, үйрөнгөм, сынап көргөм). Билим берүү ишмердүүлүгү үчүн бул (маалыматтык жана операциялык) блокторду бөлүп көрсөтүү өзүндө чоң өндүрүүчү дараметти алып жүрөт. Билим берүү (тар мааниде) – бул дал ошол маалыматтык даярдыкты калыптандыруу. Окутуу – адамдын ишмердүүлүккө операциялык даярдыгын калыптандыруу. Бирок операциялык даярдык сөзсүз түрдө маалыматтык даярдыктын негизинде түзүлөт. Ошондуктан, бүткүл окутуу (үйрөтүү) процесси сөзсүз «теорияны усулга айландыруу» процесси катары чыгат.

## 4-ЛЕКЦИЯ. ИШМЕРДҮҮЛҮК ТУТУМ КАТАРЫ. ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ТИПОЛОГИЯСЫ. ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК

**Планы:**

1. **Ишмердүүлүк тутум катары**
2. **Ишмердүүлүктүн субъектиси жана объектиси**
3. **Ишмердүүлүктүн каражаттары**
4. **Ишмердүүлүктүн шарттары**
5. **Ишмердүүлүктүн чөйрөсү**
6. **Ишмердүүлүк процесси**
7. **Ишмердүүлүктүн натыйжасы**

## 8. Ишмердүүлүктүн типологиясы. Педагогикалык ишмердүүлүк

**1. Ишмердүүлүк тутум катары.** Ишмердүүлүк үчүн тукумдук түшүнүк болуп жансыз (абиотикалык) тутумдардагы мыйзамга ылайыктуулук менен аныкталган өз ара аракеттешүү чыгат, ал жеке алып жүрүүчү – дене менен жансыз тутумдардын субстраты болот.

Генге ылайыктуу мүнөздөгү кыйла татаал өз ара аракеттешүү тирүү (биотикалык) тутумдарда алардын жеке алып жүрүүчүсү – организм менен жүзөгө ашырылат.

Акырында, максатка ылайыктуу мүнөздөгү эң татаал өз ара аракеттешүү социалдык тутумдарда алардын жеке алып жүрүүчүсү – адам менен ишке ашырылат. Бул – ишмердүүлүк. Ошентип, ишмердүүлүктүн тарыхый калыптануусу “өз ара аракеттешүү – жашоо ишмердүүлүгү – ишмердүүлүк” схемасы боюнча жүрөт.

Ишмердүүлүк – дүйнөдөгү адамды айырмалап турган анын эң маанилүү мүнөздөмөсү. Демек, адамды таануу, анын денеден, тирүү организмден принциптүү айырмачылыктарын айкындоо анын ишмердүүлүгүн изилдөө болот. Ишмердүүлүк «Адам – Дүйнө» тутумундагы негизги мамилени ишке ашырат: ишмердүүлүк адамдын дүйнө менен максатка ылайыктуу өз ара аракеттешүүсү. Адамга багытталган ишмердүүлүк дүйнөнү таануу процесси катары көрүнөт, дүйнөгө багытталган ишмердүүлүк аны өзгөртүп түзүү, өзгөртүү катары чыгат. Ишмердүүлүк адам коомунун тутум түзүүчү элементи болуп чыгат, ал социалдык тутумдардын жашоо ыгы.

Бирок ишмердүүлүктүн өзү татаал түзүлүш, тутум болуп саналат, б.а. ал бири-бири менен белгилүү бир мамилелер-

ге (байланыштарга жана чектөөлөргө) кирген элементтерден же компоненттерден турат. Ишмердүүлүктүн тутумуна ырааттуу талдоо жүргүзүүгө аракет кылалы.

**2. Ишмердүүлүктүн субъектиси жана объектиси.** Биринчиден, ишмердүүлүк жалпы өз ара аракеттешүүнүн бир түрү катары, жок дегенде, эки өз ара аракеттешүүчү компоненттердин барлыгын болжолдойт: 1-предмет жана 2-предмет. Экинчиден, ишмердүүлүк максатка ылайыктуу өз ара аракеттешүүнүн бир түрү катары эки предметтин жок дегенде бири максатты болжоо жөндөмдүүлүгүнө ээлик кыларын болжолдойт. Мындай предмет катары адам же адамдардын тобу гана чыга алат.

**Ишмердүүлүктүн субъектиси** – бул ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу жеке адам же адамдардын жамааты. Ишмердүүлүктүн субъектисинин болмушунун чектик формалары – бул индивид (жеке адам) жана адамзат.

Ошентип, ишмердүүлүктө субъект ишмердүүлүктүн объектиси деп аталган экинчи предмет менен максатка ылайыктуу өз ара аракеттешүүгө кирет. Субъектинин ишмердүүлүгү ишмердүүлүктүн объектисине багытталган: субъект таасир кылат, объект таасирди баштан кечирет. Эгерде субъект катары социалдык гана чыга алса, анда объект катары болмуштун каалаган формасы – абиотикалык, биотикалык, социалдык чыга алат. Чектик учурда субъект объект менен дал келе алат: адам өзүнө карата ишмердүүлүктү (өзү билим алуу, өзү окуу, өзүн тарбиялоо, өзүн дарылоо ж.б.у.с. боюнча ишмердүүлүктү) жүзөгө ашырат.

Эгерде кеп билим берүү ишмердүүлүгү жөнүндө жүрсө, анда субъект катары берилген класста иштеген мугалим, мугалимдер жамааты, мектептин мугалимдер жамааты,

өлкөнүн бүткүл мугалимдер жамааты чыгат. Объект окуучу, класс, бардык окуучулар (мектептин, өлкөнүн ж.б.у.с.) болуп саналат.

**3. Ишмердүүлүктүн каражаттары.** Айтыла жүргөн учурларды кошпогондо, ишмердүүлүктүнн субъектиси менен объектисинин ортосунда дайыма ортомчу болот. Субъект тарабынан объектини өздөштүрүү, ага ээлик кылуу кыйыр түрдө жүзөгө ашырылат. Ишмердүүлүк процессин камсыздоо үчүн субъект тарабынан колдонулган бардык материалдык кубулуштар ишмердүүлүктүн каражаттарын беришет.

Аныктаманын өзүнөн эле ишмердүүлүктүн каражаттарынын башкы, негизги кызматы кенемтелөөчү кызмат экени түшүнүктүү. Бул каражаттар адамдын табигый, биопсихикалык сапаттарынын кемчиликтерин, чектелгендиктерин кенемтелешет. Болбосо адам күрөктү, термометрди, дөңгөлөктү, микроскопту, компьютерди ж.б.у.с. ойлоп тапмак эмес. Тактап айтканда, адам болмуштун үч формасы (абиотикалык, биотикалык, социалдык тутумдар) тарабынан берилген сапаттардын үч түрүнө, фоормасына ээлик кылат: денелик (адамдагы абиотикалык: формасы, колунун өлчөмү, бою ж.б.у.с.), сезимдик же сенсордук (адамдагы биотикалык: тапка, жарыкка, үнгө ж.б.у.с. реакция) жана интеллектуалдык (адамдагы социалдык: ой жүгүртүү жана анын ылдамдыгы, эс тутум жана анын көлөмү, кеп ж.б.у.с.). Ошондуктан ишмердүүлүктүн каражаттарынын биринчи, эң маанилүү типологиясы (классификациясы) алардын кенемтелөөчү кызматтарына ылайык жүзөгө ашырылат:

1. Денелик чектелгендиктерди кенемтелөөчү каражаттар (күрөк, чака, көрсөткүч, калем ж.б.у.с.);

2. Сенсордук чектелгендиктерди кенемтелөөчү каражаттар (термометр, микроскоп, өлчөөчү сызгыч ж.б.у.с.);

3. Интеллектуалдык чектелгендиктерди кенемтелөөчү каражаттар (ЭЭМ, компьютерлер, маалыматтык технологиялар, компьютердик технологиялар ж.б.у.с.).

Белгилеп кетчү нерсе, ишмердүүлүктүн каражаттарынын пайда болушу адамдын кемчиликтери, чектелгендиктери жөнүндө гана эмес, анын күчү, кубаты жөнүндө да айтып турат: адам өзүнүн кемчиликтерин баалайт жана аларды кенемтелөөнүн мүмкүнчүлүктөрүн табат.

Болмуштун формаларынын (абиотикалык – биотикалык – социалдык) татаалдашуу даражасына жараша ишмердүүлүктүн каражаттарынын типтери да келип чыгышат: денелик чектелгендиктерди кенемтелөөчү каражаттар – сезимдик чектелгендиктерди кенемтелөөчү каражаттар – интеллектуалдык чектелгендиктерди кенемтелөөчү каражаттар.

Ишмердүүлүктүн каражаттарын андан аркы типтештирүүнү төмөнкүлөр боюнча жүргүзүүгө болот:

1) адам ишмердүүлүк процессинде ишке ашырган негизги кызматтар боюнчар. Мындай кызматтар төртөө: чагылдыруу, өзгөртүп түзүү, көчүрүү, сактоо.

2) адамдын ишмердүүлүгү багытталган объектинин тиби боюнча: илимдин азыркы концепцияларына ылайык, объект зат, кубат жана маалымат катары чыга алат.

Жыйынтыгында ишмердүүлүктүн каражаты, мисалы, адамдын сенсордук сапаттарын кенемтелөөчү (термометр, угуу аппараты, электр жабдуулары, радиоуктуруу-телекөрсөтүү аппаратурасы ж.б.у.с.), көчүрүү кызматын ишке ашыруучу (угуу аппараты, электр жабдуулары, радиоуктуруу-телекөрсөтүү аппаратурасы ж.б.у.с.) катары чыга жана

заттык объектиге (темир рудасына, машиналарга ж.б.у.с.) багытталган боло алат. Саналгангандардын ичинен ишмердүүлүктүн мындай каражаттары электр жабдуулары, радиоуктуруу-телекөрсөтүү аппаратурасы боло алышат, бирок аларга термометрдин кирүүсү күмөндүү.

Билим берүү процессинде ишмердүүлүктүн каражаттарына, албетте, окутуунун бардык каражаттары киришет: окуу адабияттары, бардык түрлөрдөгү жана деңгээлдердеги окуу жабдуулары (окуу эмеректери, аспаптар, компьютердик каражаттар ж.б.) ж.б.у.с.

**4. Ишмердүүлүктүн шарттары.** Интуитивдик, прагматикалык жактан биз ишмердүүлүктүн шарттарына ошол ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда бизге эмне жардам берсе же тоскоол болсо ошону киргизебиз: жагдай, ызы-чуу, фон, колдо бар же жок объектилер ж.б. Көңүл коюп талдоо ушунун бардыгы берилген ишмердүүлүккө карата тышкаркы болгон башка ишмердүүлүктөрдүн элементтери катары башка бир нерсе экенин көрсөтөт.

Берилген ишмердүүлүккө карата тышкаркы болгон башка ишмердүүлүктөрдүн тутумдарынын компоненттери, элементтери ошол ишмердүүлүктүн шарттары деп аталышат.

Каалаган ишмердүүлүктүн, анын ичинде билим берүү ишмердүүлүгүнүн шарттарынын мисалдарын жана классификацияларын биз көп санда табабыз (коридордогу ызы-чуу – башка ишмердүүлүктүн процесси, начар жарыктандыруу – башка ишмердүүлүктүн натыйжасы, сабакта инспектор бар – башка ишмердүүлүктүн субъектиси ж.б.у.с.).

**5. Ишмердүүлүктүн чөйрөсү.** Ар кандай ишмердүүлүк белгилүү бир социалдык чөйрөдө (мамлекетте, коомдо, аймакта, укуктук, адеп-ахлактык талаада ж.б.у.с.) болуп өтөт,

башка ишмердүүлүктөрдүн тутумдары менен байланышкан (билим берүү ишмердүүлүгү сөзсүз экономикалык, медициналык, укуктук ж.б.у.с. ишмердүүлүктөр менен байланышкан), ал кандайдыр бир бүтүндүктү берген тышкы бир нерсеге чөмүлдүрүлгөн. Бул бүтүндүк, бир жагынан, ошол ишмердүүлүк үчүн фон болсо, экинчи жагынан, анын дарамети болот, анткени ишмердүүлүктүн өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү көп учурда чектелгендиктен, ага сырттан «азыктандыруу» керек (билим берүү жана педагогикалык ишмердүүлүктүн майнаптуулугу көп жагынан экономикадан, саясий ишмердүүлүктөн көз каранды). Ишмердүүлүктүн чөйрөсү – бул ишмердүүлүк үчүн тышкаркы, анын активдүү фонун жана дараметин түзүүчү тутумдар.

**6. Ишмердүүлүк процесси.** Ишмердүүлүктүн элементтери (буга чейин саналган жана али санала элек) бири-бири менен өз ара аракеттешишет. Өз ара аракеттешүү актылары убакытта жайылтылышат, демек өзү менен процессти беришет. Мындан тышкары, ишмердүүлүктүн максатка ылайыктуу мүнөзү актылардын кайсы бир жыйындысын талап кылат, бул да процессти берет. Демек, ишмердүүлүк процесси – бул ишмердүүлүктүн тутумунун бардык элементтеринин өз ара аракеттешүүсүнүн жыйындысы.

Ишмердүүлүктүн максаты ишмердүүлүктүн бардык компоненттеринде, анын ичинде процессте да өз изин калтырат, ошондуктан ишмердүүлүк процесси субъектиден көз каранды эмес деп ойлобош керек. Анан дагы, дал ушул ишмердүүлүк процессинде ишмердүүлүктүн тутумунун бардык элементтери бири-бири менен ар кандай мамилелерге (байланыштарга жана чектөөлөргө, көмөктөшүүгө жана каршы аракеттенүүгө) киргендиктен, дал ушул иш-

мердүүлүк процессин бүткүл ишмердүүлүк тутумунун түзүмдү түзүүчү элементи катары кароо керек. Билим берүүдө ишмердүүлүк процессинин классикалык мисалы мектептеги сабак, мектепке чейинки мекемедеги оюн түрүндөгү сабак, университеттеги лекция болуп саналат. Албетте, бул жерде алып алынган түрүндө ишмердүүлүктүн тутумду түзүүчү элементи катары чыккан ишмердүүлүктүн субъектиси дагы катышат.

**7. Ишмердүүлүктүн натыйжасы.** Биз ишмердүүлүк натыйжасыз же жемишсиз боло албай турганына таянабыз. Иштин жөнү натыйжаны кантип түшүндүрүүдө турат. Жада калса ишмердүүлүктүн болуусунун өзү эле натыйжа болот. Эгерде буга ишмердүүлүк процессинде анын компоненттери өз ара аракеттенишерин, демек, өзгөрүшөрүн кошумчаласак, анда ар кандай ишмердүүлүк сөзсүз натыйжа берет. Албетте, натыйжа максаттан айырмалана алат – жана айырмаланат – кошумча өнүмдөрү (калдыктары) болушу мүмкүн, бирок бул бүтүндөй ишмердүүлүк тутумун: анын максатын, элементтерин (каражаттар туура тандалганбы, процесс туура уюштурулганбы ж.б.у.с.) талдоо талап кылынат дегенди билдирет. Кандай болгон күндө да, ишмердүүлүк аяктагандан кийин анын бүтүндөй тутуму (компоненттери жана алардын ортосундагы мамилелер) өзгөрөт.

**Ишмердүүлүктүн натыйжасы** – бул ишмердүүлүктүн тутумунун жашоосунун аягына чыгарылган формасы.

Мындан ишмердүүлүктүн компоненттеринин бири катары анын натыйжасынын өзгөчө мүнөзү келип чыгат. Ал ишмердүүлүктүн аягында пайда болот, ал ишмердүүлүккө чейин болбойт, ал ишмердүүлүктүн максаты катары идеалдуу формада дараметтүү жашаса да, актуалдуу жашабайт.

Ишмердүүлүк тутумунун жашоосунун аягына чыгарылган формасы катары натыйжа ишмердүүлүктүн өзгөчө компоненти катары, суперкомпоненти катары чыгат. Көбүрөөк прагматикалык контекстте ишмердүүлүктүн натыйжасы ишмердүүлүктүн жаңыланган, өзгөргөн объектиси болуп чыгат.

Жыйынтык түрүндө ишмердүүлүктүн тутумун төмөнкүчө чагылдырууга болот:

Ишмердүүлүк (тутум) = {субъект, объект, каражаттар, шарттар, чөйрө, процесс, натыйжа}

**8. Ишмердүүлүктүн типологиясы.** Педагогикалык ишмердүүлүк. Биз коомдун өзөгүн, анын тутум түзүүчү элементин берген коомдук ишмердүүлүктү карайбыз. Коом өзү ишмердүүлүктүн болмуш формасы катары чыгат. Ишмердүүлүктү типтештирүү үчүн (ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүн кайсы бир аз санда бөлүп көрсөтүү үчүн) биз уюлдаштыруу принцибин колдонобуз.

Тарыхый жактан алганда, коомдук ишмердүүлүк адамдарды өндүрүүгө жана заттарды (бардык жасалма, адамдан сырткаркы) өндүрүүгө уюлдашат.

Адамдарды өндүрүү биологиялык жана социалдык өндүрүүгө уюлдашат.

Биологиялык өндүрүү биопсихикалык субстратты сактоо боюнча ишмердүүлүккө (медициналык ишмердүүлүк) жана адамдын биопсихикалык субстратын өнүктүрүү боюнча ишмердүүлүккө (дене тарбиялык ишмердүүлүк) уюлдашат.

Социалдык өндүрүү ишмердүүлүккө даярдыкты калыптандыруу боюнча ишмердүүлүккө (педагогикалык ишмердүүлүк) жана ишмердүүлүккө даярдыкты мобилизация

боюнча ишмердүүлүккө (башкаруучулук ишмердүүлүк) уюлдашат.

Заттарды өндүрүү табигый (табигый-заттык) жана белгилик (предметтик-белгилик) болуп уюлдашат (машина табигый жана белгилик (чиймелер) формада болот, механизм болот жана көркөм фильм болот ж.б.у.с.).

Заттарды табигый-заттык өндүрүү табияттан затты бөлүп кетүүчү ишмердүүлүккө (чарбалык ишмердүүлүк) жана затты табиятта калтыруучу ишмердүүлүккө (экологиялык ишмердүүлүк) уюлдашат.

Белгилик же предметтик-белгилик өндүрүү адамдын эки ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнө ылайык илимий-таанымдык ишмердүүлүккө (логикалык ой жүгүртүү) жана көркөмдүк ишмердүүлүккө (элестүү ой жүгүртүү) уюлдашат.

Ошентип, бүткүл коомдук (коомдогу) ишмердүүлүк ишмердүүлүктүн 8 негизги түрүнө бөлүнөт:

1. Медициналык ишмердүүлүк;
2. Дене тарбиялык ишмердүүлүк;
3. Педагогикалык ишмердүүлүк;
4. Башкаруучулук ишмердүүлүк;
5. Экономикалык ишмердүүлүк;
6. Экологиялык ишмердүүлүк;
7. Илимий ишмердүүлүк;
8. Көркөмдүк ишмердүүлүк.

Уюлдуу ишмердүүлүктөрдүн ортосунда чексиз сандагы өткөөл формалар бар. Ишмердүүлүктүн ар бир түрү өзүнө көптөгөн түрлөрдү, түрчөлөрдү, деңгээлдерди, кесиптерди, адистиктерди, адистешүүлөрдү ж.б.у.с. камтыйт. Ишмердүүлүктүн ар кандай типтеринин же алардын түрлөрүнүн, түрчөлөрүнүн ж.б.у.с. ушунчалык чексиз сандагы ар түрдүү

иреттеги айкашуулары болот. Мисалы, үй-бүлөдөн биз иш жүзүндө белгилүү бир деңгээлде ишке ашырылган ишмердүүлүктүн каалаган түрүн табабыз, б.а. ишмердүүлүктүн түрлөрү көз карашынан үй-бүлө ишмердүүлүктөрдүн комплексин ишке ашыруу чөйрөсүн берет. Саясий ишмердүүлүк башкаруучулук ишмердүүлүктүн жогорку деңгээлин жана белгилүү бир түрүн берет ж.б.у.с. Акырында, ишмердүүлүктүн түрлөрүн бөлүп көрсөтүү кандайдыр бир илимий абстракция экенин, анткени ишмердүүлүктүн эч кандай түрү таза, такталган формада жөн гана жашабай турганын эске алуу керек. Бирок бул абстракциянын эбегейсиз зор методологиялык дарамети бар. Ишмердүүлүктүн типологиясы ишмердүүлүктүн түзүлүшүн изилдөөнүн механизмин, шаймандарын, демек аны (ишмердүүлүктү) майнаптуу куруунун шаймандарын берет.

Сунуш кылынган ишмердүүлүктүн типологиясында (Л. А. Зеленов) биз үчүн педагогикалык ишмердүүлүк өзүнчө түргө объективдүү ажыратылганы маанилүү. Коомдун педагогикалык ишмердүүлүгүнө адамды социалдаштыруунун бардык институттук жана институттан тышкаркы формалары киришет: үй-бүлө, театр, ЖМК, адабият, бүткүл жергиликтүү коом (көчө, короо, достор, шаар ж.б.у.с.) жана, албетте, билим берүү тутуму. Акыркысы коомдун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн башкы, негизги институттук формасын берет.

## 5-ЛЕКЦИЯ. БИЛИМ БЕРҮҮ. КООМ. ИНСАН. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ БОЛМУШУ (ЭЛИТАЛЫК, ЭГАЛИТАРДЫК (ДЕМОКРАТИЯЛЫК ЖЕТКИЛИКТҮҮ) БИЛИМ БЕРҮҮ)

**Планы:**

1. **Билим берүү**
2. **Билим берүү, коом жана мамлекет**
3. **Билим берүүнүн социалдык-саясий болмушу**

**1. Билим берүү.** Азыркы доордо элдердин жана мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө интенсивдүү факторлор чоң роль ойношот, аларга, күмөнсүз, билим берүү тутуму да кирет. Анан дагы, көптөгөн мамлекеттер өздөрүнүн билим берүү тутумдарын улуттук коопсуздуктун негизги факторлоруна толук негиздүү киргизишет.

Коомдук аң-сезим билим берүү тутумуна адамды озуучу өнүктүрүү кызматын жана жөндөмдүүлүктөрүн берүү зарылдыгын (керектөөсүн!) аныктады. Бул зарылдык ар кандай деңгээлдерде, ар кандай тереңдикте, ар түрдүү формаларда, анын ичинде билим берүү тармагын жөнгө салуучу ар кандай мамлекеттик мыйзам актыларында (Кыргыз Республикасында бул баарыдан мурда «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамы ж.б.у.с. билим берүү ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик-укуктук актылар) көрүнө жана аңдаштырыла алат.

Билим берүүнүн масштабдары олуттуу. Орто эсеп менен дүйнөдө өндүрүштө иштеген ар бир эки жумушчуга бир окуучу туура келет. Ошондуктан, 1990-жылы ЮНЕСКО өткөргөн билим берүүнүн маселелери боюнча эл аралык кон-

ференцияда социалдык-экономикалык өнүгүүдө эң мыкты, көбүрөөк майнаптуу, өз жарандарынын интеллектуалдык дараметин өнүктүрүүгө максималдуу түрткү берүүчү билим берүү тутумдарын түзгөн өлкөлөр жана улуттар утушка ээ болушары жөнүндө ой көп ирет жүйөө келтирилгени бекеринен эмес. XX кылым билим берүүнүн, атап айтканда, жогорку билим берүүнүн кескин өсүшү менен мүнөздөлгөнү кокусунан эмес. Алсак, мисалы, эгер кылымдын башында дүйнөдөгү жогорку окуу жайлардын студенттеринин саны бойго жеткен калктын 1-2%ын түзсө, анда кылымдын аягында бул көрсөткүч 20%дан ашкан. Ал эми өнүккөн өлкөлөрдө 50%га жеткен. Анчалык чоң өлкө болбогон Казакстанда (~ 18 млн. адам) XX кылымдын аягына карата студенттердин саны кылымдын башындагы дүйнөдөгү студенттердин санынан ашып кеткен (цитата жогорку билим берүү боюнча америкалык-орусиялык семинардын материалдарынан алынган, Вашингтон, 2007-жылдын 15-октябры, Эл аралык билим берүү иштери боюнча Америка Кеңештеринин президенти, профессор Дэн Э. Дэвидсондун сөзү).

Экономисттердин изилдөөлөрү да билим берүү тутумуна интенсивдүү каржылык салымдар өнүккөн өлкөлөрдүн улуттук дүң өнүмүнүн өсүшүнүн жарымынан көбүн камсыздаары фактысын тастыкташат. Билими, квалификациясы жеке адамдын мансабына да түздөн-түз таасир этет. Алсак, мисалы, 2010-жылдагы Россиядагы эл каттоонун натыйжалары боюнча (цитата «Ведомости» газетасынын 2011-жылдын 19-декабрындагы санынын 3-бетинен алынган) «...2002-жылы ар бир 1000 россиялыктын 162си, 2010-жылы – 234ү жогорку билимге ээ болгон...”. Адистердин

баалоосу боюнча, жогорку билимдүү адам орто билимдүү ошондой эле жумушчуга караганда болжол менен 1,5 эсе көп айлык алат, ал эми жогорку билим алууга кеткен чыгымдар салыштырмалуу аз. «…экономиканын жана жумуш орундарынын түзүмү жаны ченемден артта калганы менен: … толук күн иштеген жумушчулардын 29%ынын билими ашыкча (өзгөчө өнөр жайда жана соодада), ал эми билимдин жетишсиздиги боюнча алдыңкылардын бири – илим чөйрөсү».

Муну менен бирге билим берүү тутумунун өзү канчалык жакшыраак, мобилдүүрөөк, майнаптуураак долбоорлонгон жана уюштурулган болсо, ошол эле каржылык салымдардын майнаптуулугу ошончолук жогору болору байкалган. Бул жагдай кайрадан билим берүү тутумуна коомдун адамды жашоого даярдоо үчүн жооптуу интеллектуалдык жана адеп-ахлактык ресурстарынын булактарынын бири катары кайрылууга мажбурлайт. Коомдук турмуштун феномени катары билим берүүнүн социалдык институту өзүнүн пайда болушунда, калыптанышында жана өнүгүшүндө, бир жагынан, инварианттуу, туруктуу мүнөздөмөлөрдү сактаса, башка жагынан, албетте, убакытта (ар кандай мезгилдер, доорлор) да, мейкиндикте (ар кандай аймактар, өлкөлөр, континенттер) да өзгөргөн. Билим берүүнүн инварианттуу мүнөздөмөлөрү анын аркасында адам «мыйзам ченемдүү дүйнөлүк процесстин абалынын жогорку формасы» катары өзгөчөлөнгөн адамдын түпкүрлүк, маңыздык мүнөздөмөлөрүнөн башка эч нерсе менен аныктала, бериле, көрсөтүлө албайт. Билим берүүнүн өзгөрмөлүү, вариативдүү, кыймылдуу мүнөздөмөлөрү адамдын, анын сапаттары менен касиеттеринин өнүгүү процессинин өзү менен да, коомдук

тутумдардын өнүгүүсү менен да берилишет. Анткени коомдук тутумдар, бир жагынан, адам тарабынан аныкталса, экинчи жагынан, алар адамга тигил же бул турумдардан (мисалы, билимдер, билгичтиктер, мотивациялык орнотмолор ж.б.у.с. түшүнүктөр менен берилген кесиптик, физикалык, адеп-ахлактык, руханий ж.б.у.с. сапаттардын белгилүү бир деңгээли) ар түрдүү талаптарды коюшат.

Билим берүүгө карата, ар кандай социалдык институттар сыяктуу эле, биз үчүн эки учурду тактап алуу маанилүү: тышкы – коомдун социалдык институттарынын тутумундагы, тигил же бул экономикалык тутумдагы билим берүүнүн орду кандай жана ички – билим берүү тутумунун пайда болуусунун, өнүгүүсүнүн жана кызмат кылуусунун себептери (аныктагычтары) жана ыктары (механизмдери) кайсылар. Ички учур «Эдукогенез» темасында ачылат. Азыр болсо биринчи – тышкы учурга токтолобуз. Ушуга байланыштуу адам коомунун социалдык-экономикалык кыймылындагы глобалдык тенденцияларды, ал эми тарыхый контекстте – ошол өнүгүүнүн, адам цивилизацияларынын стадияларынын алмашуусун чагылдырган төмөнкү схеманы карап чыгуу орундуу болот:

**Цивилизациялардын онтогенетикалык схемасы (анатомиясы)**

| Цивилизациялардын типтери. Ачкычтары | Агрардык (XIV-XV кк. чейин) | Индустриялык (XIV-XV кк. – XX к.о.) | Постиндустриялык (XX к.о. – ...) |
|---|---|---|---|
| Ишмердүүлүктүн түйүндүү өнүмү | Тамак-аш | Товарлар | Кызмат көрсөтүүлөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ишмердүүлүктүн түйүндүү фактору | Денелик (булчуң) күчү | Капитал | Билим (маалымат) |
| Ишмердүүлүктүн түйүндүү технологиялары (каражаттары) | Кол эмгек куралдары | Машиналар | Маалыматтык-уюштуруучулук технологиялар |
| Билим берүүнүн түйүндүү ролу (максаты, миссиясы) | Жеке тажрыйбаны, көндүмдөрдү өткөрүп берүү | Илимий билимдерди өткөрүп берүү | Ишмердүүлүктүн методологияларын өткөрүп берүү |
| Билим берүү ишмердүүлүгүнүн түйүндүү принциби (усулу) | "Мен кылгандай кыл" (мимесис = тууроо) | "Алар кылгандай кыл" | "Өзүң кандай кыла алсаң, ошондой кыл" |

Цивилизациялардын генезисинин алкагында билим берүүнүн генезисинин схемасын талдоо (схеманын акыркы эки сабы) "мен кылгандай кыл" усулунун чегинде – устаттын чыгармачылык манерасын өткөрүп берүү жана максималдуу бекемдөө (мугалимдин окуучуларында улануусу), «алар кылгандай кыл» усулунун чегинде – маданияттын классикалык үлгүлөрүнө үйрөтүү, акындатуу, «өзүң кандай кыла алсаң, ошондой кыл» усулунун чегинде – боштондук алуу, өзүн ишке ашыруу, издөө эркиндигине тыюу салуудан баш тартуу болуп өтөрүн көрсөтөт.

Үй-бүлөдө, мектепке чейинки мекемеде, мектепте, ЖОЖдо эмнени жана кантип окутуп жатканын талдап көрсөк, ар кандай билим берүү процесси түпкү эсепте маданияттын маалыматтык (билем), операциялык (кыла алам) жана мотивациялык (каалайм, ынанам) элементтерине ээлик кылууга багытталганын моюнга алууга милдеттүү болобуз. Башка жагынан, инсанды социалдаштыруу инсандын со-

циалдык-маданий жана инсанга багытталган программаларга ылайык аракеттенүүгө даярдыкка жетишүү процесси менен натыйжасынан башка эч нерсени билдирбейт.

Ошентип, маданияттын белгилүү бир үзүмүн өздөштүрүү, ошонун негизинде инсанга тарыхтын субъектиси, коомдун мүчөсү катары топтоштурулган түрдө чыгууга жол берүүчү анын өзүмдүк, инсандык түспөлдөгү моделин калыптандыруу билим берүүнүн маңызы жана милдети болот.

Мында маданияттын маалыматтык, билимдик тутумчасы негизги болуп саналат, анткени анын негизинде гана анын башка эки – операциялык жана мотивациялык тутумчалары калыптана алышат. Албетте, аталган үч тутумчанын ортосундагы мамилелердин диалектикасы алда канча татаал. Маалыматтык тутумчаны бөлүү менен биз абстракциялоо операциясын жүргүзөбүз. Бирок мындай абстракциялоо эгерде маалыматтык маданияттын мазмуну негизинен мектептик билим берүүнүн бардык мазмунун кучагына алган себептүү гана толук негиздүү. Ал эми жогорку билим берүүнүн мазмунунда маалыматтык блок негизги, тутум түзүүчү болуп саналат.

Терминологиялык, категориялык туюнтмалардын, түшүнүктөрдүн, аныктамалардын маанилүүлүгү, аныкталгандыгы, бир маанилүүлүгү белгилүү. Көп маанилүүлүк ар кандай жагдайлардан улам келип чыга алат: изилденүүчү объектинин татаалдыгынан, түшүнүктөрдүн жана категориялардын өздөрүнүн диалектикалык, өнүгүп жаткан мүнөзүнөн ж.б.у.с. Дал ушул себептерден улам коомдук жана гуманитардык илимдерде терминологиялык чаташуу көп байкалат. Мындай баш аламандык билимдин макамын, анын ишеничтүүлүк даражасын объективдүү түрдө төмөн-

дөтөт. Бул жерде, баарынан да, психология-педагогика илимдеринин билим берүү, окутуу жана тарбиялоо сыяктуу көптөгөн негиз болжоочу, кайсы бир деңгээлде баштапкы түшүнүктөрү-категориялары көбүрөөк «жабыр тартышат». Маданият тутумунун маалыматтык, операциялык жана мотивациялык тутумчаларынын алкагында билим берүүнү, окутууну жана тарбиялоону бүтүндөй маданият тутумунун билимдерин (маалыматтык маданият), билгичтиктерин (операциялык маданият) жана орнотмолорун (мотивациялык маданият) өткөрүп берүү жана өздөштүрүү (ээлик кылуу) процесси жана анын натыйжасы катары карап, бул негизги түшүнүктөрдү-категорияларды «турукташтырууга» болот.

**2. Билим берүү, коом жана мамлекет.** Социалдык институт катары билим берүүнүн коом жана мамлекет менен өз ара аракеттешүүсүнө кененирээк токтоло кетели. Башкача айтканда, "Билим берүү – Коом – Мамлекет" тутумун карап көрөлү. Социалдык институттар адамдын ишмердүүлүгүнүн тарыхый калыптанган уюштуруучулук формалары катары коомдо белгилүү бир кызматтарды аткарышат. Билим берүүнүн негизги кызматы – адамды социалдаштыруу. Бул кызматтын коомдун башка социалдык институттары менен мамилелеринин конкреттүү-тарыхый формалары, модустары билим берүүнүн экономикалык, социалдык жана маданий кызматтары болуп чыгышат.

Экономикалык кызматы коомдун социалдык-кесиптик түзүмүн калыптандыруу, ишмердүүлүктүн белгилүү бир чөйрөсүндө зарыл билимдерге, билгичтиктерге жана орнотмолорго ээ болгон кызматкерлерди даярдоо менен байланышкан. Бул турумдардан материалдык өндүрүш би-

лим берүү чөйрөсүндөгү негизги буюртмачы катары чыгат. Жана эгерде билим берүүнүн экономикалык кызматы илимий-техникалык прогресстин абалына түздөн-түз таасир этсе, анда коомдун өзү да өз кезегинде коомдо өкүм сүргөн экономикалык мамилелердин күчтүү таасири астында калат. Анан бул биринчи кезекте билим берүү тутумун каржылоонун деңгээлине таасирин тийгизет.

Билим берүүнүн социалдык кызматы коомдун социалдык-таптык жана макамдык түзүмдөрүн өндүрүүдө жана өзгөртүүдө, коомдун түзүмдүк элементтерин жана айрым индивиддерин социалдык мобилдүүлүк касиетине ээ кылууда жатат. Бул кызматы билим берүүнүн коомдогу жашоо мүнөзүнө, жеке алсак, жумушсуздукка каршы күрөштүн каражаттарынын бири түрүндө, тийгизген таасиринен да көрүнөт. Өз кезегинде коом жана мамлекет билим берүү тутумуна кыйыр түрдө да (билим берүүнүн максаттары, мазмуну, технологиялары, билим берүү мекемелеринин институттук формалары жана түрлөрү ж.б.у.с.) жана түздөн-түз да, социалдык-демографиялык процесстер, укуктук-ченемдик актылар (билим берүү мекемелерине, педагогикалык кадрларга болгон керектөө, класстардын толуусу ж.б.у.с.) аркылуу таасир этет.

Билим берүүнүн маданий кызматы маданияттын өзүнүн мазмуну менен да, аны көчүрүү процесстери менен да байланышкан. Ал инсанды социалдаштыруу, анын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу, социалдык ченемдерди жана руханий баалуулуктарды өткөрүп берүү максаттары менен аныкталат. Бул кызматтын контекстиндеге билим берүүнүн милдеттеринин бири маданиятты анын мазмунунун жалпы адамзаттык, улуттук, аймактык

жана инсандык аспектилеринин бардык көп түрдүүлүгүндө сактоо жана кайра өндүрүү болуп саналат. Мында социалдык институт катары билим берүүнүн бир өзгөчөлүгү, ал бир эле убакта адамдардын руханий маданият жаатындагы керектөөлөрүн калыптандырганында жана канааттандырганында турат.

Ошентип, коомдун социалдык институттарынын тутумундагы өзүнүн байланыштары жана чектөөлөрү аркылуу билим берүү, бир жагынан, өзүндө макро- жана микросоциалдык чөйрө жана педагогикалык ишмердүүлүктүн шарттары түрүндөгү социалдык институттардын бардык издерин алып жүрөт. Башка жагынан, билим берүү коомдун жана анын социалдык институттарынын өнүгүшүндө маанилүү роль ойнойт, бул аркылуу өзүнүн салыштырмалуу өз алдынчалыгын көрсөтөт жана ушул сапатта өзүнүн өнүгүү жана кызмат кылуу мыйзамдары бар кайсы бир жетишерлик татаал тутум катары чыгат.

Социалдык институт катары билим берүүнүн негизги кызматтарын талдоо жалпысынан анын коомдогу ролун жана ордун аныктоого гана эмес, ошол кызматтарды жалпы эле социалдык саясаттын башкы милдеттеринин бири катары оптималдаштыруу милдетин бөлүп кароого да жол берет.

Билим берүүнүн, коомдун жана мамлекеттин өз ара аракеттешүүсүнүн, ошондой эле билим берүү тутумунун өзүнүн кызмат кылуусунун татаал процесси, алардын ортосундагы да, билим берүү тутумунун өзүнүн ичиндеги да карама-каршылыктардын бүтүндөй бир комплексин пайда кылат. Билим берүүнүн философиясы бардык индустриялык коомдорго мүнөздүү көптөгөн карама-каршылыктар-

ды ачып берди. Аларга, жеке алсак, төмөнкү карама-каршылыктар киришет: билим берүү тутумунун сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы; жалпы жана кесиптик билим берүү тутумдарынын ортосундагы; коомдун керектөөлөрү менен жаштардын билим алуучулук баалуулуктук багыт алууларынын ортосундагы; азыркы билим берүүнүн массалык мүнөзү менен коомдун илимий-техникалык жана маданий элитасын даярдоо зарылдыгынын ортосундагы; коомдун керектөөлөрү менен билим берүү тутумунун түзүмүнүн, аны уюштуруунун жана анын кызмат кылуусунун ыктарынын ортосундагы.

Бул карама-каршылыктардын көрүнүү ыктары, ошондой эле аларды убакытта жана мейкиндикте, б.а. ар түрдүү тарыхый доорлордо жана ар түрдүү өлкөлөрдө чечүүнүн жолдору менен формалары ар кандай. Кандай болгон күндө да аларды чечүүнүн механизмдери социалдык институт катары билим берүүнүн убакытка жана мейкиндикке карата негизги, инварианттуу максатын жана милдетин – инсанды социалдаштыруу милдетин чечүү зарылдыгы менен шартталган. Дал ушул туруктуулук, константалуулук билим берүүнүн керек болсо кризистер жана кризистик кырдаалдар учурундагы өтпөй турган ролун, туруктуулугун аныктайт.

**3. Билим берүүнүн социалдык-саясий болмушу.** Билим берүүнүн майнаптуулугунун маселелери, албетте, мамлекет тарабынан ченемдик формада туюнтулган билим берүү чөйрөсүндөгү социалдык керектөөлөрдү аныктоо проблемасына түздөн-түз байланышкан. Алар, өз кезегинде, коомдук өндүрүштүн, маданияттын, коомдук мамилелердин деңгээли, жалпы эле коомдун, ошондой эле анын

айрым топторунун жана инсандардын баалуулуктук багыт алууларынын түзүмү менен, б.а. инсанды социалдаштыруу категориясынын конкреттүү-тарыхый модусу деп атогго болгон нерсе менен аныкталышат. Ошондуктан, билим берүүгө болгон керектөө өзүнүн мазмуну боюнча бир гана экономикалык керектөөгө барып такалбайт, ал өзүнө саясий ишмердүүлүккө, руханий маданиятка, денени өркүндөтүүгө, балдарды тарбиялоого тиешелүү керектөөлөрдү да камтыйт, б.а. адамдын негизги тукумдук күчтөрүнүн бири катары алып салынган түрдө анын керектөөлөрүнүн бүткүл спектрин өз кучагына алат.

Бул жерде биз үчүн билим берүү чөйрөсүндөгү берүү формасы боюнча коомдук керектөөлөр социалдык-маданий жана инсанга багытталган программалардын жуурулушкан айкалышы түрүндө чыгышканы маанилүү. Коомдук керектөөлөрдүн түзүмүн мындай түшүнүү билим берүү тутумунун пайда болуу, өнүгүү жана кызмат кылуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн, анын түзүмүн жакшыраак түшүнүүгө, социалдык институт катары анын майнаптуулугун баалоо методологиясын объективдештирүүгө жол берет.

Башка бирдей шарттардагы билим берүүнүн сапаты, адамдын маңыздуу, жигердүү күчтөрү, анын керектөөлөрү менен жөндөмдүүлүктөрүнүн башаттары жана мүнөзү, б.а. түпкү эсепте, билим берүү чөйрөсүндөгү коомдук керектөөлөрдүн башаттары жана түзүмү жөнүндө теориялык, философиялык элестетүүлөрдү практикалык тегиздикке, б.а. педагогикалык, билим берүүчүлүк ишмердүүлүккө канчалык терең жана сыйымдуу көчүрүү, өзгөртүп түзүү колдон келгени менен аныкталат. Мына ушундай болгондо гана билим берүүнүн милдеттери туура түзүлөт жана ишке ашырылат.

Анын ичинде бул жерде уюлдуулук камтылат, анын уюлдарынын педагогикалык моделдери билим берүү тутумунун кызмат кылуусун долбоорлоого жана уюштурууга карата маалыматтык жана ишмердүүлүктүк мамилелер болуп саналышат. Биринчиси баарыдан мурда, билим берүүнүн максаттарынын "билимдик" формасында көрүнөт. Билим берүүнүн ишмердүүлүктүк модели болсо, билим берүү процессин анда социалдык тажрыйбаны көчүрүү гана жүзөгө ашырылбастан, ишмердүүлүктүн субъектисинин жөндөмдүүлүктөрү кеңейтилген масштабда кайра өндүрүлгөн, окуучунун өнүгүүсү болуп өткөн түшүнүгө негизделет.

Билим берүү тутуму аркылуу адамдын социалдашуусу, анын өзүнүн инсанга багытталган программалары аркылуу коомдун социалдык-маданий программаларын өздөштүрүүсү болуп өтөт. Эгерде билим берүү “социалдык уюштурулган процесс” болсо, анда коомдун социалдык институту болгондуктан, билим берүү коомдун, мамлекеттин саясий тутумунун таасирин баштан кечирбей коё албайт. Коомдун өзү да бир тектүү эмес жана ар кандай жагдайлардан улам ал ар дайым демократиялык жана элиталык бөлүктөргө уюлдашат, алардын ортосунан биз дайыма көп сандаган орто арадагы абалдарды табабыз. Коомдун элиталык бөлүгү анын жөндөмдүүлүктөрдүн жогору деңгээлине ээ болгон мүчөлөрүнүн эсебинен түзүлөт. Коомдун ушул бөлүгүнөн олуттуу жана көбүнчө аныктоочу өлчөмдө коомдун социалдык-экономикалык абалы объективдүү түрдө көз каранды. Коом мамлекет, бийлик тарабынан башкарылгандыктан, коомдун элиталык бөлүгү негизинен бийликтин өкүлдөрүнөн жана жөн гана бай адамдардан (белгилүү тарыхый мезгилдин контекстинде) турат. Адамдын өзүнүн инсанынын

изсиз жок болуусуна жол бербөөгө, аны урпактарына өткөрүп берүүгө болгон объективдүү умтулуусу, коомдун элиталык бөлүгүнүн өзүмдүк кайра өндүрүү үчүн билим берүү тутумунан анын элиталык бөлүгүн калыптандырууга жана бөлүп чыгууга умтулуусуна ошондой эле объективдүү өзгөртүп түзүлөт. Коомдун өзүнүн билим берүү тутумуна таасир кылуусунун эң татаал механизмдеринин натыйжасында билим берүүнүн өзү элиталыкка жана демократиялыкка, жеткиликтүүгө уюлдашат. Ушул уюлдардын ортосунан биз кайрадан билим берүү тутумунун көп сандаган орто арадагы формалары менен абалдарын табабыз.

Бул жерде биз үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

1. Билим берүүнүн элиталык эгалитардык уюлдарынын, бөлүктөрүнүн болуусу объективдүү шартталган;

2. Демократиялык коом билим берүү тутумуна таасир кылуунун анда билим берүүнүн элиталык, эгалитардык сегменттери гармониялуу, өз ара толуктаган түрдө берилген саясий, юридикалык, экономикалык механизмдерин издейт жана табат.

## 6-ЛЕКЦИЯ. ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ СОЦИАЛДЫК-КОГНИТИВДИК КОМПЛЕКС КАТАРЫ

**Планы:**

1. **Жогорку билим берүү тутуму**
2. **Жогорку билим берүү тутумунун өнүгүүсү**
3. **Жогорку билим берүү тутумунун мааниси**

**1. Жогорку билим берүү тутуму.** Дегеле билим берүү тутумунда жогорку билим берүү эмнеси менен айырма-

ланат? Жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүндөгү көп нерсе: билим берүү ишмердүүлүгүнүн максаттарын, аларга жетүүнүн жолдорун тандоо, анын мазмунун толтуруу ж.б.у.с. ушул суроонун жообунан көз каранды. Эгерде жогорку билим берүүнү реформалоо боюнча олуттуу чаралар көрүлүп жатса, бул өзгөчө маанилүү.

Жогорку билим берүү тутумунун убакытта жана мейкиндикте инварианттуу (бардык мезгилдерде жана бардык өлкөлөрдө бар болгон) негизги мүнөздөмөлөрүн көрсөтүүгө аракет кылалы. Дегеле жогорку билим берүү тутумуна карата мүмкүн болуучу реформалоо күч-аракеттеринин, жана ушундай күч-аракеттердин бир бөлүгү катары, айрым жогорку окуу жайга карата реформалоонун багыты менен чек араларын объективдүү түрдө берген кайсы бир багыттар ушуну менен белгиленишет.

Демек, жогорку билим берүү тутуму. Ар кандай категориянын, ар кандай түшүнүктүн мазмуну объективдүү логикалык курулма катары баарыдан мурда өзүнөн баштапкы түшүнүктөрдүн мазмунун алып салат. Өзүнүн калыптануу, өнүгүү, кызмат кылуу процессинде ар кандай категориянын мазмуну сөзсүз түрдө байыйт. Ошентип, бул жерде эки учур берилген: логикалык-гносеологиялык (түшүнүктүн баштапкы мазмуну эмнеден түзүлөт) жана социалдык-тарыхый (түшүнүктүн мазмунунун өнүгүү, өзгөрүү шарттары).

«Жогорку билим берүү тутуму» түшүнүгүн логикалык-гносеологиялык турумдардан талдап көрөлү. Бул жерде эң жакын түрдүк түшүнүк “Билим берүү тутуму” түшүнүгү болуп саналары ачык-айкын, аны биз инсанды социалдаштыруу максатында коомдогу (социумдун тутумундагы) маданиятты көчүрүү катары чечмелейбиз. Бул жерде берилген

бардык категориялардын (маданият, өткөрүп берүү, коом, инсан, социалдаштыруу) ичинен билим берүү тутумун "жашоого" мажбур кылган "ишке салуу" механизминин ролу өткөрүп берүү категориясына таандык. Бирок бул контекстте өткөрүп берүүнүн өзү, эгерде анын натыйжасы бар болсо, б.а. өткөрүлүп жаткандын мазмунуна ээлик кылуу болуп өткөн, тагыраагы болуп жаткан – бул процесс бир актылуу эмес – учурда гана акталат. Бул абалды биз ээлик кылууга салыштырмалуу кыйла кенен мазмунга ээ болгон ассимиляция категориясы менен сыпаттайбыз.

Демек, билим берүү тутуму үчүн тутум түзүүчү, "ишке салуучу" категориялар өткөрүп берүү жана жуурулуштуруу болуп саналышат. Педагогикалык технологияларга чейин жайылуучу жана өсүп жетүүчү окутуунун мазмунун, окутуунун усулдарын жана методикасын тандоо, бардык психологиялык жана педагогикалык изденүүлөр, табылгалар жана колдонууга киргизүүлөр, билим берүү мекемелеринин өздөрүнүн тармагы жана аларды башкаруу тутуму ж.б-.у.с. бардыгы түпкү жыйынтыкта билим берүү үчүн негизги категорияларды – өткөрүп берүүнү жана жуурулуштурууну "тейлөөгө багытталышкан.

**2. Жогорку билим берүү тутумунун өнүгүүсү.** Жогорку билим берүү тутуму дегеле билим берүү тутумунун бир бөлүгү болуп саналат. Аны билим берүү тутумунун кайсы бөлүгү жогорку деңгээлге көтөрөт? Бул суроого жооп издөөдө, мына ошондо жогорку билим берүү тутуму түшүнүгүнүн өзү ачык-айкын болуп калат, логикалык-гносеологиялык талдоону социалдык-тарыхый талдоо менен толуктоо зарыл. Майда-чүйдөсүн жөн коюп, жогорку билим берүү тутуму XII-XIII кылымдарда Европада алгачкы – Болонья,

Париж, Оксфорд, Кембридж, Неаполь ж.б. университеттердин пайда болуусу менен түптөлгөнүн эске салабыз. Орто кылымдардагы европалык университетте окутуу ошол мезгилдин эл аралык тили латын тилинде жүргүзүлгөн. Жети эркин же көркөм өнөрлөрдүн (лат. septem artes liberales) белгилүү байыркы схемасы: тривиум (trivium) – грамматика, риторика, диалектика жана квадривиум (quadrivium) – арифметика, музыка, геометрия, астрономия окутулган. Тривиумду өздөштүргөндөн жана тиешелүү экзамендик сынактан кийин искусствонун бакалавры даражасы, ал эми квадривиумду өздөштүргөндөн кийин магистр даражасы ыйгарылган. Факультетине жараша анын жогорку деңгээлдеринде илимдин магистринин жана докторунун даражалары ыйгарылган.

Майда-чүйдөсүнө берилбестен, XVI кылымда батыш европалык дээрлик 80 университеттин ичинен 50ү рим-католик чиркөөсүнүн күч-аракети менен түзүлгөндүгүн белгилей кетели. Бул жагдай жогорку билим берүү тутуму коомдун социалдык-когнитивдик түзүмүнүн элементи катары пайда болгондугу, андан кийин ошол нукта өнүккөндүгү жана кызмат кылгандыгы жөнүндө ачык-айкын күбөлөндүрөт.

Россияда жогорку билим берүү тутумунун калыптана баштоосу XVII кылымдын аягына XVIII кылымдын башына туура келет жана ал кийин Москва диний академиясына айланган Славян-грек-латын академиясынын негизделүүсү менен байланышкан. Россиядагы университеттик билим берүүнүн тарыхы болсо 1725-жылдан башталат, ушул жылы Илимдер академиясында Академиялык университет түзүлгөн, ал 1766-жылы угуучулардын жоктугунан улам жабыл-

ган. 1755-жылы М. В. Ломоносовдун демилгеси жана планы боюнча Москва университети ачылган. XIX кылымдын башында Дерпт (Тарту), Харьков жана Казань университеттери түзүлгөн.

1932-жылы уюшулган Кыргыз мамлекеттик педагогика институту республиканын эң алгачкы жогорку окуу жайы болгон. 1933-жылы Фрунзедеги политехникумдун базасында Кыргызстан зооветеринариялык институту ачылып, кийин ал К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтуна айланган. 1939-жылы сентябрда Кыргыз мамлекеттик медицина институту иштей баштаган. 1935-жылы Фрунзеде, 1939-жылы Ошто жана 1940-жылы Пржевальскиде мугалимдер институттары ачылган.

1950-жылдары республикада жогорку жана атайын орто окуу жайлардын саны арбыган. 1951-жылы Фрунзеде Кыргыз мамлекеттик университети ачылган. Ошол эле жылы Ош педагогика институту, 1952-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогика институту, 1953-жылы Пржевальск педагогика институту, 1954-жылы Фрунзе политехника институту, 1955-жылы Дене тарбия жана спорт институту, 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик искусство институту, 1979-жылы Фрунзедеги Орус тили жана адабияты педагогика институту ишке кирген.

XX кылымда жогорку билим берүү борбордошкон мамлекеттик бийликтин шарттарында түптөлгөн. Жогорку окуу жайлардын бардык түрлөрү совет мамлекетиин каражатына кармалган, алардын мүлкү мамлекетке таандык болгон. Жогорку окуу жайлардын максаты өлкөнүн социалдык-экономикалык кубатын арттыруу эле. Ошол доордо жогорку билим берүү коом алдындагы милдетин толук

актаган, республиканын эл чарбасы үчүн көптөгөн жогору квалификациялуу адистерди даярдаган.

XX к.а. – XXI к.б. республикабызда жогорку билим берүү тутуму андан ары өнүгүүсүн уланткан. Бул кезде бардыгы базар экономикасына баш ийдирилгендиктен, өлкөбүздүн аймагында ЖОЖдор жамгырдан кийинки козу карындай эле көбөйгөн, бул тенденция азыр да уланып келатат. Бүгүнкү күндө мамлекеттик ЖОЖдордун саны 33кө, мамлекеттик эмес ЖОЖдордун саны 40ка, жалпысы 73кө жеткен. Республиканын жогорку билим берүү тутуму азыр билимди экспорттоого, чет элдик студенттерди окутууга багыт алууда.

**3. Жогорку билим берүү тутумунун мааниси.** Жогорку мектептин, демек, жогорку билим берүүнүн бүткүл тарыхында университеттер бир жагынан жогорку билим алуу мекемелери катары, ал эми башка жагынан – бул биз үчүн өзгөчө маанилүү – илимий изилдөөлөрдүн лабораториялары катары чыгышкан. Илимдин, илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун негизги кызматы билимдерди өндүрүү – туудуруу болуп саналат. Ошентип, эгерде билим берүүнүн негизги кызматы билимдерди өткөрүп берүү – жуурулуштуруу кош кызматы болуп саналса, анда жогорку билим берүү тутуму өзү туулгандан баштап эле билимдерди туудуруу – өткөрүп берүү – жуурулуштуруу үч бирдигинин негизинде кызмат кыла баштаган. Биз үчүн жогорку билим берүү тутумунун "ишке салуучу" механизми катары ушул үч бирдиктин имманентүүлүгүн имманенттүүлүгүн, ажырагыстыгын, диалектикасын, демек, бүтүндүгүн түшүнүү маанилүү. Биз өткөрүп берүү менен жуурулуштуруунун ажырагыстыгын жогоруда белгилегенбиз. Илимий билимди коомдук уюштуруу катары анын дисциплиналык түзүмү чыгары

белгилүү. Бүгүнкү күндө, көптөгөн кылымдар мурункудай эле, бул илимий билимди уюштуруунун эң туруктуу формасы. Илим менен билим берүүнүн өз арамамилелери маселелерин козгошкон дээрлик бардык изилдөөчүлөр, илимий билимди дисциплиналык бөлүштүрүү менен окуу процессин дисциплиналык уюштуруунун ортосундагы так карымкатнашты белгилешет. Анан дагы, бул карым-катнаш ачык билинген эки тараптуу мүнөзгө ээ болот. Башкача айтканда, бир жагынан, билимди дисциплиналык уюштуруу илимий билимдердин бүтүндөй корпусу кийинки муундарга өткөрүп берүү жана аны өсүп келаткан муундар тарабынан өздөштүрүү (жуурулуштуруу) көз карашынан каралган учурда келип чыгат. Башка жагынан, илимий теориялардын мазмуну негизинен жаш муундарды окутуунун жана тарбиялоонун милдеттери менен шартталат жана берилет.

Биз жогорку билим берүү тутумунун когнитивдик аспектисине токтолдук. Албетте, социалдык өлчөм да өз ролун ойнойт. Ар кандай социалдык институттун түзүмүнө ишмердүүлүктүн максаты, мазмуну жана уюштурулушу сыяктуу факторлор чечкиндүү таасир көрсөтүшөт, ошол социалдык институт анын формасы болуп чыгат. Билим берүүнүн негизги максаты, жогоруда белгиленгендей, инсанды социалдаштыруу болуп саналат, ал адамдын биопсихикалык сапаттарынан улам үч негизги форманы жана этапты: бирдейлештирүүнү, жекелештирүүнү жана персоналдаштырууну камтыйт. Инсанды социалдаштыруунун ар бир этабынын максаты анын мазмунун жана уюштуруу формаларын аныктайт. Инсанды социалдаштыруунун биринчи этабына мектепке чейинки билим берүү, экинчисине – жалпы мектептик билим берүү жана үчүнчүсүнө – бардык түрлөрдөгү,

типтердеги жана деңгээлдердеги кесиптик билим берүү, өзгөчө жогорку билим берүү ылайык келет. Анан калса, жогорку билим берүү тутумунун социалдык өлчөмү катары персоналдаштыруу жогорку билим берүүнүн болуусунун бүткүл узактыгында орун алган жана орун алат (католик чиркөөсүнүн кучагында биринчи университеттердин пайда болушу, Россиядагы биринчи университеттер, Кыргызстандагы алгаскы жогорку билим берүү мекемелери, азыркы коомдогу жогорку билим берүүнүн ролу жөнүндө айтпаганда да).

Бул ой жоруулардын жыйынтыгын чыгарып, жогорку билим берүү тутуму илимди (маданиятты) туудуруу, өткөрүп берүү жана жуурулуштуруу үч бирдигине негизделген жана ушул мезгилдин баштапкы этабында адамды персоналдаштыруу милдетин чечкен социалдык-когнитивдик комплексти берет деп айтууга болот.

Ар бир тарыхый этапта адамды социалдаштыруу кызматы өзүнүн тарыхый шартталган ыктары жана механизмдери менен чечилген, алар азыр биз окутуу процесси же даярдоо тутуму деп атаган нерсени уюштурууну да өзүнө камтышат. Анан калса, коомдун керектөөлөрү менен шартталган жогорку билим берүүнүн масштабдарынын кеңейиши менен даярдоо тутуму, өзгөчө анын мазмуну, ченемдик убактысы, окутуу технологиялары ж.б.у.с. сыяктуу негиз болжоочу элементтеринде барган сайын бирдиктүү болуп калган. Аталган бирдиктешүү процесстеринин натыйжасы ар түрдүү өлкөлөрдө алынган билим деңгээлдерин таануу (нострификация) белгилүү жол-жобосу болуп саналат.

Коомдун өнүгүшү менен «Адам – Коом» оппозициясын аңдап-түшүнүүдөгү жана аксиологиялык баалоодогу тартылуунун борбору тарыхый өнүгүүнүн түп максаты катары

Коомдон Адамга оойт. Бул процесс өтө татаал жана бүгүнкү күндө бүтүшү күмөн, бирок тарыхый катталган тенденциялары таптакыр ачык-айкын. Билим берүүнүн, анын ичинде жогорку билим берүүнүн мисалында мунун далили окуучуга, студентке болгон көз караштардын эволюциясы болот. Бул жерде орто кылымдардагы католик университеттериндеги таяк тартибинен тартып – түпкү максаты билим берүүнү өзү билим алууга, тарбиялоону өзүн тарбиялоого, ишмердүүлүктүн үлгүлөрүн өздүк ишмердүүлүккө ж.б.у.с. айлантуу болгон азыркы чындап эле гуманисттик нукка каныктырылган жоболорго, уставдарга, студенттик контингенттерди түзүү тутумдарына, окутуунун жол-жоболоруна, билим берүүнүн жекече, инсандык боёктогу траекториясын аныктоонун берилген мүмкүнчүлүктөрүнө ж.б.у.с. (албетте, көп нерсе идеалдуу) чейин, азыркы тил менен айтканда бүткүл билим берүү тутуму топтоштурулган.

Эгерде жогорку билим берүүнүн масштабдары коомдун олуттуу бөлүгүнө таасир этсе, эгерде коомдук өнүгүүнүн динамизми адамды анын өмүрүнүн ичинде ишмердүүлүктүн бир түрүнөн экинчисине өткөрүү же ишмердүүлүктүн бир эле түрүнүн чектеринде анын мазмунун кайра-кайра өзгөртүү зарылдыгын күн тартибине коюп жатса, билим берүү тутуму – жана баарынан мурда жогорку билим берүү тутуму – мындай өткөрүү мүмкүнчүлүгүнүн өзүн камсыздоого тийиш. Мындай өткөрүү, "кайра жолго коюу" инварианттуунун негизинде гана болуп өтүүгө тийиш жана болуп өтө алат. “Инварианттуу – Вариативдүү” оппозициясы билим берүүнүн бардык этаптарында анын мазмунундагы милдеттүүнү жана тандалманы (факультативдүүнү, кошумчаны ж.б.у.с.) аныктайт.

Жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү бул карама-каршылыктын модустары билим берүүнүн өзүн жана анын негизиндеги адистикти же кесипти аныктаган анын мазмунунун бөлүктөрү болуп саналат. Бул – азыркы жогорку кесиптик билим берүүнүн "ички" учуру. Буга «сырткы» учурду кошолу: жогорку кесиптик билим берүүнүн түзүмү адамдын билим берүү мейкиндигиндеги өзүмдүк билим берүү траекториясын «сызуу» мүмкүнчүлүгүнө жана зарылдыгына ыңгайлаштырылган болууга тийиш. Демек, анда иш жүзүндө билим берүү траекториясын инсандык түзөтүү, тууралоо болуп өтүүчү “бутактануу чекиттери”, “кайтаруу, үзүлүү чекиттери” сөзсүз болуусу абзел. Бул “бутактануу чекиттери” сөзсүз түрдө жогорку кесиптик билим берүү тутумуна көп деңгээлдүү түзүмдү беришет.

Ойлордун ушул бүтүндөй бир комплексин ишке ашыруу жок дегенде бир шартты аткармайынча мүмкүн эмес. Жогорку кесиптик билим берүү тутумунда жалпы билим берүүчү программалардын блогу (ЖБП) жана кесиптик программалардын блогу (КП) бири-биринен так ажыратылууга тийиш. Биринчиси билим берүүнүн мазмунундагы инварианттууну ишке ашырууну камсыздайт, ошону менен стратегиялык кызматтарды аткарат. Бул блок өзүнүн мазмуну боюнча кыйла консервативдүү, бирок аны ишке ашыруунун ыктары боюнча ийкемдүү жана мобилдүү болууга тийиш. Экинчи блок коомдун, конкреттүү аймактын керектөөлөрүн ЖБПнын негизинде адисти кесиптик даярдоонун мазмунуна, формаларына, ыктарына “өзгөртүп түзөт”. Анан дагы КП түпкү жыйынтыкта студент тарабынан аныкталуучу ар түрдүү мезгилдик аралыктарда ишке ашырылышат.

Билим берүү ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү кырдаалдын кескин өзгөрүүсү жөнүндө айтууга бизде толук негиз бар. Анан бул жерде биз кагылыша турган биринчи жана башкы проблемалардын бири, бул максат проблемасы: кимди жана эмне үчүн даярдап жатышат? Башкы максатты аныктоо аны биринчи, экинчи ж.б.у.с. катардагы максаттарга (максатчаларга) өзгөртүп түзүүнү болжолдойт: даярдоонун мазмунунун айрым блокторун ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүктүн макаты, алар аркылуу кафедралардын, факультеттердин максаттары, айрым дисциплиналардын максаттары менен милдеттери ж.б.у.с. окуу сабактарынын айрым түрлөрүнүн максаттарына чейин. Бизге ишмердүүлүктү билим берүү процессинин чектеринде долбоорлоочу жана жөнгө салуучу максаттарды ченемдик документтерге айландыруу механизмдери керек. Алсак, мисалы, билим берүү стандарттары максаттар проблемасын чечүүнүн тигил же бул ыгы аркылуу гана түзүлө алышат.

ЖОЖдордун ишмердүүлүгүндөгү максаттар проблемасынын дагы бир кыры бар. Эгерде максат – бул ишмердүүлүктүн натыйжасынын болушунун идеалдуу формасы болсо, анда бул сапатта ал ошол натыйжалардын өздөрүнүн баштапкы чен-өлчөмү катары чыгат. Мындан жок эле дегенде эки проблема келип чыгат:

– чен-өлчөмдүн идеалдуу мазмунун предметтик-ченемдик мазмунга – билим берүү стандарттарына көчүрүү, өзгөртүп түзүү;

– билим берүү ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын стандарттар менен катнаштыруу, салыштыруу механизмдерин калыптандыруу, б.а. стандартташтыруу механизмдерин калыптандыруу.

Айтылгандарды кыскача жыйынтыктай турган болсок, биз жогорку билим берүүнүн каалаган вариантын ишке ашыруу сөзсүз анын философиялык жана методологиялык проблемаларына көңүл бурууну талап кылаарын көрөбүз.

## 7-ЛЕКЦИЯ. МУГАЛИМ БИЛИМ БЕРҮҮ ТУТУМУНДА

**Планы:**

1. **Мугалимдин инсаны**
2. **Мугалим менен окуучу карым-катнашы**

**1. Мугалимдин инсаны.** Педагогикалык ишмердүүлүк, инсанды социалдаштыруу боюнча ишмердүүлүк катары, социалдык-маданий жана инсанга багытталган программалардын катнаштыруунун чектеринде болуп өтөт. Катнаштуулуктун өлчөмү менен мүнөзү коомдун өнүгүү даражасы жана деңгээли менен аныкталып, өз кезегинде педагогикалык ишмердүүлүктүн бүткүл тутумун беришет. Мында социалдык-маданий программалар тутуму педагогикалык ишмердүүлүктөгү инварианттуунун базасы, негизи катары чыгат, ал эми инсанга багытталган программалар ошол ишмердүүлүктүн вариативдүү түзүүчүсүн беришет.

Эгерде маданият оң социалдык болсо, ал эми социалдыктын негизи, тутум түзүүчү элементи адам болсо, анда өткөрүп берилүүчү маданияттын мазмуну да түпкү эсепте адам, анын өзүмдүк актуалдуу жана дараметтүү мазмунунун бардык байлыгы болуп саналат. Бул жерден биз билим берүү ишмердүүлүгүнүн субъектиси катары мугалимдин инсаны, анын гносеологиялык жана методологиялык ма-

дanияты проблемасына чыгабыз. Коом өзүнүн өнүгүүсүнүн кайсы гана этабында болбосун коомдук тажрыйбаны ким өткөрүп жатканына объективдүү түрдө кайдыгер эмес. Мугалимдин инсаны коомдун социалдык-маданий программаларын жана мугалимдин өзүнүн инсанга багытталган программаларын бириктирүүнүн, жуурулуштуруунун чексиз сандагы ыктарынын таң калыштуу жана кайталангыс, бирок ошол эле учурда тарыхый-социалдык жактан шартталган чордонун берет.

Маданиятты өткөрүп берүү боюнча ишмердүүлүктүн тутумунда субъекти катары чыгып, мугалим бул ишмердүүлүктү ал жүзөгө ашырылып жаткан чөйрөнүн ченеминин чектеринде гана эмес, өзүнүнөзүмдүк ченеминин чектеринде да уюштурат. Жана ошол чектерде өткөрүп берилүүчүнүн мазмунуна сөзсүз түрдө анын өзүмдүк Менинин мазмуну кошулат. Бул мааниде инсанды өткөрүп берүүсүз маданиятты өткөрүп берүү жок. Байыркы цивилизацияларда эле окутууну түшүнүүнүн жана чечмелөөнүн баштапкы варианттары түпкү жыйынтыкта мугалимдин окуучуда кайра өндүрүлүшү катары чечмелениши бекеринен эмес. Мында окутуунун мазмунунун, усулдарынын жана механизмдеринин өзү багыныңкы ролду ойногон. Алсак, байыркы индиялык маданиятты изилдөөчүлөрдүн бири В. В. Семенцов мындай деп жазат: «…ыйык текст… окутууда кыйла баш ийүүчү, аспаптык роль ойногон; башкы максат текстти эмес, мугалимдин инсанын кайра өндүрүү – андан окуучунун руханий төрөлүүсү болгон. Дал ушул – руханий жандык катары мугалимдин жандуу инсаны – ыйык тексттин жардамы менен веда маданиятын өткөрүп берүү процессинде муундан-муунга өткөрүп берилген ошол маз-

мун болгон. ...Инсанды мындай өткөрүп берүү орун алган учурларда маданият кайра өндүрүлөт, тескерисинче болгон учурда – жок» (В. В. Семенцов. Учитель и книга в древнеиндийской культуре // В кн. Проблемы школьного учебника. Вып. 19. – М., 1990, с. 14.). В. В. Семенцовдун бул принцип байыркы Индия үчүн гана адилеттүү болбостон, башкалар үчүн да адилеттүү дегенине кошулабыз.

Өзүнүн өнүгүүсүнүн ар кандай тарыхый баскычтарында мугалимдин бул Мен-мазмунунун болмушунун чектери коом тарабынан жетишерлик кеңири белгиленет: өткөрүп берүү тутумундагы мугалимдин кандайдыр бир маанилүү ролун тануудан тартып, аны окутуунун мазмунунун жападан жалгыз алып жүрүүчү жана булагы катары өзгөчө ардактоого чейин. Коом бул ырастоону социалдык институт катары билим берүү тутуму түрүндө берилген мугалимдин социалдык макамынын, өткөрүп берүү чөйрөсүнүн жана шарттарынын социалдык, ал тургай, мамлекеттик бекитилген формалары катары көрсөтөт.

Коом тарабынан мугалимдин ролун тануу учуру, өз кезегинде, мугалимге инсан катары толук көңүл бурбоодон – жана бул учурда мугалим болуп коомдук тепкичте окуучудан төмөн турган инсан тандалат – мугалимдин расмий жар салынган, жогору социалдык макамына чейинки чектерде уюлдашат, аны даярдоо тутумунун жана ишмердүүлүк шарттарынын мамлекеттик-ченемдик формасы, антсе да, билим берүүнүн мазмунунда мугалимдин инсанын өзү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн чоң өлчөмдө жокко чыгарышат. Биринчи учурда билим берүүнүн тарыхы бизге коомдук тепкичте өзүнүн окуучусунан, тарбиялануучусунан төмөн турган адам мугалим, насаатчы болуп саналган

бардык мезгилдердин жана элдердин үй мугалимдеринин көптөгөн мисалдарын келтирет. Экинчи учурда биз көбүрөөк типтүү мисалдарды эң жаңы мезгилдин көптөгөн тоталитардык коомдорунан көрөбүз.

Өткөрүп берүү тутумундагы мугалимди, анын ролун өзгөчө ардактоо билим берүү тутумунун жетилүү даражасы төмөн коомдордо байкалат. Инварианттуу үстөмдүк кылган жетилүү даражасында социалдык-маданий программалардын стандарттары басымдуулук кылышат. Мындай коомдордо социалдык-маданий программалардын стандарттарынын материалдык-белгилик алып жүрүүчүлөрү сейрек, жеткиликсиз жана түшүнүү кыйын. Бул көз караштан социалдык-маданий программалардын бүткүл мазмунунун жападан жалгыз алып жүрүүчүсү, алардын жападан жалгыз байланыштыруучусу жана түшүндүрүүчүсү мугалим болуп чыгат. Ушул жагдай мугалимди өзгөчө ардактоону алдын ала аныктайт, ал билим берүүнүн "мугалимден окуучунун руханий төрөлүүсү" катары кайсы бир адептик-баалуулуктук, максаттык орнотмолорун кабыл алат.

Ошентип, маданиятты өткөрүп берүүгө инсанды өткөрүп берүү катары көз караш миң жылдык тарыхка ээ болот. Жогоруда эскерилген байыркы индиялык маданият мугалимдин инсанын өткөрүп берүүнүн ыкмалары менен усулдарынын абдан өркөндүү, кынтыксыз, жөнгө салынган тутумдарынын бири болуп саналат. Тексттердин өздөрү эбегейсиз зор чыгармачылык кубатка ээ болгон, окуучулардын ондогон муундарын руханий жактан уруктандырууга жөндөмдүү мугалимдердин ондогон ысымдарын бизге жеткиришет. Ушунун эле өзү башка маданияттарга да тиешелүү. Байыркынын көптөгөн окумуштууларынын –

Мугалимдеринин (!) ысымдары – бүгүнкү күндө да руханий өндүрүшкө таасир кылышат.

**2. Мугалим менен окуучу карым-катнашы.** Бүгүнкү күндө да мугалимдин ролун жогору баалоо менен бирге, тарыхый жактан шартталган мугалимдин окуучудан бөлүнүүсүн, алыстоосун да белгилөө керек. Байыркы Индияда гана эмес, мисалы, Байыркы Грецияда Сократтын убагында окуучу менен мугалимдин баарлашуусу жандуу жана түз болгон. Анан дагы, мезгили боюнча окуучу менен мугалимдин тарыхый алыстоосу – илимий билимдердин пайда болушу, илимдин өзгөчө коомдук институтка бөлүнүшү, анын көлөмдөрү толук өткөрүп бериле да, жуурулуштурула да албаган учурда - дал келет дагы, дал келбейт дагы. Дал ушул жерде, ушул учурда мугалимди окуучудан алыстаткан окуу предмети өз болмушунун бардык тарыхый формалары жана модустары менен келип чыгат. “Мугалим – Окуучу” тутуму бара-бара “Мугалим – Окуу предмети – Окуучу” тутумуна, андан кийин “Мугалим – Илим – Окуу предмети – Окуучу” тутумуна айланат.

Цивилизация коомдук тажрыйбанын (маалыматтын, билимдин, мотивациялык орнотмолордун, социалдык-маданий программалардын ж.б.у.с.) топтолуусу, тутумдаштырылуусу, кайра иштетилүүсү, сакталуусу жана өткөрүп берилүүсү тынымсыз болуп өткөндүктөн гана жашайт жана өнүгөт. Дал ушул жагдай ар бир муунга, айрым адамга өзүнүн коомдук-тарыхый ишмердүүлүгүн, жашоосун адамзаттын ушул мезгилге чейин жетишкендигине таянып баштоого жол берет. Биздин доордо билимди өткөрүп берүүнүн эң маанилүү коомдук институту – маданияттын өткөрүп берүүчүсү – шекксиз, билим берүү тутуму болуп саналат.

Ошондуктан, коомдогу кескин тарыхый өзгөрүүлөрдүн учурунда билим берүү тутумуна болгон кызыгуунун күчөгөнү бекеринен эмес: кандай баалуулуктар тутуму өткөрүп берилип жатат? Ал кайра карап чыгууга жатабы? Кандай философиянын, методологиянын, саясаттын, кандай уюштуруу механизмдеринин негизинде жаңы, башка баалуулуктар тутуму иштелип чыгат? Анан, албетте, бул жердеги башкы суроолордун бири – билимдерди КИМ өткөрүп берет, башкача айтканда, бүгүнкү күндө мугалим кандай, педагогикалык кадрларды даярдоо тутуму кандай? Анын мазмундук толтурулушу жана ошол мазмундун түзүмү кандай? Акыркы учурда биз мугалимди даярдоонун мазмунунун тутум түзүүчү элементи катары анын маданияты проблемасына келебиз. Жалпы логикага таянып, биз аны коомдун “беш өлчөмдүүлүгүнүн” призмасы аркылуу карайбыз (1-лекция): мугалимдин маданияты өзүнө билим берүү жөндөмдүүлүктөрүнүн, билим берүү керектөөлөрүнүн, билим берүү ишмердүүлүктөрүнүн, билим берүү мамилелеринин жана билим берүү институттарынын блокторун камтууга тийиш. Мугалимдин педагогикалык маданиятынын түзүмүн жана аны калыптандыруунун механизмдерин мындай түшүнүү педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча ишмердүүлүктү уюштуруунун мүмкүнчүлүктөрүн чоң өлчөмдө кеңейтет.

# 8-ЛЕКЦИЯ. ОКУУ ПРЕДМЕТИ БИЛИМ БЕРҮҮ ТУТУМУНДА

**Планы:**

1. **Илим жана окуу предмети**
2. **Окуу мазмунун уюштуруунун редукциялык принциби**

**1. Илим жана окуу предмети.** Илимдин да, билим берүүнүн да азыркы мазмунуна биздин мурункулар түптөгөн тарых киргендиктен, бул өткөрүп берүү билимдин гана эмес, аны туудуруунун да атрибуту экенин гана билдирет. Бул илим иммaненттүү түрдө өткөрүп берилерн, демек илимдин маңыздык мүнөздөмөсү анда өткөрүп берүү даражетинин барлыгы болуп саналары дегендик. Бирок бул илим ошончолук эле имманенттүү түрдө жуурулушат, өздөштүрүлөт дегендик эмес. Өзүнүн синкреттик абалынын стадиясында ал толугу менен өткөрүлүп берилген, өткөрүп берүүнүн предметине, б.а. өзүнүн окуу предметине окшош болгон. Билимдин көлөмүнүн өсүүсү, анын татаалдануусу менен билимдердин жыйындысы окуучунун гана эмес, мугалимдин да биопсихикалык мүмкүнчүлүктөрүнөн аша баштаган. Бул илимди окуу предметине өзгөртүп түзүүнүн белгилүү бир механизмдерин калыптандыруу үчүн объективдүү негиз болуп саналган. Маселенин маңызын жакшыраак түшүнүү үчүн бизге илимди ыңгайлуу түрдө элестетүүгө туура келет.

Салттуу түрдө «илим» деп кеңири мааниде билимди, ишмердүүлүктү, коомдук институтту, академиялык тутумду, илимий-техникалык революцияны, ошондой эле ушул

элементтердин жана алардын айкалыштарынын бардык ойго келген, мүмкүн болгон туундуларын боолголошот.

**Илимий-техникалык революция.** Маңызы – жандуу эмгекти сүрүп чыгаруу, билимдин күчүн түздөн-түз технологиялык, өндүрүштүк күчкө айландыруу. Камтуунун масштабдуулугу (планеталык деңгээл) турумдарынан – эки фаза: 1) куралдык-шаймандык (XX кылымдын ортосунан баштап: билимди туруктуу, үзгүлтүксүз пайдалануу шарттамында кызмат кылган ири масштабдуу, кубатты көп талап кылган машиналык өндүрүш), 2) маалыматтык (XX кылымдын аягынан баштап).

**Академиялык тутум.** Маңызы – мекемелердин тармагы, илимий изилдөөлөр («жалпыга бирдей ой жүгүртүү эмгеги» – В. В. Ильин), илимий кадрларды даярдоо, илимий байланыштын өнүккөн формалары.

**Социалдык институт.** Маңызы – саясий-укуктук, жарандык-адептик, конитивдик-методологиялык өлчөөлөр (мыйзамдар, саясий макам, каржы, кадрлар (илимий даражалардын жана наамдардын реестри, аларды ыйгаруу жөнүндө жобо), гносеологиялык орнотмолор, адеп-ахлак кодекси (коомго кайрылганы анын жарандык-адептик аспектисин берет; илимдин ичине кайрылганы кодекстин когнитивдик-методологиялык аспектисин берет), илимдин идеалы ж.б.

**Ишмердүүлүк.** Маңызы – эки сапаты: социалдык (ролдук кызматтары, кызматтык милдеттери ж.б.) жана когнитивдик (универсалдуулук (мурдагылар менен замандаштардын кызматташтыгы) кайталангыстык, персоналдаштырылгандык, демократизм, жамааттык (өнөктөштүк, диалог, дискуссия ж.б.) өңдүүө мүнөздөмөлөрү бар чыгармачылык жол-жоболор).

**Билим.** Маңызы – атайын тастыкталган таанымдык бирдиктердин (эмпирикалык, теориялык, колдонмо натыйжалар, теориялар, гипотезалар, божомолдор, мыйзамдар ж.б.у.с.) тутуму.

Илимдин маңыздуу кызматы жана арналышы – илимий ишмердүүлүктүн өнүмү, натыйжасы болгон илимий билимди өндүрүү, туудуруу болуп саналат. Өзүнүн ушул маңыздык сапатында илим кеңири мааниде адамзат маданиятынын эң маанилүү элементтеринин бири болуп чыгат, ал адамдын өнүгүүсү көз карашынан алганда бардык социалдык маанилүү жана оң нерселер катары чечмеленет. Ушуга байланыштуу маданияттын курамынан үч: маалыматтык, операциялык жана мотивациялык тегиздикти бөлүү эвристикалык жактан акталган болот. Илимде (кеңири мааниде) маданияттын үч түзүүчүсү тең көрүнөө чагылдырылганын көрүү кыйын эмес: маалыматтык, операциялык жана мотивациялык (мисалы, мотивациялык – “социалдык институт” бөлүмүндө).

Илимий (илимге тиешелүү) билимдердин жыйындысы – бүткүл илимдин өзү сыяктуу эле – бир тектүү эмес, көп баскычтуу, көп деңгээлдүү. Анын бир тектүү эместиги билимдин акыйкаттуулугун тастыктоонун, аны илимий деп квалификациялоонун тарыхый жактан шартталган жол-жоболору менен, идеалдуу-илимий билимдин моделинин мазмунун же илимийлүүлүктүн чен-өлчөмдөрүн, илимдин эталондорун түзгөн нерсе менен аныкталат. Акыйкаттыкты тастыктоонун өтмүшкө кайрылган жол-жоболору, алар өздөрүнөн мурдагы жол-жоболордун генетикалык формалары катары чыгышат, илимдин «туура бөлүгүн» моралдык жактан эскирген, бүгүнкү күндүн турумдарынан акыйкат-

сыз, жаңылыш, жалган болгон «туура эмес бөлүгүнөн» бөлүшөт, чегин аныктоо жүргүзүшөт. Илимдин бекем өзөгү (туруктуу илимдин модусундагы билим, анын «туура бөлүгү») жана бардык башкалардан тышкары, баалуулугу өтпөс фондду, илимий идеялардын коругун, илимий ишмердүүлүктүн түрткүсүн берген илимдин тарыхы ушундайча калыптанат. Акыйкаттыкты тастыктоонун келечекке кайрылган жол-жоболору кайталануу, термелүү шарттамында иштеген илимдин алдыңкы саптарын алга сүрөшөт (активдүү издөө модусундагы билим: андан ары текшерилүүгө тийиш болгон гипотезалар, илимий божомолдор, өнүгүп жаткан теориялар ж.б.у.с., мындан алга суурулуулар, артка кайтуулар). Илимдин бекем өзөгү, тарыхы жана анын алдыңкы саптары – объективдүү илимий кубулуштарды билдирген жана кеңири колдонулган түшүнүктөр.

Аталган кубулуштарды шайман катары колдонуу табигый, так жана коомдук илимдердин ортосундагы айырманы жетишерлик оңой түшүндүрүүгө жол берет. Так илимдердин маңызы, онтологиясы эки бөлүктөн турат: так илимдердеги универсалийлер антропологиялыктан ажыратылган жана бекем өзөктө топтоштурулган. Ошондуктан, уникалийлер, анын ичинде персоналийлер илимдин тарыхы бөлүмүндө топтоштурулган. Социалдык билимде болсо антропологизмдерди билимдин мазмунунан “сүрүп чыгаруу” принцибинде мүмкүн эмес – антропологиялык социалдык билимге таандык, ошондуктан, универсалдуу менен уникалдуунун ширетмесин берет. Ошол эле учурда бул айырмалар антагонисттик мүнөзгө ээ эмес: негизги эпистемиологиялык параметрлер боюнча (формалдуу карама-каршылыксыздык, сындалуучулук, себептүүлүк,

алаксытуучулук, жалпы маанилүүлүк, тажрыйбалык ыңгайлашкандык талабы ж.б.у.с.) илимдин бул жыйындылары чөйрөгө ылайыкташуучу болуп саналат.

Илимди окуу предметине өзгөртүп түзүүнүн механизмдерин айкындоо максатында биз кең маанидеги илимди тар маанидеги илимге төмөндөтөбүз: илим = {предмет, усул, категориялык аппарат, теория (номологиялык талаа), праксиология}. Б.а. биз илимди белгилүү бир тутум катары карайбыз. Тар маанидеги илимдин элементтеринин ар бири илимде түз же кыйыр түрдө кеңири мааниде берилген: предмет – билимде, усул – коомдук институтта жана ишмердүүлүктө, категориялык аппарат – билимде жана ишмердүүлүктө, теория, праксиология – илимий-техникалык революцияда ж.б.у.с.

Өз кезегинде кеңири маанидеги илим тар маанидеги илимди тегерете курчаган коомдук-когнитивдик талаа катары чыгат. Бул тегерете курчоодон атрибутивдик (когнитивдик жол-жоболор, универсалдуулук) жана атрибутивдик эмес (саясий-юридикалык өлчөмдүн тыгыздыгы, каржы) бөлүктөр бөлүнүшөт.

Илимий байланыштар жана жамаатчылдык илимий ишмердүүлүктүн чөйрөсү жана шарты катары чыгышат, тар маанидеги илимди өткөрүп берүүнү камсыздашат жана ошону менен анын атрибутивдик мүнөздөмөсүн өткөрүп берүү болуп калышат. Биздин карообуздун предмети тар маанидеги илим болуп саналат. Белгилүү, жалпы кабыл алынган мааниде окуу предмети дал ошол тар маанидеги илимди кандайдыр кайра иштетүү катары көрүнөт.

Өткөрүп берүү илимдин атрибуту экендигин жана илим ошончолук эле атрибутивдик түрдө жуурулушарын, өздөш-

түрүлөөрүн белгиледик (ансыз универсалдуулук мүмкүн эмес). Өзүнүн синкреттик абалынын стадиясында ал толугу менен өткөрүп берилген, б.а. өткөрүп берүү предметине – өткөрүүчүгө – өзүнүн окуу предметине окшош болгон. Билимдин көлөмүнүн өсүүсү, анын татаалдануусу менен билимдердин жыйындысы бир гана алуучунун эмес, өткөрүүчүнүн (өткөрүүчүлөрдүн) да биопсихикалык мүмкүнчүлүктөрүнөн аша баштады. Бул илимди өзгөртүп түзүүнүн ошондой механизмдерин калыптандыруу үчүн объективдүү негиз болгон, аларды жүзөгө ашырууда аны өзгөртүп түзүүнүн натыйжасы – өзгөртүүчү – а) илимдин бардык маанилүү белгилерин сактап калат жана б) аны алуучунун жуурулуштуруусу үчүн мүмкүнчүлүккө, дараметке ээ кылынат.

Окуу предметинин биринчи, жалгыз эмес, бирок башкы, негизги, тутум түзүүчү мүнөздөмөсү мына ушундан: окуу предмети өткөрүүчүнүн бардык маңыздык мүнөздөмөлөрүн гана сактап калбастан, алуучу тарабынан жуурулуштурулган болуу жөндөмдүүлүгүнө да ээ кылынган илимдин ушундай бир өзгөртүүчүсүн берет. Айтылгандарды башка жол менен да берүүгө болот: окуу предмети жүйөөлөрү, өзгөрмөлөрү илим (өз предметинин, усулунун, категориялык аппаратынын, теориясынын жана праксиологиясынын биримдиги) жана алуучу болуп саналган кайсы бир f кызматты берет:

**Окуу предмети = f (илим, алуучу).**

Анан калса f – бул алуучуга анын маанисин жуурулуштуруу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган ушундай бир кызмат.

Ошентип, окуу предмети, математикалык тил менен айтканда, өзүнүн алуучусуна, дарек ээсине ээ болгон жана дарек ээси тарабынан жуурулуштурулган болуу жөндөм-

дүүлүгүнө ээ кылынган илимдин кайсы бир гомоморфтуу элеси болот:

f

Илим ---------------- > Окуу предмети

Берилген "илим" параметринде f табияты жана түзүмү кандай? Биринчи жакындоодо f окуу предметин куруунун максаттарынын блогу менен түзүлөт, ага үч өлчөмдүү түзүм берүүгө болот: А) алуучунун (жеке индивид, топ, муун, социалдык катмар ж.б.у.с.) болмушунун тиби же деңгээли, анын биопсихикалык, социокогнитивдик мүнөздөмөлөрү, социалдаштыруунун колдо бар деңгээлдеринин жеке жана интегралдуу маанилери, инсанга багытталган программалардын жетилгендиги (мисалы, билим деңгээли же дегеле өнүгүү деңгээли, тандалган окутуунун багыты жана адистиги), алуучунун таанымдык-өзгөртүүчүлүк дараметинин болжолдонгон өсүүсү (адамдын өнүгүүсүнүн өсүүсү) ж.б-.у.с.; В) берилген коомдогу билим берүү тутумун берүүчү вектордук талаа (мамлекеттин тиби, анын экономикалык абалы, социалдык преференциялар жана жыйынтык катары – берилген коомдо билим берүү тутумунун кызмат кылуусунун параметрлери); С) А) менен Б)нын тарыхый өнүгүү огуна хронометриялык сүрөттөлүштөрү.

Эгерде С параметрин бекитип, А жана В окторун калибрлей турган болсок (алардын параметрлерин бөлүп алуу жана сызыктуу куруу – дидакттардын, педагогдордун, психологдордун, социологдордун, билим берүүнү уюштуруучулардын, адис окумуштуулардын милдети), анда f кызматын (анын типологиясын, же эгерде f – функционал болсо, анда анын маанилерин) матрица аркылуу схема түрүндө берүүгө болот:

**f**

| A<br>B | 1 | 2 | . . . . . | n |
|---|---|---|---|---|
| 1 | (11) | (12) | . . . . . | (1n) |
| 2 | (21) | (22) | . . . . . | (2n) |
| .<br>.<br>. | . | . | . . . . . | . |
| M | (m1) | (m2) | . . . . . | (mn) |

А менен В үчүн маанилерди тандап, биз аны менен **f** маанисин тандайбыз, бекитебиз:

**f** = **f**ij

**f**нын «илим» аргументине натыйжалоочу таасир кылуусу «кесинди» мүнөзүнө ээ болот: **f** илимдн ар бир элементине таасир кылат жана аларды окуу предметинин мазмунунун элементине көчүрөт:

**Окуу предмети** = {**f** (предмет), **f** (усул), **f** (категориялар), **f** (теория), **f** (праксиология)}

Окуу предметинин ар бир параметри боюнча **f** (….) (ал эми бул **f** жана (…)!), анын типтештирүүсүн жүргүзүүгө болот. Бул баарыдан мурда окуу предметинде илимдин маңыздык мүнөздөмөлөрүнүн берилгендигинин көлөмү жана деңгээли – илимдин элементтеринин модустары деп атоого болчу нерсе:

- предмет (деңгээлдер);

- теория (илимий жоболорду негиздөөнүн негизги мыйзамдары, же бардык мыйзамдары, же болбосо ыктарынын бир бөлүгү, берилгендиги: бул жерден биз, мисалы, жө-

нөкөй мектептер үчүн математиканы, физиканы ж.б.у.с., адистештирилген мектептер үчүн математиканы, университеттер, ЖТОЖдор, ПЖОЖдор ж.б.у.с. үчүн математикалык анализди көрөбүз);

- ЖОЖдон кийинки билим берүү үчүн окуу предметтеринде категориялык аппарат, усул даана берилген;


- праксиологияга – колдонмо окуу предметине басым жасоо. Бул параметр боюнча табигый-илимий түрмөктүн окуу предметтери, мисалы, техникалык ЖОЖдо жана классикалык университетте ж.б.у.с. өз ара маанилүү айырмаланышат.

Ошентип, окуу предметин берген f кызматы адам тарабынан да, коом тарабынан да кээ бир талаптар аткарылганда максималдуу жуурулушууну камсыздоочу шарттар менен аныкталат. Ошондуктан, бул шарттар «Адам – Коом» оппозициясы тарабынан уюлдашат жана социалдаштырууда жоюлат. Демек, бардык шарттар инсанды идентификациялоо, жекелештирүү жана персоналдаштыруу максаттары менен берилген үч топко бөлүнөт. Андан ары үч топтун ар бири көрсөтүлгөн үч топтун ар биринде берилген “Адам – Коом” оппозициясынын модустары менен аныкталган курамдык элементтерге “бөлүнүшөт”. Бул элементтер окуу предметинин негизги параметрлери катары чыгышат жана окуу предметин курууга карата негизги талаптарды аныкташат, аны куруунун негизги принциптерин айкындашат. Натыйжада, окуу предмети адамзат маданиятынын маанилүү бөлүгү катары илимдин бардык үч катмарын (маалыматтык, операциялык жана мотивациялык) бириктирген белгилүү стандарттар түрүндө чыгат. Дал ушул жерден билимдерди өлчөө, тутумдаштыруу, маалыматтык, операция-

лык жана мотивациялык компоненттерд н биримдигинин модусу катары билим берүүнүн, окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги проблемалары пайда болушат.

Социалдык-саясий факторлордун ролу темасында бир сюжет. В огунун f курулмасына тийгизген таасири гуманитардык илимдерге карата абдан ачык жана белгилүү. Бирок ал өзүн табигый-илимий дисциплиналарда жана математикада да көрсөтөт. Табигый-илимий түрмөктүн окуу предметтеринде утилитардык-материалдык ырааттагы баалуулуктар руханий баалуулуктардан байкаларлык үстөмдүк кылган коомдордо илимдин практикага багытталган сегменттери (утилитардык мааниде праксиология) толук өз алдынча мүнөз күтөт жана тескерисинче. Айрыкча, эгерде алуучунун деңгээли өлкөгө тиешелүү болсо. Мисалы, Европа өлкөлөрүнүн мектептериндеги математика курстары, америкалык университеттердеги белгилүү кырдаал, анда “математика менен физиканы орустар жана индустар окутушат, ал эми кытайлар окушат” – бир жагынан, жана Россиянын мектептериндеги табигый-илимий түрмөктүн предметтеринин салттуу жогорку теориялык деңгээли – экинчи жагынан.

Майда-чүйдөсүн жөн коюп айтканда, илимдин денесинен окуу предметине материалды анын бекем өзөгүнөн алдыңкы сабына карай «алуу» багыты билим берүүнүн деңгээлинин жогорулоо багыты менен дал келет, деңгээл канчалык жогору болсо, окуу предметинин мазмунун «алуу» бекем өзөгүнүн чордонунан ошончолук алыс жана алдыңкы сабынын тышкы чегине ошончолук чукул болуп өтөт.




Берилген схема ар кандай типтеги ЖОЖдордун окутуучуларынын объективдүү типологиялык мүнөздөмөлөрүн айырмалоо үчүн негиз боло алат. Мисалы, педагогикалык ЖОЖдун жана классикалык университеттин. Биринчи учурда окутуучунун ишмердүүлүгүндөн оордук борборунун билимди өткөрүп берүүгө (ЖОЖдун өнүмү (бүтүрүүчүсү) да окутуучу), экинчисинде – билимди туудурууга (ЖОЖдун өнүсү – изилдөөчү) карай байкалаарлык жылышуусу байкалат.

Окуу предметин мындай түшүнүүдө – керек десе жетишсиз толук жайылтылган болсо да – окуу предмети менен окуу китебинин айырмасын түшүндүрүү оңой (алардын аралашуусу тиричилик деңгээлинде гана эмес, кеңири таралган көрүнүш): окуу китеби окуу предметинин жашоосунун тарыхый өтмө формасы, болмуш ыгы болуп саналат. “Адам – Коом” тутумунун өнүгүшү менен окуу предметинин

жашоо формасы да сөзсүз түрдө өзгөрөт. Алсак, илимий билимдин синкреттик абалынын стадиясында окуу предмети өзүнүн илими менен дал келген жана тигил же бул алып жүрүүчүдө (папирустар, байыркы грек окумуштуусу чийген жана өз окуучуларына «Карагыла!» деген талап менен далил катары көрсөткөн кумдагы геометриялык фигуралар, манускрипттер, биринчи китептер ж.б.у.с.) берилген ар кандай илимий трактат окуу китеби катары чыккан. Кийинчерээк келечектеги окуу китептеринин прототиптери алардын азыркы түшүнүгүндө пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин принципсиз мүнөздөгү өзгөртүүлөр менен сакталып калган. Маалыматтык коом – "Адам – Коом" тутумунун өнүгүүсүнүн башка деңгээли – окуу предметинин жашоонун жаңы формаларын, мисалы, магниттик алып жүрүүчүлөрдө, алдын ала аныктайт.

**2. Окуу мазмунун уюштуруунун редукциялык принциби.** Бүтүндүктүү мамиле билим берүү процессин жана анын мазмунун уюштуруудан болмуштун бүткүл карама-каршылыктуу динамикасы менен толуктугун чагылдырууну талап кылат, ал эми окуу китеби болмуштун бүтүндүгүн, бүткөн, аягына чыккан бөлүгүн жайып-жазууга, кайра туудурууга жөндөмдүү анын оромдолгон түрдөгү өзүнчөлүктүү модели болуп калууга тийиш.

Болмушту сактоонун принциптери анын бөлүктөрүнөн бүтүндү кайра туудуруу тенденциясын жана мүмкүнчүлүгүн беришет. Бул жагдай маданиятты өткөрүп берүүнүн редукциялык ыгынын объективдүү негизи болуп саналат. Маданияттын белгилүү бир бирдиги – культурема – өзү кандайдыр бир бүтүндүк, тутум болуп, өзүндө кыйла кеңири культуреманын – метакультуреманын издерин ором-

долгон, мурасталган, жабык түрдө алып жүрөт, – ага карата баштапкы культурема элемент катары чыгат жана ал өзүнүн бир бөлүгү катары берилген культуремадан кайра түзүлгөн, кайра туудурулган боло алат. Биздин теманын – окуу предметин куруу темасынын алкагында – бүтүндү анын бөлүгүнөн кайра туудуруу милдети, демек, окуу предметинин мазмунун ушундай тандоодо (культуреманы тандоо) турат, ал: а) берилген окуу предметине жүктөлгөн түздөн-түз билим берүү максаттарын көбүрөөк адекваттуу ишке ашырат, жана б) анын тутум түзүүчү элементтери аркылуу илимдин тиешелүү тутумунда (метакультурема) максималдуу берилген.

Билим берүүнүн мазмунуна карата бул маселе билим берүү процессин долбоорлоонун, уюштуруунун жана ишке ашыруунун бардык этаптарында жана деңгээлдеринде чечилет: окуу планын түзүүдөн баштап, конкреттүү сабакты өткөрүүгө чейин. Биринчи учурда гана культуреманын ролунда окуу предмети, окуу дисциплинасы чыгат, ал эми метакультуреманын ролунда анын максаты менен берилген билим берүүнүн мазмуну чыгат. Экинчи учурда культурема – окуу материалынын үзүндүсү, ал эми метакультурема – окуу дисциплинасынын максаттары менен берилген окуу материалы болуп саналат.

Билим берүү процессинде билим берүүнүн мазмуну эки тегиздикте ачылат: мазмундун өзү (окуу предмети) катары жана мугалимдин инсанынын мазмуну катары. Билим берүүнүн мазмунунун экинчи түзүүчүсү, баарыдан мурда, аны уюштурууда мугалимдин инсанынын өчпөс изи калган билим берүү ишмердүүлүгү (усулдар жана каражаттар, билим берүү технологиялары, процесс ж.б.у.с.) аркылуу ишке

ашырылат. Билим берүү ишмердүүлүгү аркылуу мугалимдин инсанынын мазмуну бүткүл билим берүүнүн тутум түзүүчү факторуна айланат. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн каражаттары катары түшүнүлгөн билим берүүнүн каражаттары, билим берүүнүн мазмунун (мазмун – процесстик, процесс – мазмундуу) «процесстештирүүнүн» механизми, мугалимдин инсанынын мазмунун билим берүү ишмердүүлүгүнүн контекстине киргизүүнүн механизми катары чыгышат.

Маданияттын мазмунун «өткөрүп берүү – өздөштүрүү» катары билим берүүнүн экинчи кыры дал ошол билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүү менен байланышкан. Окуучу сөзсүз мазмунду толук эмес, кыскартылган формада кабыл алат жана өздөштүрөт. Мазмунду өздөштүрүү боюнча интенсивдүү, атайын уюштурулган ишмердүүлуктүн эсебиненгана бүтүндү калыбына келтирүүгө, кайра туудурууга болот.

Окуу процессин анын бардык фазаларында, бардык аралыктарында (окуу сабагы, окуу чейреги, семестр, окуу жылы, билим берүүнүн баскычы ж.б.), маданияттын кычкартып берилген мазмунун кайра туудуруу максатына багытталган уюштуруу – ал аркылуу мугалимдин инсанынын Мен-мазмуну окуучунун өздөштүрүүсү максатында өткөрүп берилүүчүнүн мазмунунун тутумуна жуурулушкан канал. Өткөрүп берүүнүн шаймандарын тандоо окутуунун мазмунуна мугалимдин инсанынын оң маанилүү мазмунун чыпкалоо механизмдерин тандоо катары чыгат. Демек, өткөрүп берүүнүн предмети болуу менен, мугалим өзү көп даражада өзүнүн жана окуучунун инсандык көрүнүүлөрүнүн биримдигинин чектерин белгилейт. Жана эгерде тандалган

шаймандар өткөрүп берүүнүн, окутуунун максаттарына адекваттуу болбосо, анда керек болсо мугалим тарабынан өзүнүн мазмунунун толук парадигмасы берилсе да, окуучу өткөрүп берилгендин бардык мазмунун жетишерлик терең өздөштүрө албайт, демек изделип жаткан бүтүндү кайра туудура, жуурулуштура албайт. Окуучунун билиминин «бүтүн эместигинин», «кайра туудурулбагандыгынын» көптөгөн модустары катары анын толук эместик, башаламандык, тутумдашпагандык, практикалык колдонуу көндүмдөрүнүн жоктугу («теорияны методго айландыруу» болуп өтпөйт), формалдуулук ж.б.у.с. өңдүү баалары чыгышат. Бул – өткөрүп берилүүчүнүн мазмунун (культуреманы) жана өткөрүп берүүнүн усулдарын тандоодо макулдашпагандык, анын натыйжасы катары маданияттын негизги түзүүчүлөрүнүн (маалыматтык катмар, операциялык аппарат, мотивациялык орнотмолор тутуму), илимдин элементтеринин (предмет, усул, категориялык аппарат, теория, праксиология) берилбегендиги же толук эмес берилгендиги болуп өткөнүнүн биринчи жана башкы белгиси. Тескерисинче, «мугалим – окуучу» тутумуна адекваттуу билим берүүнүн каражаттарын, усулдарын, технологияларын тандоо менен коштолгон окуу предмети, окуучуга кыскартылгандан бүтүндү кайра туудурууга жол берет, билим тутумдуу болуп чыгат, билим берүүнүн, окутуунун жана тарбиялоонун биримдигине жетишилет.

## 9-ЛЕКЦИЯ.
## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УСУЛДАРЫ МЕНЕН КАРАЖАТТАРЫНЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**Планы:**

**1. Билим берүүнүн усулдары менен каражаттарынын философиялык негиздери**

**2. Билим берүү тутумдарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхынан**

**3. Адамдын ТӨТДнин билим берүүнүн усулдары жанк аражаттары менен карым-катнашы**

**1. Билим берүүнүн усулдары менен каражаттарынын философиялык негиздери.** Билим берүү процессинде адам информациялык (билимдер), операциялык (ишмердүүлүктүн билгичтиктери, усулдары, ыктары ж.б.у.с.) жана мотивациялык (орнотмолор, баалуулуктук багыт алуулар ж.б-.у.с.) маданияттын мазмунуна ээ болот. Адам өнүгөт, анын социалдашуусу ишке ашат, анын жүрүшүндө ал түпкүлүгүндө ишмердүүлүктүн тарыхый калыптанган типтерин жана аларды өздөштүрүү процессинде ал тарабынан ишке ашырылуучу аларга ылайыктуу жөндөмдүүлүктөрүн кайра өндүрөт (В. В. Давыдов). Адамдын билим берүүнүн чектеринде социалдашуусунун ылдамдыгы, даражасы, майнаптуулугу билим берүүнүн усулдарын жана каражаттарын тандоодон олуттуу көз каранды. Бизди билим берүүнүн усулдарын жана каражаттарын, билим берүү технологияларын тандоону аныктоочу түпкүрлүк, чектик факторлор кызыктырат.

Билим берүүнүн мазмуну анын максаттары менен аныкталат, белгиленет, алар өз кезегинде билим берүүнүн

мазмунун өткөрүп берүүнү гана эмес, аны өздөштүрүүнү да камсыздоочу ыктарды, усулдарды жана каражаттарды беришет, ансыз билим берүүнүн өзү маанисиз болуп калат. Билим берүүнүн философиясы жөнүндө айтып жатып, биз билим берүүнүн мазмуну менен анын усулдарынын жана каражаттарынын ортосундагы байланыш эки тараптуу экендигинен келип чыгабыз: мазмун гана аны өткөрүп берүүнүн усулдарын жана каражаттарын аныктабастан, өткөрүп берүүнүн усулдары да өткөрүлүүчүнүн мазмунун, анын түзүмүн, мазмунду таңгактоонун ыктарын тандоого түздөн-түз таасир көрсөтүшөт. Бул өткөрүп берүүнүн максаттары жогору коомдук мааниге, жогору социалдык баага ээ болгон учурда өзгөчө байкалат. Мисалы, Экинчи дүйнөлүк согуш маалында АКШда пайда болгон тилдерди окутуунун "армиялык усулу" көптөгөн тилдер боюнча грамматикалык минимумдарды олуттуу түрдө өзгөрткөн, анткени конструкциялар жана сөздөр жаңы принциптердин негизинде тандала баштаган. Мазмунду тандоо тартиби өз кезегинде анын жайгашуу ырааттуулугуна, көнүгүүлөрдүн типологиясына, текшерүү техникасына ж.б.у.с. таасирин тийгизген (Проблема отбора учебного материала. Под ред. М. Н. Вятютнева. – М., 1971). Бул жерде азыркы кезде белгилүү болгон билим берүүнүн бардык усулдары жана технологиялары, мисалы, чет тилдерин окутуунун интенсивдүү усулдары, активдүү, контексттик, программаланган дистанттык окутуунун усулдары жана технологиялары ж.б.у.с. ачык-айкын мисалдар боло алышат.

Ошентип, билим берүү тутумунун майнаптуулугу анын алкагында колдонулган усулдар жана каражаттар менен аныкталат, ал эми ошол усулдарды жана каражаттарды

тандоонун чени адамдын – мугалимдин жана окуучунун ажырагыс мүнөздөмөлөрү болуп саналат. Анан дагы бул чен өзүн эки тегиздикте ишке ашырат: билим берүүнүн усулдары менен каражаттарын тандоону чени, чен-өлчөмү катары жана аларды ишке ашыруунун – окуучуну өнүктүрүүнүн, анын дараметин кайсы бир өстүрүүнүн майнаптуулугунун чени, чен-өлчөмү, стандарты катары. Эгерде адамды социалдаштыруунун жүрүшүндө аныкталган, калыптанган жана өнүккөн дарамети – бул анын жөндөмдүүлүктөрү жана керектөөлөрү болсо, анда ал жөндөмдүүлүктөр жана керектөөлөр адамдын субстратынын кош – "Табияттык – Социалдык" – мүнөзү менен белгиленет. Табияттык менен физикалык кыймыл жана сенсордук чагылдыруу сыяктуу эки маңыздык жөндөмдүүлүктөр-керектөөлөр менен аныкталышат (кээде бул эки маңыздык жөндөмдүүлүктөрдү-керектөөлөрдү тышкы (жыт билүү, сезгичтик-тактилдик, көрүү, угуу) жана ички (кыймыл, вестибулярдык аппарат) тутумчаларга бөлүнүүчү бирдиктүү снесордук тутум катары карашат) (М. К. Паренко). Социалдык башка эки интегралдык жөндөмдүүлүктөрдү-керектөөлөрдү берет: аң-сезим (акыл-стүүлүк, менталдуулук) жана кеп (тил). Адамдын бардык башка сапаттары-касиеттери (эрки, математикалык, музыкалык ж.б. жөндөмдүүлүктөрү, мүнөзүнүн тиби жана денелик маалыматтары, темпераменти, каалоолору ж.б.у.с.) түпкү жыйынтыкта жогоруда аталган төрт маңыздык, түрдүк жөндөмдүүлүктөрдүн-керектөөлөрдүн ар түрдүү иреттеги өнүккөн формалары же алардын айкалыштары болуп саналышат. Адамдын ушул төрт жөндөмдүүлүктөрүнүн-керектөөлөрүнүн биримдигин анын таанымдык-өзгөртүп түзүүчүлүк дарамети (адамдын

ТӨТД) деп атайбыз, ал кийин алынып салынат жана ишмердүүлүктө ишке ашырылат. Биздин изилдөөбүздүн предметине колдонмолуу адамдын ТӨТД, берилген түрүндө, тандоонун негизи да, адамга билим берүүнүн усулдарынын жана каражаттарынын майнаптуулугунун, натыйжалуулугунун чени да болуп саналат.

**2. Билим берүү тутумдарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхынан.** Аң-сезимсиз, интуитивдик түрдө билим берүүнүн усулдары менен каражаттарынын чени катары адамдын ТӨТДнин ролу менен мааниси ар дайым эске алынып келген. Бул тууралуу ар кыл коомдордо билим берүү тутумдарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы ачык айтып турат. Алсак, байыркы индиялык маданиятта билимди өткөрүп берүүнүн усулдары индуизмдин баркы жогору ыйык текстинин – Бхагавадгитанын (Кудай ыры) же Гитанын (Ыр – Бхагавадгитанын колдонулуучу кыскартуусу) мазмунунун өнүгүүсүнүн мисалында жетишерлик ачык-айкын көрүнүп турат. Байыркы индиялык коомдо жашаган эрежелерге ылайык, ыйык билимдерди (Веданы) жогорку касталардын үй-бүлөсүндө гана төрөлгөн балдар үйрөнүүгө тийиш болчу. Алты-жети жаштагы окуучуну мугалимдин үйүнө жиберишкен, анда ал адатта 12, кээде 24, 36, ал тургай 48 жыл да калчу. Веда маданиятын өткөрүп берүүнүн формасынын сырткы контурлары окуучуну мугалимдин тиричилигинин, турмушунун руханий нугу тутумуна толук киргизүүнү болжолдогон: кыйшаюусуз баш ийүү, аруулукка ант берүү, өзүнө ырыскы табуу ж.б.у.с. Окууну аяктагандан кийин, окуучу үйүнө кайтып келгенде да, мугалимине кам көрүүгө милдеттүү болгон. Ыйык тексттин маанисин иш жүзүндө түшүнүү мугалимдин үнүнөн текст-

ти жаттап алуу түрүндө болгон. Буга ыйык текстти жаттап алууну окуучунун үч деңгээлдеги бир мезгилдеги жүрүм-турумун уюштурууну болжогон усулдар тутумуна киргизүү аркылуу жетишилген: 1) тексттин бирдигин так айтуу же ырдоо; 2) бир эле учурда белгилүү бир денелик кыймылды жасоого; 3) биринчи эки аракет менен бир убакта окуучу ыйык текстте берилген ойлук элести өзүнүн акыл-эсинде кайра жаратууга милдеттүү болгон. Негизги жана көмөкчү (түшүндүрмөлөөчү) байыркы индиялык ыйык тексттер эң ар түрдүү маалыматтарды камтыганын, анын ичинде математика, астрономия, грамматика, веда ырым-жырымдары ж.б.у.с. боюнча колдонмолор камтылганын эске алганда, бардык үч деңгээлдеги окуучунун жүрүм-турумунун мазмуну тиешелүү түрдө катнаштырылган жана максатты болжогон. Ошондуктан куучунун бир нече деңгээлдеги жүрүм-турумун уюштуруу сабактардын өтө жогорку жыштыгын берген да, ошону менен окуу процессинин «оптимизатору» катары чыккан. Натыйжада мугалим окуучуга ыйык тексттерди билүүнү эле эмес, ырым-жырымды, б.а. ыйык жүрүм-турумдун, иш-аракеттин, ишмердүүлүктүн өтө татаал, иерархиялык тутумун да өткөрүп берген. Бул жерден биз иститутттук түрдө жүзөгө ашырылуучу социалдаштыруунун мисалын – билим берүүнү көрө алабыз.

Байыркы индиялык маданияттын негизги элементтеринин биринин өткөрүп берүү тутуму менен үстүртөн эле таанышуу да бир нече алдын ала тыянактарды чыгарууга жол берет: билим берүү ишмердүүлүгүнүн, биринчиден, маданияттын тутум түзүүчү үч катмарынын (маалыматтык, операциялык жана мотивациялык) бардыгын өткөрүп берүүчү, экинчиден, өткөрүп берүүнүн усулу ишмердүүлүк

– берилген учурда ырым-жырым ишмердүүлүгү болгон, үчүнчүдөн, окуучунун денелик, кептик жана менталдык иш-аракеттеринин биримдигин берген анын жүрүм-турумун үч деңгээлдүү уюштуруу өзү менен адамдын ТӨТДин көбүрөөк натыйжалуу алып салуучу билим берүү технологиясынын мисалы болуп саналган усулдары менен каражаттары майнаптуу.

**3. Адамдын ТӨТДнин билим берүүнүн усулдары жанк аражаттары менен карым-катнашы.** Адамдын ТӨТДнин билим берүүнүн усулдары жана каражаттары менен катнаштырылгандыгы көз карашынан алганда, адамдын ТӨТДнин элементеринин билим берүүнүң усулдары менен каражаттарындагы «гипретрофиялангандык ченин» да эске алуу керек: адамдын ТӨТДин максималдуу алып салышкан усулдар менен каражаттар максималдуу майнаптуу. Анткени ушундай усулдардын чектеринде гана мугалимдин да, окуучунун да бардык өздүк көрүнүүлөрүнүн биримдигин ишке ашырууга болот. Адамдын ТӨТДинн билим берүүнүн усулдары жана каражаттары менен катнаштыруунун негизи төмөнкү тезис болуп саналат: «маданият адамдын оң маанилүү, актуалдаштырылган мазмуну» (түшүндүрүү: маданият (=) объективдештирилген, предметтештирилген адамдын ТӨТД). Маданиятты мындай чечмелөөдө маданиятты өткөрүп берүү жана өздөштүрүү процесси анын предметинен ажыратуу процесси болот. Адамдын ТӨТДнин түзүмүнүн алкагында предметинен ажыратуу өткөрүлүүчүнүн мазмунун адамдын ТӨТДнин түзүмүнө ылайык келген түзүүчүлөргө болүү болуп калат. Демек, өткөрүп берүүнүн билим берүү усулдарынын жана каражаттарынын майнаптуулугу түпкү жыйынтыкта, мазмундун өзүн да, аны

өткөрүп берүүнү да анын чыгымдары минималдуу (анын өзөгүнүн кемчилиги минималдуу) болгон түзүмдөө болот. Өткөрүп берүүнүн усулдарынын майнаптуулугун өлчөөнүн баштапкы механизми адамдын ТӨТДнин элементтеринин өткөрүлүүчүнү окуучу тарабынан өздөштүрүү процессинде берилгендик даражасы болуп саналат.

Бирок бул баштапкы гана механизм, биринчи кадам. Кийинки кадам адамдын ТӨТДнин элементтерин жайылтуу тутумдарынын өз ара толукталуучулугун, өз ара аракеттешүүчүлүгүн, алардын бири бирин кайталоочулугун ж.б.у.с., б.а. мугалимдин да, окуучунун да өздүк көрүнүүлөрүнүн биримдиги менен бүтүндүгүнүн чектерин жана шарттарын бергендин бардыгын баалоо болуп калууга тийиш. Мезгил сыноосунан өткөн билим берүүнүн усулдарынын жана каражаттарынын майнаптуулугу дал ушуну менен берилет. Алсак, мисалы, буга чейин эскерилген веда ырым-жырымдарында "туура ырым-жырым иш-аракетинин" бардык үч компоненти (денелик, менталдык, кептик) бирдей түзүмгө ээ болушат, же бири-бирин кайталашат. Мисалы, эгерде ырым-жырым айтымында “шире”, “күч” деген сөздөр кездешсе, анда алардын айтылышы менен бир эле учурда сөзсүз түрдө кайсы бир дарактан ширелүү (күчтүү) бутакты кесүү жана ошол эле учурда акыл-эсте кудайлардын күчү жөнүндө айткан мифологеманы кайра өндүрүү керек» (В. С. Семенцов).

## 10-ЛЕКЦИЯ. ЭДУКОГЕНЕЗ

**Планы:**

**1. Билим берүүнүн генезиси жөнүндө**

**2. Билим берүүнүн башаттары**

**3. Адамдын жашоону кайра өндүрүү ишмердүүлүгү.**

**4. Социалдыктын өсүүсү билим берүүнүн өнүгүүсүнүн өбөлгөсү**

**5. Эдукогенездин мааниси**

**6. Эдукогенездин семантикалык аспектилери**

**1. Билим берүүнүн генезиси жөнүндө.** Биз билим берүүнүн философиясынын бир катар маселелерин карап чыктык. Бул бөлүмдө бизди билим берүүнүн өзүнүн түпкүрлүк, башаттык тамырлары жөнүндө маселе, коомдун социалдык институту катары анын генезиси (лат. educo – тарбиялоо, билим берүү; грек. genos, genesis – келип чыгуу, теги) маселеси кызыктырат. Биз коомдун тутум түзүүчү фактору адамдардын биргелешкен, коомдук ишмердүүлүгү болуп саналат, ал эми коомдун өзү бул ишмердүүлүктүн болмушунун ыгы болот дегенден чыгабыз. Билим берүү тутумунун башкы, негизги мүнөздөмөсү маданиятты өткөрүп берүү (өткөрүп берүү ишмердүүлүгү) болуп саналат. Демек, адамзат маданиятынын элементтерин аң-сезимдүү өткөрүп берүүнүн башаттарын, ыкмаларынын, иш-аракеттеринин прототиптерин алгачкы адамдын жалпыга бирдей, синкреттик ишмердүүлүгүнүн баштапкы формаларынан – протоишмердүүлүктөн издөө абзел. Андан ары, коомдун өнүгүүсүнүн жүрүшүндө анын социалдык-маданий программаларынын формаларын кабыл алган коомдун

маданияты калыптанат. Муну менен чогуу социалдык-маданий программаларды өткөрүп берүүнүн ыкмаларынын, иш-аракеттеринин саны көбөйүп, жалпыга бирдей, синкреттик ишмердүүлүктөн өз алдынча жана билим берүүчү ишмердүүлүккө ажыраган, билим берүү тутуму социалдык институт катары туулган жана калыптанган.

Адамзат коомунун өнүгүүсүнүн алгачкы мезгили жөнүндө так маалыматтардын жоктугунан улам, эдукогенез теория катары, билим берүү тутумунун тарыхый калыптануусуна көз караш катары, биз тараптан билим берүү тутумунун келип чыгуусунун жана калыптануусунун кайсы бир модели (мүмкүн болгондордун бири) катары каралат. Мындай модель, албетте, белгилүү бир шарттарды жана талаптарды канааттандырууга тийиш. Аларга милдеттүү түрдө билим берүүнүн социалдык институт катары калыптануусу менен өнүгүүсүнүн аныктагычтарын жана кыймылдаткыч күчтөрүн айкындоого жөндөмдүү 1) ички карама-каршылыксыздык жана 2) эвристикалык дараметтин барлыгы талаптары киришет.

Адам өзү менен биопсихикалыктын жана социалдыктын биримдигин берген эки өлчөмдүү жандык. Адамзат коому, коом – бул жашоону камсыздоонун жамааттуулугу идеясын билдирген максималдуу, чектик философиялык категория. Так ошондой эле социалдаштыруу – адамды адам коомунун бардык деңгээлдериндеги социалдык мамилелердин тутумуна кошуунун жалпы механизмин жана процессин билдирген чектик категория. Билим берүү болсо социалдаштыруунун институттук формасы катары чыгат. Демек, «социалдаштыруу» категориясы «билим берүү» категориясына карата бир кыйла жалпы, түрдүк түшүнүк

болуп саналат. Социалдаштыруунун жана билим берүүнүн категорияларын ушул тукумдук-түрдүк катнаштыруудан, акыркысы, социалдык институт катары адамдын тарыхый өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабындагы анын жалпыга бирдей синкреттик, жашоо жаратуучу ишмердүүлүгүнөн бөлүнүп чыккандыгы келип чыгат. Демек, билим берүү өзүнүн тамырлары менен адамзат тарыхынын алыскы дооруна кетет. Мына ушундай жагдайдан улам билим берүүнүн адамдын синкреттик ишмердүүлүгүнөн ажыратылышын аныктоочу түркүрлүк, чектик факторлор ошол ишмердүүлүктүн тарыхый жайылуусунан тамыр алышат, ал адам менен дүйнөнүн ортосундагы карама-каршылыктарды жоюп, адамды өнүктүрүп, коомду түптөп, жаратат. Башкача айтканда, билим берүүнүн генезиси – эдукогенез – антропогенез менен социогенездин өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасы (натыйжаларынын бири).

**2. Билим берүүнүн башаттары.** Дүйнөлүк тарых Homo sapiensтин пайда болуусун жогорку палеолит мезгилине киргизет, ал хронологиялык жактан б.з.ч. XL жана XIV миң жылдыктардын ортосундагы убакытка туура келет. Социалдыктын башаттары, демек, билим берүүнүн да башаттары да ушул миң жылдыктардын тереңинде жатат. Бул катмарлардан азыркы тутумдарды алыс болсо да эске салуучу билим берүү тутумдарын издөө бекер. Антсе дагы, социалдыктын калыптануусунан биз ошол мезгилдеги социалдыкты, маданиятты өткөрүп берүүнүн мазмунун жана механизмдерин, протобилим берүүнү түзгөн нерсени бөлүп көрсөтүүгө аракеттенүүгү акылуубуз. Алгачкы коомду, архаикалык коомду, ошол кездеги социалдыктын кесиндисин изилдеп жатып, биз тарых илиминин маалыматтары-

на жана илимий ой жүгүртүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө гана ээбиз. Биздин кароонун предмети боюнча тыянактар, жоболор ыктымалдуу мүнөздө гана болушу мүмкүн экени түшүнүктүү. Биз үчүн эдукогенездин жалпы сүрөтү, тыянактардын эвристикалык дарамети, алардын билим берүүнүн философиясына логикалык-семантикалык жуурулушуусу маанилүү.

Homo sapiensтин пайда болушу адамдардын коомдук мамилелеринин тукумдук формага өтүшүн аныктайт. Бул жерде коомдук турмуш начар каныктырылган: жасалма, экинчилик табият түйүлдүктүк, али дараметтик формада турат, ал эми маңызы боюнча иш жүзүндө жок, анткени жашоону камсыздоочу ишмердүүлүк өзүнүн затты өндүрүүчү бөлүгүндө ээлик кылуучу, жыйноочу мүнөз күтөт (жегенге жарамдуу өсүмдүктөрдү чогултуу, жаныбарларга аңчылык, балык уулоо). Адам өндүрүшү көп жагынан биологиялык сегмент менен чектелет. Үстөмдүк кылуучу урууулук түзүлүштү берген адамдар аралык мамилелер топтун деңгээлинде аяктайт. Мунун натыйжасында узак тарыхый аралыктагы коомдук болмуш өз ара начар аракеттешкен, аз кесилишкен алгачкы жамааттык түзүлүштөрдүн топтому, мейкиндиги катары чыгат: уруулук жамаат, анын кандаштык, топтук, жуптук фазалары бар үй-бүлө, кошуна (аймактык) жамаат. Коомдо социалдыктын пайда болуусунун, өсүүсүнүн ылдамдыгы аз, бирок ал бар, анткени социалдык адамдын атрибуту жана ага башынан эле мүнөздүү: социалдык Homo sapiensтин маңызы.

**3. Адамдын жашоону кайра өндүрүү ишмердүүлүгү.** Адамдын жашоону кайра өндүрүүчү ишмердүүлүгүндө, анын дүйнө менен максатка ылайыктуу өз ара аракетте-

шүүсү катары, ушул тарыхый этапта эле анын көптөгөн өткөөл руханий-практикалык формалар менен өз ара байланышкан практикалык жана руханий тегиздиктери уюлдук катары бөлүнүп чыгышат. Практикалык тегиздикте жалгыз гана адамдын Homo sapiens түрүн сактоого багытталган, материянын заттарын кайра иштетүү боюнча иш-аракеттери, ошондой эле алардын натыйжалары топтоштурулган. Баарыдан мурда, бул эмгек куралдарын даярдоо техникасына тиешелүү, мында, мисалы, ташка сансыз жолу жасалган соккулар процессинде кайсы бир жыйындыларга, ырааттуулуктарга түзүлгөн кокус, ийгиликтүү соккулар кристаллдашкан. Бул таш куралдарын, баарыдан мурда кесүүчү шаймандарды жасоонун жаңы технологияларынын туулушуна алып келген, алардын жардамы менен жыгачты, сөөктү жана мүйүздү оңой кесүүгө, аларда терең оюктарды жасоого жана кесиктерди жасоого, башкача айтканда, аларды иштетүүгө мүмкүн болгон. Өмүрдү жаратуучу, практикалык иш-аракеттин стихиялуу агымы, мисалы, кыска найза ыргытуучу биринчи механикалык түзүлүш – найза ыргыткыч (ыргытуучу такта) сыяктуу куралдарды жасоодо секириктерди туудурган, куралдардын өздөрүн өндүрүү үчүн колдонулган материалдардын спектрин кеңейткен.

Мындай актылардын бир учурда эместиги, үзгүлтүксүздүгү, узак мезгилдик тарыхый аралыктарда жайылтылышы, демек, алардын ар түрдүү муундун адамдары тарабынан жүзөгө ашырылуусу – адамзаттын калыптанышынын алгачкы этаптарында эле маданияттын өткөрүп берилүүчүлүгүнүн далили. Башкача айтканда, Homo sapiensтин пайда болуу стадиясынан эле алгачкы адамдын синкреттик ишмердүүлүгүнөн биз билим берүүнүн негизги мүнөздөмөлө-

рүнүн бири – маданияттын өткөрүлүүчүлүгүнүн издерин табабыз.

Бирок адамдын стихиялуу калыптанышында өткөрүп берүү шарттамы стихиялуу гана боло алмак: социалдык уюштуруу стадиясына чейин бир нече он миңдеген жылдарга созулган убакыт керек болчу. Ошентип, протобилим берүү алгачкы коомдук адамдын синкреттик ишмердүүлүгүнө чөмүлтүлгөн, ошол ишмердүүлүккө таандык.

Эмгек куралдарын жасоо технологияларын өткөрүп берүүнүн стихиялуулугу өткөрүп берүүнүн жападан жалгыз мүмкүн болгон усулун – «мен кылгандай кыл» принцибине негизделген мимесисти (грек. mimesis – тууроо) аныктайт. Ташка обочолонгон, ийгиликтүү сокку адамдын аң-сезиминде жазылып, аң-сезимдүү түрдө кайталанган. Көп жолу кайталоо каталардын жана мүчүлүштүктөрдүн санын азайткан, ал эми жетишилген натыйжа сокур кайталоо-тууроо аркылуу башка адамдардын энчисине айланган. Он миңдеген жылдар өткөндөн кийин алгачкы жамааттык адамдын жалпыга бирдей, синкреттик ишмердүүлүгүнөн ишмердүүлүктүн түрлөрү жана түрчөлөрү пайда болот, алардын арасында билим берүү ишмердүүлүгү да болот. Жана эгерде билим берүү ишмердүүлүгү ишмердүүлүктүн өзгөчө түрүнө курулса, анда мындай бөлүнүүнүн көтөрүүчү курулмасы, шексиз, мимесис – баштапкы, архаикалык, антенаталдык (лат. ante – чейин, natalis – төрөлүүгө тиешелүү; төрөлгөнгө чейин, жатын ичиндеги) коомдук тажрыйбаны өткөрүп берүү фазасы. Мимесис өзүнүн эң жөнөкөй жана эң өнүккөн формаларында бүгүн деле маданиятты өткөрүп берүүнүн эң майнаптуу усулдарынын бири болуп саналат. Убакыттын өтүшү менен мимесис көбүрөөк аң-сезимдүү

болуп калат, бирок дагы узак убакыт бою ал колдо бар социалдык тажрыйбаны өткөрүп берүүнүн жападан жалгыз каналы жана ыгы болуп калат.

Адамдын биопсихикалык субстраты анын түш көрүү өңдүү психикалык процесстерин алдын ала аныктайт, ал сейрек болсо да, анын туушкандарынын, жакындарынын жүрүм-турумунда пайда болгон психикалык четтөөлөрдүн күбөсү болуп калат. Ал түш көрүүлөрдө, ойгоо учурдагыдан кем эмес жандуу түрдө – аңчылыкты, согуштук жортуулдарды же башка түрдөгү ишмердүүлүктү баштан кечирет. Чогуу жашоо тажрыйбасынын өнүкпөгөндүгү, алгачкы адамдын табиятка толук жана ар тараптуу көз карандылыгы болсо, адамдын психикалык болмушуна изин салгандыктан, анын аң-сезиминде рухтардын, адамдын өзүнүн, анын айланасындагы адамдардын, жаныбарлардын жана предметтердин түгөйлөрүнүн болуусу жөнүндө элестетүүлөрдү түзөт, ага дене менен рухтун өзүнчө жашоосу мүмкүндүгүнүн төгүндөлгүс далилдерин берет. Кандайдыр бир жайылтылган социалдык-маданий тажрыйбага ээ болбой, адам ой жүгүртүүлөргө берилбейт, бирок жандуу же жансыз ар бир материалдык предметти аң-сезимге ээ кылынган катары түздөн-түз кабыл алат. Демек, каралып жаткан этаптагы адамзат маданиятынын руханий тегиздигинин мазмуну сөзсүз жандандырылган (лат. anima – жан) болот.

Алгачкы адамдын анимисттик дүйнө таанымы, бул дүйнө таанымдын предметтик жана руханий компоненттерге бөлүнгөндүгү, анын ишмердүүлүгүнүн бинардуулугун аныкташат: тамак-ашка, кийим-кечеге, турак-жайга болгон керектөөлөрүн канааттандырып, өз тукумун улантып жатып, адам бир эле учурда ар түрдүү сыйлоо-урматтоо

формаларынын жана ырым-жырымдарынын жардамы менен рухтарды тынчтандыруу, аларды өзүнө тартуу же алардын кастыгынан качуу жөнүндө да кам көрүүгө аргасыз болот. Демек, алгачкы адамдын дүйнө таанымынын, дүйнөнү өздөштүрүүсүнүн анимисттүүлүгү алгачкы учурларда аны тарбиялоонун мазмуну да, шаймандары да катары чыгышкан культтук, ырым-жырымдык жөрөлгөлөрдүн келип чыгуусунун түздөн-түз кыймылдаткыч күчү болуп калышат. Коомдук тажрыйбаны улуу муундан кичүү муунга өткөрүп берүүнүн мазмуну баланы турмуштук керектөөлөрдү канааттандыруунун ыкмаларына: аңчылыкка, балык уулоого, турак-жай курууга, кийим-кече даярдоого, бул үчүн зарыл эмгек куралдарын даярдоого үйрөтүү болуп саналат. Мында ошол жумуштар менен иш-аракеттердин ар биринин дал ошол жол-жобосун эң так түрдө өздөштүрүү зарыл эле, ал ошондо, берилген уруунун же уруктун тажрыйбасына ылайык, материалдык предметтерге бийлик кылган рухтардын ырайымына, демек, анисмиттик дүйнө таанымга толук шайкештикте каалаган натыйжаларга жетишүүгө үмүт кыла алмак. Мында өздөштүрүүнүн тактыгына жалаң мимезис аркылуу гана жетишиле алмак жана жетишилген.

Ошентип, адамзат коомунун өнүгүүсүнүн алгачкы этаптарында адамдын дүйнө жөнүндөгү синкреттик, бөлүнбөгөн элестетүүлөрүнүн этабында маданиятты, билимдерди өткөрүп берүү, баарыдан мурда, адамзаттын тукумун сактоо, улантуу кызматын аткарган да, адамдардын күнүмдүк, биргелешкен ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашырылган, б.а. уруунун формасына ээ болгон. Алгачкы жамааттагы биргелешкен, синкреттик ишмердүүлүк да адамды социалдаштыруу ишмердүүлүгү болгон. Өткөрүп берүүнүн предмети

(окуу предметинин прототиби) – жамааттын колдо бар социалдык-маданий тажрыйбасы. Өткөрүп берүүнүн усулу – мимесис. Протомугалим – коомдун ар бир бойго жеткен мүчөсү.

Айтылгандарга кошумчалай кете турган нерсе, биздин ата-бабаларыбыздын айлана-чөйрөгө ыңгайлашуусунун керектөөлөрү менен гана шартталган тарыхый узак мезгил ичинде, алгачкы адамдардын дүйнөсү учур чак менен гана туюкталган. Натыйжада, алгачкы адамда өткөн чакты жана келер чакты аңдап-түшүнүү жөнүндө иш жүзүндө өнүккөн эмес. Бул жагдай алгачкы адамдардын колдо бар социалдык-маданий тажрыйбасын узак мөөнөткө сактап калган, мимесистин архаикалык, примитивдүү формалары сакталып калган, социалдык-маданий тажрыйбаны өткөрүп берүүнүн антенаталдык фазасы – протобилим берүү – алга жылбайт, адамдын жалпыга бирдей синкреттик ишмердүүлүгүнөн бөлүнүп чыкпайт.

**4. Социалдыктын өсүүсү билим берүүнүн өнүгүүсүнүн өбөлгөсү.** Социалдыктын өсүүсү менен социалдык-маданий тажрыйбанын массасы өсөт, анын алып жүрүүчүлөрү сөзсүз түрдө жиктелет да, анын натыйжасында коомдук ишмердүүлүк жиктелет. Натыйжада, бир адамга бүткүл колдо бар социалдык-маданий тажрыйбаны гана эмес, керек десе улам өсүп бараткан адамдын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган жашоо ишмердүүлүгүн камсыздоочу негизги үлгүлөрдү, ыкмаларды, ырым-жырымдарды ж.б.у.с. өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү акырындап жоголот. Мимесис окутуунун усулунун эң жөнөкөй, архаикалык формасы катары мазмун менен байыйт, “мен кылгандай кыл” деген татаалга чейин көтөрүлөт, анан “алар кылгандай кыл” фор-

масы менен толукталат. Социалдык-маданий тажрыйбаны өткөрүп берүү боюнча бөтөнчө кызматтарды, мугалимдин кызматтарын аткарган адамдар пайда болушат. "Алар кылгандай кыл" кызматын аткаруу үчүн социалдык-маданий тажрыйбанын түшүндүрмөчүсү болууга тийиш. Алачгык коомдогу урууда – бул жол башчы, бакшы, табып, дубачы же мугалимдин кызматтарын аткарууга чакырылган ошол эле макамдагы башка адам. Алгачкы адам өз жамаатынан, уруусунан тышкары жашай албагандыктан, анын жандуу аң-сезими, жекечелиги түйүлдүктүк абалда кала берген. Бул алгачкы адамда инсанга багытталган программалар кеңейтилген түрдө али калыптана электигин билдирет. Маданиятты өткөрүп берүү – билим берүү протоишмердүүлүгү – алгачкы коомдун жалаң шаблондуу – топтук же жекече – жашоону камсыздоо ыкмаларынын, иш-аракеттеринин топтому менен чектелген социалдык-маданий программаларынын чектеринде гана ишке ашырылгандыгы мына ушундан келип чыгат.

Билим берүүнүн андан аркы калыптануусу социалдыктын, цивилдүүлүктүн өсүүсү менен байланышкан. Сыягы, биринчи секирик топтук никеден жуптук никеге өтүүдө, үй-бүлө социалдык институтка жана, жеке алсак, келечектеги билим берүү мекемелеринин прототиби болуп калганда болуп өткөн. Эркектер менен аялдардын ортосундагы табигый айырмачылыктар менен шартталган алгачкы эмгекти бөлүштүрүү үй-бүлөдө балдар менен кыздарды тарбиялоого изин калтырат: биринчилерин аңчылыктын көндүмдөрүнө, аскердик ишке, экинчилерин – тамак-аш, кийим-кече даярдоого ж.б.у.с. үйрөтүшөт. Убакыттын өтүшү менен коомдук тажрыйбаны чоңдордон балдарга өткө-

рүп берүү, өзгөчө кол өнөрчүлүктүн туулушу менен, кыйла адистешкен болуп калат. Атадан балага, улуудан кичүүгө адистештирилген кесипти, кол өнөрчүлүктү түздөн-түз үй-бүлөдө да, адамдардын айрым топторунда да өткөрүп берүү керектөөсүнүн пайда болушу менен үй-бүлөнүн билим берүү кызматтарынын тутуму курамы боюнча да, мазмуну боюнча да байыйт. Ишмердүүлүктүн берилген түрүнүн биримдиги, аны мазмундук, операциялык, процесстик жүзөгө ашыруунун сырлары менен байланышкан топтук локалдар пайда болот (жрецтик касталар, кесиптик устаканалар ж.б.у.с.).

Алгачкы адамдын анимисттик дүйнө таанымы бөтөнчө, татаал, убакыттын өтүшү менен сырдуу, ыйык (лат. sacer (sacri) – ыйык, ырым-жырымдык, ритуалдык, культтук) формаларга ээ болгон, анын жашоо жүрүм-турумунун стандарттарын (жөрөлгөлөрүн, рухтарды урматтоо, сыйкырчылык ырымдарын ж.б.) пайда кылат. Убакыттын өтүшү менен маданияттын бул катмарынын алып жүрүүчүлөрү жамааттан өзүнчө топторго бөлүнүшөт, обочолонушат. Дин кызматчылар, бакшылар, сыйкырчылар, көзү ачыктар, табыптар ж.б. ушундайча пайда болушат. Бул обочолонуу эки себеп менен шартталган: биринчиден, жамааттын башка мүчөлөрүнө жашоо жүрүм-турумунун алар үчүн ыйык стандарттарын көрсөтүү аркылуу өткөрүп берүү, аткаруу жрецтеге ачык-айкын турмуштук жыргалчылыктарды, анын ичинде бийликти камсыздаган, бул өз кезегинде, экинчиден, ыйыкты даректүү өткөрүп берүү (мисалы, өз балдарына, жакын туугандарына ж.б.у.с.) зарылдыгын таңуулаган. Эгерде жамааттын мүчөлөрүнө мимесис аркылуу эмнени, кантип жасоо өткөрүп берилсе, анда тандалмалар-

га (окуучуларга) эмне үчүн башкача эмес, ушундай кылуу керектиги өткөрүп берилген. Сырлар, аларды сактоо жана даректүү өткөрүп берүү зарылдыгы пайда болгон. Алсак, жамааттын мүчөлөрүнүн ыйык маданияттын үлгүлөрүнө болгон керектөөсү жрецтерди (окуткан кишини, мугалимди) өзгөчө кастага бөлүп, анын тереңинде тарыхый жактан маданияттын, билимдин белгилүү бир тибинин болуу ыгы катары да, маданиятты өткөрүп берүүнүн өзүнчөлүктүү механизмдери катары да чыгышкан бөтөнчө, ыйык-когнитивдик (лат. cognitio – билим) комплекстери туулган. Ыйык-когнитивдик комплекстердин аныктоочу мүнөздөмөсү аны колдонуунун бардык мүмкүн болгон варианттарында өзүнүн бүтүндүгүн сактаган ырым-жырым, магиялык-мифтик иш-аракет болгон (А. П. Огурцов). Ырым-жырымды гана эмес, анын сырдуу маанисин да түшүнүүгө болгон керектөө – алгачкы жамааттык адамдын жалпыга бирдей синкреттик ишмердүүлүгүнөн билим берүүнүн элементтерин (эмне, кантип, эмне үчүн, мугалим, окуучу) калыптандырууга жана бөлүп чыгууга карай биринчи кадам.

Ыйык-когнитивдик комплекстердин калыптануусу – адамзат коомунун өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн бир көрүнүшү, ал анын социалдык жиктелүүсүндө, стратификациялык процесстердин тереңдөөсүндө, коомдун ар кандай катмарларынын керектөөлөрүнүн өсүүсүндө жана айырмалануусунда жатат. Социадык-маданий тажрыйбаны өткөрүп берүү кызматтарын аныктоочу жана жиктөөчү кол өнөрчүлүк пайда болот, ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү адистештирилет, акыл эмгеги жана күч эмгеги жиктелет. Жалпыга бирдей, синкреттик ишмердүүлүктөн акырындык менен билим берүүнү социалдык

институт катары куруучу педагогикалык ишмердүүлүк бөлүнүп чыгат.

Эгерде билим берүүнүн, адамды социалдаштыруунун социалдык институтунун тарыхый жайылуусу “мен (биз) кылгандай кыл” огу боюнча (баарыдан мурда мугалимдин манераларын өткөрүп берүү жана бекемдөө, мугалимди окуучуларында улантуу) "алар кылгандай кылгыла" (маданияттын туруштук берген, классикалык үлгүлөрү менен стандарттарына жакындатуу) аркылуу "кандай кыла алсаң, ошондой кыл" (адамды ченемделген социалдаштыруудан анын өзүн өнүктүрүүсүнө, өзүн социалдаштыруусуна өтүү) сегментин карай болуп өтсө, анда алгачкы коомдо адамдын социалдашуусу, протобилим берүү бул октун “мен кылгандай кыл” сегментинде туюкталып калган. Алсак, байыркы индиялык маданиятта мугалимден билимдерди кабыл алууну экинчи кайра төрөлүү катары элестетүү жалпы кабыл алынган. Жада калса мугалим окуучуну ыйык билим аркылуу төрөлүүгө мажбурлайт деп эсептелет. Анын үстүнө бул экинчи төрөлүү биринчисинен да жакшыраак: окуучунун атасы менен апасы анын денесин гана туудурушат (В. В. Семенцов).

**5. Эдукогенездин мааниси.** Эдукогенездин тарыхый огунун «мен кылгандай кыл» биринчи сегменти туруктуу өз алдынча мааниге ээ болот. Ар бир адамдын онтогенезинин алкагында, анын жекече-инсандык социалдашуу траекториясында эдукогенездин чексиз сандагы модустарынын бири ишке ашат. Жана алардын ар биринде ар дайым “мен кылгандай кыл” сегменти берилет, ал билим берүү тутумунун өнүгүүсүнүн каалаган этабында анын тарыхый туруктуу элементи болуп саналат. Бул сегментте

кыйыр түрдө бүтүндөй билим берүү тутуму камтылат, бул жерден биз белгилүү бир мааниде анын – билим берүү тутумунун – философиялык негизин түзүүчү суроолорго жоопторду табабыз: адамга билим берүү эмне үчүн, эмнеликтен (билим берүүнүн максаттары жана кызматтары), эмнеге (билим берүүнүн мазмуну), ким (мугалим), кантип (билим берүүнүн каражаттары, усулдары, технологиялары), кайсы жерде (билим берүү мекемелери, билим берүүнүн деңгээлдери) болуп өтөт, жүргүзүлөт, ишке ашырылат.

Эдукогенез билим берүүнүн коомдук институтунун эволюциялык-тарыхый пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү процесси катары адамзат тарыхынын, адамзаттын филогенезинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул сапатта ал адам жалпылыктарынын бир фазадан башка, кыйла жогору фазага өтүшүн алдын ала аныктаган эмгектин жана ишмердүүлүктүн жаңы каражаттарынын, куралдарынын пайда болуусунан ажырагыс. Бул жааттагы шексиз революциялык роль маалыматты топтоонун, сактоонун, кайра иштетүүнүн жана өткөрүп берүүнүн ыктарын түп-тамырынан бери өзгөрткө жазууну ойлоп табууга таандык. Жазуунун өзү социалдык-маданий тажрыйбанын өсүп келе жаткан көлөмүн эсепке алуунун ыктары менен формаларына болгон коомдук керектөөнү канааттандыруунун объективдүү зарылдыгы катары келип чыккан. Дал ошол жазуунун негизинде илим, окуу предмети, мектептер, университеттер ж.б.у.с. пайда боло алган, башкача айткнада, билим берүү тутуму өзүнүн негизинде биздин күндөргө чейин сакталып калган белгилерине ээ боло алган.

Негиздүү жана ишеничтүү билимдердин жыйындысынын өсүүсү, теориялык билимдердин келип чыгуусу менен

билимдердин корпусунун өзүнүн түзүмү өзгөрө баштаган. Мындай өзгөрүүлөр бир нече багыттар боюнча жүргөн да, жеке алсак, теориялык билимдердин ыйык-когнитивдик комплекстерден бөлүнүүсүн жана билимди түзүмдөөнүн ар түрдүү ыктарынын пайда болуусун камтышат. Тарыхый жактан бул этап маданияттын өнүгүүсүнүн байыркы грек жана рим мезгилине (Европада) туура келет. Дал ушул мезгилде мектептердин ар кандай түрлөрү пайда болгон. «Аристотель, өзүнүн улуу устаты Платон сыяктуу эле, билим берүүнү ... институтташтыруунун (окуу-илимий мекемелердин ...) негиздерин салган. Белгилүү болгондой, Платон – Академияны, Аристотель – Ликейди (перипатетикалык мектепти) түзгөн. Салыштырма талдоо алардын жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

Академияда жана Ликейде билим берүүнүн жана илимдин жиктелүүсү жана жуурулушуусу, бирок ар түрдөө ыктар менен, жүзөгө ашырылган. IV Россиялык философиялык конгрессте (2005), Платондун Академиясы жана Аристотелдин Ликейи толук негиздүү түрдө илимий-билим берүү институттарынын эки тиби катары каралган ... . «Академиянын жана Ликейдин кызмат кылуусун талдоо көрсөткөндөй, Платон менен Аристотелдин философиялык көз караштарындагы айырма ар түрдүү билим берүү программаларынын келип чыгуусун гана эмес, ошондой эле Академиянын жана Ликейдин ишин уюштуруу процессинин өзүнүн өзүнчөлүгүн да шарттаган, алардын алкагында Европадагы бардык кийинки билим берүүнүн пайдубалы түптөлгөн» [Мочалова И. Н. Академия Платона и Ликей Аристотеля: Философские школы как два типа научно-образовательных институтов // Философия и бу-

дущее цивилизаций // Тезисы докладов и выступлений IV Российского философского конгресса. Т. 2. М., 2005]. История и философия науки (философия науки) под ред. проф. Ю. В. Крянева, проф. Л. Е. Моториной. – М.: Альфа-М. ИНФРА-М. 2010, с. 10.

Мектептердин пайда болушу, билим берүүнүн институттук формасы катары билим берүү тутумун «калыптандыруу» процесси анын дисциплиналык түзүмүн аныктаган эң маанилүү аныктагычтардын бири болуп саналат. Билимди дисциплиналык уюштуруу илимий билимдердин бүтүндөй корпусу кийинки муундарга өткөрүп берүү жана аны өсүп келаткан муундун өздөштүрүүсү көз карашынан каралган учурда келип чыгат (А. П. Огурцов). Ушуга байланыштуу жети эркин же көркөм өнөрлөрдүн (лат. septem artes liberales) белгилүү антиктик схемасын эске салууга туура келет: тривиум (trivium) – грамматика, риторика, диалектика жана квадривиум (quadrivium) – арифметика, музыка, геометрия, астрономия. Бул схема дал ошол антик доорунун жалпы билим берүү максаттарынан келип чыккан билимдердин жыйындысын алгачкы, жетилген дисциплиналык бөлүштүрүүнүн бири болгон. Бул тутум бир аз өзгөртүлгөн формада өзүн орто кылымдардагы европалык билим берүүдөгү өзүнчөлүктүү кубулуш катары байкатып гана койбостон, өзүн биротоло бекемдегени фактысы жети көркөм өнөрлөр тутумунун жашоого туруктуулугу жөнүндө айтып турат. Анын изин азыркы билим берүүнүн мазмунунан табаарыбыз шексиз.

**6. Эдукогенездин семантикалык аспектилери.** Маданиятты өткөрүп берүүнүн аны туудурууга, топтоого жана сактоого карата мамилесинин атрибутивдик мүнөзүн эске

алып, биз жазуунун факторлорунун эдукогенез механизмдериндеги ролу жөнүндө маселени коюуга акылуубуз. Жазуу билимдерди сактоонун жана өткөрүп берүүнүн адамга карата белгилүү өлчөмдө тышкы механизмдерин берет (чопо тактачалардан, папирустардан азыркы ITге чейин). Өзү келип чыккан учурдан баштап жазуу адамзат маданиятынын өнүгүүсүндөгү эң маанилүү үстөмдүк кылуучулардын бирине айланды. Берилген маданияттагы инсандын архетибин аныктоого чейин! Бул факторлордун бири жазуунун берилген маданияттагы семантикалашкандыгы болуп саналат. Лингвистикалык кылдаттыктарга тереңдебей туруп, биз баяндообуздун алкагында жазуунун семантикалашкандыгы элементардуу тилдик белгинин предметти, турмуш чындыгынын кубулушун билдирүү, белгилөө жөндөмдүүлүгүн туюндурарын белгилейбиз. Алсак, мисалы, алфавиттин тамгасы (орус, кыргыз, грек ж.б.у.с.) жалпысынан предметти белгилөөгө жөндөмсүз болсо, ошол эле учурда, мисалы, иероглиф (кытай, япон) буга (жазуунун семантикалашкандыгына) жөндөмдүү. Өзүнүн белгилик тутумдары бар жасалма тилдер биздин кароонун предмети болуп саналбайт.

Адамдын менталдуулугун жана кебин беришкен социалдык, социум муну негизги элементтеринин бири жазуу болуп саналган механизмдердин белгилүү бир тутумунун жардамы аркылуу беришет. Адамдагы социалдыктын диалектикасы жана берилген коом тарабынан иштелип чыккан жазуу тутумдары ушундай, керек болсо адамзат тукумунун жана этностун жеке өкүлү катары алып жүрүүчүсү адам болуп саналган дүйнө тааным тутумдарынын белгилүү бир аспектилери, жактары, кырлары, этнопсихология-

лык феномендери, улуттук маданияттын гендери ж.б.у.с. маанилүү өлчөмдө тархый калыптанган жана кабыл алынган жазуу тутуму менен бериле алышат. Алсак, иероглиф жазуусу бар маданияттардагы иероглифтин мааниси жакшы белгилүү. Анын үстүнө кытай тилинде маданият жана жазуу илгертеден «вэнь» деген бир термин менен белгиленип келген (А. И. Кобзев). Маданияттардын аларды алып жүрүүчүлөрдүн белгилик тутумдары боюнча типологиясынын негиздеринин бири маданиятты алып жүрүүчүлөрдүн тутумунун бирдиктеринин семантикалашкандык даражасы боло алат. Бул жаатта эң маанилүү ушундай алып жүрүүчү талашсызу тил, жазуу болуп саналат. Ушунун негизинде жазуунун семантикалашпаган бирдиктери (мисалы, алфавиттик же тамгалык жазуулар) жана семантикалашкан бирдиктери (мисалы, иероглифтик жазуу) бар алып жүрүүчүлөрдүн белгилик тутумдары менен берилген маданияттардын эки чектик тутумдары бөлүнүшөт.

Бул маданияттардын жана адам архетиптеринин айырмасы бир караганда көрүнгөндөн да маанилүү. Ушул айырманы берген факторлордун ичинен маанилүү ролду жазуулардын семантикалашкан жана семантикалашпаган бирдиктеринин өз ара мамилелеринин уюлдуулугу ойнойт: биринчиси өзү маанилүү маңыз болот, ал эми экинчиси ошондой маңызды берүүнүн, куруунун элементи, каражаты гана болот.

Жазуунун семантикалашкан бирдиги каалаган белгилик объекти – маалыматтын алып жүрүүчүсү менен бирдей иретте болот да, ушул турумдардан алганда семантикалашпаган бирдикти сүрөттөө жазууда көркөмдүк бийиктиктерге чейин объективдешет. Кытай жазуусунун эстелик-

териндеги көптөгөн иероглифтердин сүрөттөлүшү көркөм өнөрдүн чыгармасы катары ички баалуулуктун жогорку деңгээлине чейин жеткендиги, ал эми иероглифтик жазуунун өзүндө кытай маданиятынын дээрлик бардык маанилүү өзгөчөлүктөрү – психологиялыктан социалдык деңгээлге чейин топтолгону кокусунан эмес (А. И. Кобзев).

Илимий усул тигил же бул элдин маданиятын анын этнопсихологиясы, тили, жазуусу ж.б.у.с. аркылуу гана түшүндүрүү аракеттерине этияттык менен мамиле кылууга мажбурлайт. Бирок мындай көз карандылыктарды көрбөй коюу жана изилдебей коюу жарабайт. Анткени, тил, жазуу – бул жекече жана социалдык ишмердүүлүктө адамдын менталдуулук жана кеп өңдүү тукумдук касиеттерин-сапаттарын жоюунун механизмдери. “Жазуу – Билим берүү” тутуму аркылуу жазуу этностун менталдуулугна, жана ошону менен маданиятына, анын ичинде, албетте, аны өткөрүп берүү механизмдеринин жана институттарынын калыптануусуна жана кызмат кылуусуна күчтүү таасир этет. Бул талкуунун контекстинде биз үчүн семантикалашкан жана семантикалашпаган жазууларга негизделген маданияттардын чектик типтеринин принциптүү айырмачылыктарын өндүрүүнүн түпкүрлүк механизмдерин ачып берүү маанилүү.

Эгерде семантикалашкан жазуу бирдиги сөзгө эле эмес, бүтүндөй сүйлөмгө да барабар болуп, анын сүрөттөлүшүн эске алуу менен кандайдыр бир семантикалык-көркөмдүк бүтүндүккө жетише алса, анда ушундай бирдикке ээлик кылууга мелженген билим берүү технологияларынын жана механизмдеринин бардык социалдык-тарыхый модификациялары ар бир инсанда, демек этносто, дүйнөнү кабыл

алуунун, андан соң дүйнөнү өздөштүрүүнүн бүтүндуктүү, бөлүнбөгөн, сөзсүз көркөмдүк басым коюлган кайсы бир вариантын калыптандырууну сөзсүз талап кылат. Кабыл алуунун "бүтүндүгү-көркөмдүгү" үчүн жооптуу мээ түзүмдөрүнүн оң жарым шардык локализациясын белгилеген баш мээнин кызматтык асимметриясы жаатындагы заманбап психологиялык изилдөөлөрдү эске алып, семантикалашкан жазуу бирдиктери бар маданияттарда «оң жарым шарлык психотиптин» үстөмдүк кылуучулугун абдан негиздүү болжолдоого болот.

Семантикалашпаган жазуу бирдиктери, жеке алсак фонетикалык жазуусу бар жазууну өздөштүрүү, алфавитти тилден, демек этностон көз карандысыз, дээрлик аң-сезимсиз өздөштүрүү механизмдерин калыптандырган. Бул өз кезегинде инсанды автоматтык, бейаң деңгээлинде семантикалашпаган фонетикалык белги менен манипуляциялоону аныктаган. Семантикалашпаган жазуу бирдиги бар маданияттар үчүн бул жагдай адамдын архетибин калыптандырууда өтө чоң мааниге ээ болгон. Жазууну маданиятты узак мөөнөттүү сактоонун, сактоонун жана өткөрүп берүүнүн гана эмес, аны туудуруунун дагы эң маанилүү каражаты катары колдонуу сөздөрдү тамгаларга бөлүү, тамгалардан сөздөрдү жасоо актысына негизделген. Бул сөзсүз болуучу акт «синтез-анализ» оппозициясын жоюунун модустарынын бири катары башка нерсе болот. Миллиондогон, ал тургай миллиарддаган жолу кайталанып, ал сөзсүз болмушту ошого окшош бөлүү жана андан тажрыйбага чейинки негичелерди айкындоо жөнүндө ойду туудурат. Байыркы грек философиясы дал ушул жол менен кеткен, анын негиз болжоочу терминдеринин бири stoicheon «тамга» жана «башталма», «негиз» деген маани-

лерди айкалыштырып, болмуштун баштапкы элементтерин стандарттуу туюнтуу болуп саналат (А. И. Кобзев). Семантикалашпаган, алфавиттик, тексттик, көрүмдүк-жазмалык болмуштун өнүгүшү анын сызыктуулук, бир тектүүлүк (б.а. жөнөкөйлөштүрүлгөндүк жана бирдейлештирилгендик), кайра өндүрүлүүчүлүк (б.а. көчүрүү жана окшоштук) сыяктуу сапаттарын колдонуу менен байланышкан, бул семантикалашкан жазууларда принциптүү түрдө кездешпейт. Ушуга байланыштуу биринчи университеттердин, демек, жогорку билим берүүнүн дал ошол Европада (Болонья университети – 1088-ж.) пайда болгондугу бекеринен эмес. Анткени, эгерде университет билимди сактоо, топтоо, туудуруу жана өткөрүп берүү институту катары чыкса, анда семантикалашпаган жазуулар (берилген учурда латын жазуусу) көрсөтүлгөн сапаттарынан улам семантикалашкан жазууларга салыштыруу боюнча ушул миссияга табигый түрдө ылайык келишет.

Ошентип, жазуулардын семантикалашкандыгынын мүнөзү маданиятты, билимди туудуруунун гана эмес, өткөрүп берүүнүн дагы механизмдеринде жана каражаттарында белгилүү бир уюлдуулукту бербей коё албайт, демек, бүткүл эдукогенездин маанилүү фактору катары чыкпай коё албайт. Ааламдын формалары катары алардан заттардын жана кубулуштардын тутумдары курулган (салыштырыңыз, тамгалардан сөздөр курулат) атомдор, идеялар, алардын ортосундагы белгилүү бир логикалык байланыштар дүйнөсү жөнүндө элестетүүлөрдү иштеп чыгуу, аларды өткөрүп берүү максатында фактынын, кубулуштун, идеянын, заттын ж.б.у.с. маанисин, мазмунун өзгөртүп түзүү, кыскартуу, аныктоо мүмкүнчүлүгүн алдын ала аныктайт. Семантикалашпаган фонетикалык белгиси бар жазуунун

чектеринде бул мүмкүнчүлүк өнүгүүнүн бардык этаптарын басып өтүп, жеке алсак, өткөрүп берилүүчү мазмунду өткөрүп берүүнүн максаттарына, милдеттерине, алуучунун мүмкүнчүлүктөрүнө ыңгайлаштыруучу бардык түрлөрдөгү жана деңгээлдердеги окуу тексттери түрүндө өзү ишке ашкан. Тескерисинче, эгерде дүйнөнүн ар кандай формаларынын артындагы тутумдук-түзүмдүк курулушту көрбөсөк, анда ар бир кубулуш, ар бир зат, ар бир идея ж.б.у.с. өзү менен бөлүнбөгөн бүтүндүктү беришип, алар толук өткөрүп берүүгө гана жол беришкени көз карашынан кайталангыс болушат. Мисалы, билим берүү тутуму көз карашынан, ар бир текст кайталангыс, ыңгайлаштырылгыс болот, б.а. семантикалашкан жазуусу бар билим берүү тутумдарында окуу тексти идеясынын өзүнүн пайда болуу негизи жок, өз алдынча өндүрүү кызматы гана окуулук катары чыгат. Башкача айтканда, жазуунун семантикалашкандыгы эдукогенездин өзүнүн да, алардын катарына биринчи кезекте окуу китеби кирген билим берүүнүн каражаттары менен усулдарында да кубаттуу фактор катары чыгат.

Инсан көп жагынан билим берүү тутуму тарабынан калыптандырыларын эске алып, биз өлкөбүздүн билим берүүсүн өнүктүрүп жана реформалап жатып, Кыргызстандын ар бир жаранынын аң-сезими – Кыргызстандын өзүнүн стратегиялык кызыкчылыктарынын чөлкөмү экенин, ал эми кыргыз тилин өздөштүрүүнүн сапаты – аймактарды жана улуттарды бирдиктүү кыргыз мамлекеттик мейкиндигине жуурулуштуруу фактору, биздин коомубузду сактоонун жана өнүктүрүүнүн фактору экенин түшүнүүгө тийишпиз.

## АДАБИЯТТАР:


1. Алексеев П. В., Панин А. В. Философия. – Учебник. М., 1997, с. 566.

2. Антропономия. Нижний Новгород, 1991, 172 с.

3. Всемирная история. М., 1955, т. I, 748 с.

4. Гагаев А. А., Гагаев П. А. Русские философско-педагогические учения XVIII-XX веков: Культурно-исторический аспект. - М., 2002. – С. 68.

5. Гершунский Б. С. Философия образования для XXI века. М., 2002, 512 с.

6. Глуздов В. А. Наука и учебный предмет: методологический анализ взаимосвязи. Нижний Новгород, 2000, 168 с.

7. Давыдов В. В. Проблемы развивающего обучения. М., 1996.

8. Долженко О. В. Очерки по философии образования. М., 1995, 240 с.

9. Зеленов Л. А. Система философии. Нижний Новгород, 1991, 128 с.

10. Ильин В. В. Философия. М., 1999, 384 с.

11. Ильин В. В. Теория познания. Эпистемология. М.: Изд-во МГУ, 1994, 136 с.

12. Кобзев А. И. Каноны как учебники и учебники как каноны в традиционной культуре Китая // Проблемы школьного учебника, Вып. 19, М., 1990, с. 32 - 49.

13. Монро П. История педагогики. Часть. I, М., 1913.

14. Огурцов А.П. Дисциплинарная структура науки. Изд-во «Наука», 1988 г.

15. Пищулин Н. П., Огородников Ю. А. Философия образования. М., 1999, 232 с.

16. Розин В. М., Булдаков С. К. Философия образования. Кострома, 1999, 283 с.

17. Семенцов В. В. Учитель и книга в древнеиндийской культуре // Проблемы школьного учебника, Вып. 19, М., 1990, с. 10 - 31.

18. Философия. - Курс лекций. М., 1997, с. 384.0

19. Философский энциклопедический словарь. М.,1999, с. 576.

20. Шимина А. Н. Философские основы образования. Воронеж, 3 1999, 118 с.

**КАСАБОЛОТОВА Г. А.**

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ

## ЛЕКЦИЯЛАР КУРСУ

Жооптуу редактору:
*Д. Ж. Арыпбекова*

Тех. редактору: *А. Кыдыралиев*

Корректору: *Г. Касаболотова*

Компьютердик калыпка салган:
*Б. Өмүров*

Басууга 20.05.2026-ж. кол коюлду.
Офсеттик басуу. Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 7,5 б.т. Нускасы 100 даана. Заказ № ______.

«__________» басмаканасында басылды.